**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:372.882 (575.2)(043.3)**

**Имаралиева Жамила Рахманалиевна**

# «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы (орто мектептин мисалында)

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган
**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчиси:**
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Үкүева Бүшарипа
Кожояровна.

**Ош-2024**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**......................................................................................................3

**БИРИНЧИ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУНУН ЖАҢЫ МАСЕЛЕЛЕРИ**

1.1. «Жамаат», «жамааттык» (коллектив, коллективизм) түшүнүктөрүнүн философияда, психологияда, социологияда жана педагогикада изилдениши........................................................................................10

1.2. «Манас» эпосун орто мектепте окутуунун тарыхы жана анын педагогикалык-методикалык жактан иштелиши...........................................32

1,3. «Манас» эпосунда жамааттык идеялардын берилиши жана аларды эпосту окутууда үйрөтүүнүн мааниси...................................................................60

Биринчи бап боюнча корутунду ..................................................................72

**ЭКИНЧИ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Изилдөөнүн материалдары.......................................................................76

2.2. Изилдөөнүн методдору...........................................................................83

2.3. Педагогикалык эксперименттин иш-аракеттери жана алардын жыйынтыктары............................................................................................94

Экинчи бап боюнча корутунду ...................................................................107

**ҮЧҮНЧҮ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИНИ ЖОГОРУЛАТУУНУН МЕТОДИКАСЫ**

3.1. «Манас» эпосун окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатууга багыттап окутуунун методологиялык негиздери..................109

3.2. «Манас» эпосун окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатууга багыттап окутуунун каражаттары (тексттер).........................127

Үчүнчү бап боюнча корутунду ...................................................................160

**ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ**.............................................................................161

**ИЗИЛДӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫНАН ЧЫККАН ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**........................................................................................163

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.................................165

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ааламдашуунун арааны жүрүп, мурдагы чек ара түшүнүгү өзүнүн маанисин жоготуп, бүт адамзат каалаган маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп турган учурундагы маалыматтардын арасында ар кандай мазмундагы түшүнүктөр (диний, илимий, коомтаануучулук, улуттук мамилелер, таалим-тарбия ж.б.) кездешет. Мындан, максатка ылайык, жаш муундардын инсан катары калыптанышына жагымдуу таасирин тийгизүүчү маалыматтарды иргеп алуу жоопкерчилиги билим берүү системасында мугалимдин мойнуна жүктөлө тургандыгы анык.

Бул өңүттөн алганда, коомдо гуманизм, толеранттуулук, жамааттык жоопкерчиликти калыптандыруу – учурдун өктөм талабы. Бирок, тарыхка кайрыла турган болсок, кыргыз эли тээ байыртадан эле жамаатташып жашап келгендиктен, «Эл – мазар, элден чыккан – азар», «Көп түкүрсө, көл бөлөт», «Туулган жердин топурагы – алтын», «Адам болоор кишинин адам менен иши бар, адам болбос кишинин адам менен неси бар», – деген сыяктуу накыл сөздөр жаралып, ушул мезгилге чейин актулдуулугун жоготпой келе жатат.

Учурда адамзаттын алдында, айрыкча, бизге окшогон аз сандуу улуттар үчүн, ааламдан жок болуп кетпей, өздөрүнүн адамдык кадыр-баркын сактап жашап калуу эң башкы максатка айланды. Мындай кырдаалда таалим-тарбия коомдун өнүгүүсүнөн бүгүнкүдөй артта калбай, мезгил менен тең кадам таштоого умтулуп, алдыда жүрүүсү –мезгил мерчеми экендигин эске алуу менен мектеп окуучусу ар кандай жаңы жагдайларда өзүн жоготпой, келечегин көрө билип аракеттенүүгө, өз заманын өнүктүрүүгө салымын кошо алгыдай таалим-тарбия алышы керек. Бул позициядан алганда, ар бир мектеп бүтүрүүчүсү коомдук турмушка жуурулушуп, аралашышы зарыл. Башкача айтканда, ааламдашуу шартында инсандык укук менен адамзаттын тагдырынын жоопкерчилигин сезүү, ар бир жарандын эркин өнүгүүсү менен бардык адамдардын бир коомчулукка интеграцияланышып, гуманисттик дөөлөттөргө негизделген мамилелерди түзө билүүсүн жаратууга умтулушу шарт.

Ошондуктан, мектепте окуучу ар түрдүү турмуштук милдеттерди чечүүгө зарыл болгон билимдин эки түрүнө: курчап турган айлана-чөйрөдөгүлөр жөнүндөгү билимге (бул эмне?) жана иш-аракеттин ыкмалары же процесстер жөнүндөгү билимге (буларды кантип колдонуу керек) ээ болушу абзел. Бул жерде мугалимдин милдети – окуучу чыныгы баалуулуктарды жалгандан ажырата билгендей, ошого карай аракеттенүүлөрүнө өбөлгө түзгөндөй иш алып баруусу зарыл. Азыркы күндөгү мектеп окуучулардын алган билимдерин турмушта колдоно билүүлөрүн, ал аркылуу жеке сапаттарын өнүктүрүп, коомдо татыктуу жашоо мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу максаты коюлууда. Андыктан, орто мектептин окуучуларын жамааттык жоопкерчиликке тарбиялоодо «Манас» эпосундагы сюжеттик окуялар, кыргыз элинин асыл баалуулуктары менен окуучулардын маданий- руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багыттагы ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө болот.

Мындан келип, ата-бабаларыбыз уул-кыздарына турмушка керектүү билим жана тарбияны беришкендигин билебиз. Бирок, бул жерде мектеп болбосо, атайын даярдалган тарбиячылар болбосо, эмненин жардамы аркылуу бул милдетти жүзөгө ашырышкан? – деген суроонун туулушу– мыйзам-ченемдүү.

Буга жооп, элдик акыл-кенч казыналары (макал-лакап, табышмак, санат-насыят, терме ырлар, жаңылмач, уламыш, жөө жомоктор, жомоктор) аркылуу уул-кыздарына жол көрсөтүп, алардын бул турмуштагы орду, кызмат-милдети жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырышкан. Албетте, булардын туу чокусунда «Манас» эпосу турары анык. Уулдарын Манастай мекенчил, кыздарын Каныкейдей акылгөй, уз кылып тарбиялоого умтулушкан. Бекеринен, эпосту изилдешкен окумуштуулар «Манас» – кыргыз элинин энциклопедиясы», – деп баа беришкен эмес.

«Манас» эпосун жазып алуу, изилдөө XIX кылымдын II жарымынан башталып (Ч.Валиханов, В.В.Радлов), советтик учурда – XX кылымдын 30-жылдарында активдүү улантылгандыгы, эпостун изилдеген бир топ

интеллигенция өкүлдөрү куугунтукка да алынган, 1952-жылдагы «Манас» эпосунун элдүүлүгү тууралуу конференциядан кийин ал ар тараптуу изилдөөнүн предметине айланган. Алсак, адабият таануу багытындагы Э.Абдылдаев, Р.З.Кыдырбаева, А.Акматалиев, К.Асаналиев, М.Борбугулов, А.Жайнакова, К.Кырбашев, М. Мамыров, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков, О.Сооронов, Ж.Орозобекова ж.б. манастаануучулардын илимий эмгектери ага мисал.

Эпостогу педагогикалык идеялар Т.Ормонов, Г.Абдымомунова, А.Алимбеков, Ф.Баитова, С.Иптаров, А.Муратов ж.б. окумуштуулар тарабынан изилденген.

«Манас таануу» курсу боюнча С.Байгазиев, Б.Исаков, С.Бегалиев, К.Калчакеев, Т.Танаев, Г.Орозова, Т.Бакчиев ж.б. педагог-методисттер окуу программаларын түзүп, окуу китептерин жана окуу колдонмолорун жазышты.

Ошондой эле М. Мадумарова «Манас» эпосун тарых предмети менен интеграциялап окутуу», Н.Тахирова «Манастаануу» курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» деген темаларда кандидаттык жана А.Зулпуев «Жождордо «Манас» таануу курсун окутуу» деген темада доктордук диссертацияларын коргошкон. Албетте, бул илимий-методикалык изилдөөлөрдө «Манас» эпосун мектептерде, колледждерде жана жождордо окутуу проблемасы ар тараптуу изилденген.

Бирок, жогоруда аталган эмгектерде окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандыруу темасы атайын сөз кылынып, илимий иликтөөгө алынган эмес. Ошондуктан, биздин тема − бул диссертациялык иликтөөлөр менен байланышта болгону менен бир топ орчундуу айырмачылыктарга ээ.

Мектеп мугалимдери менен аңгемелешип, пикир алышып, эксперимент жүргүзүп, өзүбүз иликтеген теманы мектепте окутууда төмөндөгүдөй карама-каршылыктар орун алганын аныктадык:

«Манас» эпосун мектептерде бир топ жылдардан бери окутулуп келсе да эпостогу чагылдырылган тарыхый, көркөм, адеп-ахлактык проблемаларды ар тараптуу камтыган окутуунун заманбап технологияларынын иштелип чыгылбагандыгы; бул багытта иштеп жатышкан чыгармачыл мугалимдердин алдыңкы иш тажрыйбаларынын үйрөнүлбөгөндүгү жана жайылтылбагандыгы; «Манас» эпосунда жамааттык жоопкерчилик жана толеранттуулук темасы кеңири чагылдырылган болсо да, аларды окуучуларга үйрөтүү методикасынын иштелип чыгылбагандыгы; «Манас» эпосу аркылуу этномаданий, коммуникативдик, педагогикалык-дидактикалык негизде окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандыруу проблемасынын атайын изилденбегендиги жана бул тема боюнча методикалык иштелме, сунуштардын иштелип чыкпагандыгы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды чечүү үчүн изилдөөнүн проблемасын аныктап, темабызды «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикасы» деп атадык.

«Калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин» - дейт Манас. Демек, «Манас» эпосу, балдарды коомчул, жамаатчыл жоопкерчиликтерин калыптандырууда, аларды «чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган», элдик кызыкчылыктарды биринчи планга коюунун духунда тарбиялоодо өзүнчө бир түгөнгүс руханий ресурс катары алганда биздин илимий темабыз **актуалдуу.**

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгынын, «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашырууга жана ОшМУнун филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын илимий-изилдөө иштери, байланышат.

**Изилдөөнүн максаты** – «Манас» эпосун окутуу аркылуу орто мектептин окуучуларынын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методикалык-технологиясын иштеп чыгуу, аны илимий-теориялык жана эксперимент түрүндө тастыктоо менен натыйжаларын практикага сунуштоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Изилдөөгө тиешелүү философиялык, адабият таануучулук жана педагогика-психологиялык, методологиялык адабияттарды үйрөнүү, историографиясын талдоого алуу;

2. Орто мектептерде окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу аспектисинен «Манас» эпосун мектептерде окутуунун абалын аныктоо;

3. «Манас» эпосун орто мектептерде окутууда жамааттык жоопкерчилигин өстүрүүгө база болуп бере турган эпостогу рухий-адептик, патриоттук ресурстарын үйрөнүү жана аныктоо;

4. «Манас» эпосун окутуу аркылуу окуучулардын жамааттык сезимдерин жогорулатууга эффективдүү кызмат кыла турган методдорду иштеп чыгуу, тажрыйбадан өткөрүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:**

- Кыргызстандын рынок системасынын шарттарында өсүп келе жаткан жаштарда өзүмчүл, пайдакечтик башталмалар өсүш алып жаткан кырдаалда «Манас» эпосунун мекенчил, жамаатчыл руханиятын жаш муундардын жан дүйнөсүнө трансформациялоону объект кылып алгандыгында жана мектеп балдарын жамаатчыл жоопкерчиликтүү духта социалдаштыруунун методикасы биринчи жолу иштелип чыгылгандыгында.

- Мамлекеттүүлүгүбүздү бекемдей турган жамаатчыл жоопкерчиликтүү, мекенчил менталитетти өстүрүүнүн эффективдүү методикалык- технологиясын жараткандыгында жана анын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу тастыкталгандыгында.

- «Манас» эпосунун окуу программаларына кирүү тарыхы аныкталгандыгында жана «Манас» эпосу боюнча эгемендүүлүктүн

жылдарында жаралган педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн мазмуну, методикалык маңызы, биринчи жолу чечмелегендигинде.

- Окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин өстүрүү зарылдыгынын контекстинде мектептердеги эпостун окутулуш тажрыйбасы, абалы анализделгендигинде жана жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун ыкмалары, жолдору өндүрүшкө сунушталгандыгында.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** «Манас» эпосун орто мектептерде окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандырып окутуу боюнча берилген сунуштар мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатууга, окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин өстүрүүгө карата теориялык жана практикалык конкреттүү сунуштарды, ык-жолдорду көрсөтүп, сабак процессинде колдонууга сунуш кылынгандыгында.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. «Жамаат», «жамааттык» түшүнүктөрдү жана аларды окуучуларда калыптандырып, өркүндөтүүнүн мааниси жана зарылдыгы.

2. «Манас» эпосунунун жамаатчыл, коомчул, мекенчил баалуулуктарын окуучулардын жан дүйнөсүнө трансформациялоонун методологиялык негиздери.

3. «Манас» эпосунун негизинде мектеп окуучуларын жамаатчыл патриоттук сезимдерге, элдик кызыкчылыкты жогору коюуга тарбиялоонун методикалык каражаттары, формалары жана ык-жолдору.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандырууну өркүндөтүү проблемасы соңку талаптарга ылайык кыргыз педагогикасында жекече иштелип, педагогикалык эксперименттер изденүүчү тарабынан жүргүзүлүп алынган натыйжалар практикага сунушталды.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо (апробациялоо)**:

Диссертациялык изилдөө ишинин жүрүшү жана алынган натыйжалары

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинде, Ош мамлекеттик университетинде ж.б. окуу жайларда өткөн республикалык, эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, симпозиумдарда талкууланды. Ата Мекендик жана чет өлкөнүн илимий басылмаларында жарыяланды. Ош мамлекеттик университетинин филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланды. Ж.Баласагын атындагы КУУнун, И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы диссертациялык кеңеште алдын-ала коргоодон өттү.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы –** 1. Баткен областтык гимназия –жатак- мектеби, 8-класстар 96 окуучу.

2. Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык гимназия билим берүү комплекси, 8-класстар 83окуучу

3. Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы 8-класстар 148 окуучу

4. Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон районундагы Мундуз айылындагы Жоробек Сулайманкулов атындагы орто мектеби 8-класстары 62 окуучу алынды

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** Диссертациянын негизги мазмуну 13 макалада чагылдырылып, анын сунуш-жоболору КР УАК талап кылган РИНЦ статусу бар 10, чет өлкөлүк 2 жана 1 XI эл аралык илимий-практикалык симпозиумдун жыйнагында чагылдырылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:**

Илимий иш киришүүдөн, үч главадан, ар бир главага жазылган корутундулардан, жалпы корутунду жана практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Эмгектин жалпы бети– 178, пайдаланылган адабияттардын тизмеси 160, таблицалар – 9, сүрөттөр – 3

# БИРИНЧИ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУНУН ЖАҢЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. «Жамаат», «жамааттык» (коллектив, коллективизм) түшүнүктөрүнүн философияда, психологияда, социологияда жана педагогикада изилдениши

Изилдөөбүздүн максатына ылайык орто мектептин окуучуларынын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу жөнүндө сөз кылуудан алдын «жамаат» деген сөздүн маанисин аныктоого туура келет.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө **коллектив** – жамаат– иши жана жалпы кызыкчылыгы боюнча биргелешкен, бир мекемеде, бир окуу жайында чогуу иштеп, окуп жүргөн адамдар тобу, жамаат делинет [91,875]. **Этика боюнча сөздүктө коллективим** – жамаат–(лат. colletivus – бирге чогулуу) – коммунисттик адептиктин негизги принциптеринин бири, ал айрым адамдын жана жалпысынан коомдун, инсандын жана коллективдин өз ара мамилелерин ачып көрсөтөт [160,127]. **Ал эми философиялык сөздүктө коллективизм -** (лат.colletivus-собирательный) – принцип общественной жизни и деятельности людей, противоположный индивидуализму [154,181] делинсе, пропагандисттин кыскача педагогикалык сөздүгүндө **коллективизм** – характерная особенность общественных отношений, основанных на общественной собственности на средства производство и отсутствии эксплуатация человека человеком- деп айтылат [77,93]. Философиянын кыскача сөздүгүндө **коллективизм** (лат.colletivus-собирательный) – отношения между людьми, основанные на единстве их коренных интересов, и соответствующее этому единству общественное сознание, которое выражается в преданности людей общему делу, в чувстве высокой ответственности перед коллективом, в солидарности, в постоянной готовности оказать бескорыстную помощь другим и т.д. [78,142]

**Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгүндө коллектив –** социалдык баалуу иш-аракет процессинде өнүгүүнүн жогорку

деңгээлине жеткен, жалпы максат жана милдет аркылуу бириккен адамдардык тобу деп айтылса, **Коллективизм –** индивиддин умтулуусунан коллективдин максаттары менен кызыкчылыктарына артыкчылык берүүчү, группалык биригүүнүн эң жогорку деңгээли менен мүнөздөлүүчү нравалык принцип деп айтылат[119,294-295]. **Өздөштүрүлгөн сөздөрдүн сөздүгүндө коллектив** (ор.-лат.) – белгилүү бир мекемеде же ишканада бирге иштешкен, максатташ, тилектеш адамдардын тобу делинет [132,156]. **Советтик энциклопедиялык сөздүктө коллектив** – (лат.colletivus-чогулткуч) – конкреттүү коомдук милдетти чечүү боюнча иштеп жаткан адамдарды бириктирген, башкаларга салыштырганда аздыр-көптүр жыйнактуу социалдык топ (эмгек, окуу, турмуш-тиричилик, аскер, спорт коллективдери ж.б.); максаттардын жалпылыгына, социалдык кызматташтыктын принциптерине негизденет, жеке адам менен коомдун кызыкчылыктарын айкалыштырат деген аныктама берилет [142,362].

Кыскача илимий коммунизм боюнча сөздүктө **коллективизм -** сущность свободных от социальных отношений, в основе которых лежит превращение средств производства в общее достояние трудящихся обусловливающее общность их коренных интересов; принцип идеологии и морал, соответствующий этим отношениям [79,145].

**Философиялык-энциклопедиялык сөздүктө коллективизм** - общность, товарищеское сотрудничество, солидарность людей, их преданность общественным интересам,основанная на сознательном подчинении личных интересов интересам общественным [154, 214-215].

Психологиялык сөздүктө **коллектив** (в социальной психологии) - особого рода общность людей, свойственная социалистическому образу жизни и получающая в нем нанибольшее развитие деген аныктама берилет [134,152-153].

Ошентип, жамаат – *жамаатчылык* – бул индивидуализмге каршы принцип катары бир катар тарыхый формаларга ээ болуу менен коомдун

өнүгүшү инсандын өнүгүшүнө жагымдуу жагдай жаратып, ал эми инсандын өнүгүүсү коомдогу прогресске өбөлгө түзгөн. Жамаатчылык принцибинен улам адамдардын ортосундагы мамилелерге коюлган негизги талаптар катары:

а)жолдоштук, өз ара бири-бирине жардамдашуу, коом алдындагы милдетин аңдап-сезүү жана аткаруу;

б)жеке кызыкчылыгын коомдук кызыкчылык менен айкалыштыруу;

в) жамааттагы тең укуктуулук;

г) жамаат жана анын чечимин сыйлоо, өзүнүн жана жолдошторунун кылык-жоругу, жүрүм-туруму үчүн жамаат алдындагы жоопкерчилигин аңдап-сезүү эсептелет. Демек, мындан жамаат адамга кам көрөт, анын керектөөлөрүн канааттандырат, инсандык шык-таланты менен күчүнүн калыптанышына шарт түзөт. Жамаатчылык принциби адамдардын ортосундагы индивидуалдуу өзгөчөлүктөрдү жокко чыгарбайт. Тетирисинче, жамаатта адам өзүнүн бүт болгон шык-жөндөмү менен талантын өнүктүрүү менен көрсөтө алат. Маселен, «Манас» эпосунда жамаатчылык (жамаатизм) «Тирүү болсок, бир дөбөдө, өлсөк бир чуңкурда бололук», − деген ант менен бекемделип, баатырдын патриоттуулугу, толеранттуулугу укумдан-тукумга оозеки айтылып, жазылып, изилденип келе жатат. Бирок «жамаат», «жамааттуулук» жөнүндө атайын илимий иликтөө азырынча жок. Чындыгында, кыргыз эли байыртадан «жамааттащып» жашап келгендиктен, жамаат түшүнүгү эл, журт башын бириктирүүнү түшүндүрөт. Ошондуктан, жети атасын билүү, өз уруусун сыйлоо – жамаатчылыктын башаты болуп саналгандыгы иликтөөбүздүн актуалдуулугун далилдейт. Мындан келип, жалпылап айтканда, негизи. жамаат түшүнүгү төмөнкү белгилерди өзүнө камтыйт:

а) кандайдыр бир топтун биргелешкен аракетин;

б) ал аракеттердин биргелешип аткарылышын жана өз ара бири-бирине жардамдашуусун;

г) уюшкандыктын биримдүүлүгүн көрсөтүү менен жамааттын жеке курамына жана анын мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарына, алардын өз ара мамилелеринин принципиалдуулугу менен чынчылдыгына, жетекчинин компетенттүүлүгү адамдын жүзүнө карабай, ишине карап баа бере билүүсүнө, жамааттын ар бир мүчөсүнүн оюн уга билүүсүнө, өз бийлигин ашыкча колдоно бербөөсүнөн көрүнөт. Анткени, «жамаат»:

1) ар кандай уюшулган адамдардын тобу;

2) аларда жалпы социалдык маанилүү максаттын болушу;

3) жамааттын максаты сөзсүз түрдө коомдун максатына дал келип, коом жана мамлекет тарабынан колдоого алынып, жетекчиликке алынган идеологияга, конституцияга жана мамлекеттин мыйзамдарына каршы келбеши керектиги;

4) коюлган максатка жетүү үчүн жалпы биргелешкен иш-аракеттин болушу, ал иш-аракеттин жалпы уюштурулушу;

5) жамааттын ар бир мүчөсү − биргелешкен иш-аракетке активдүү катышууга милдеттүүлүгү, биргелешкен иш-аракеттин натыйжалары эң жогорку жоопкерчиликтүүлүгү менен айырмаланышы;

6) бири-бирине жоопкерчиликтүү көз карандылык мамиледе жамааттын мүчөлөрүнүн ортосундагы максат менен иш-аракеттин биримдигин чагылдырган мамиле эмес, максат жана иш-аракет байланышкан толгонуулардын, баа берүүлөрүнүн биримдиги аркылуу байланышкан моралдык биримдик өзгөчө атайын мамиледе түзүлүнгөндүгү.

Бул белгилердин кээ бирлери тайпалык бирикмелердин башка түрлөрүнө да (ассоциация, корпорация ж.б.) таандык болушу мүмкүн, бирок бул белгилер жамаатты уюштурууда өзгөчө ачык көрүнөт.

Аталган белгилерден сырткары жамаат өтө маанилүү өзгөчөлүктөр менен да айырмаланат: бул – ички жамааттык жагдайды, психологиялык климатты, жамааттын мүчөлөрүнүн өз ара мамилелеринин мүнөзүн чагылдыргандыгы менен аныкталат. Мындай мүнөздөмөлөрдүн бири – бекем баш кошушкандыктары, бири-бирин түшүнө билишкендиктери, бири-

бирине жөлөк болгондуктары, жамааттын мүчөсү экендигин ар дайым эске тутушкандыктары. Жамаатта бири-бирине жардамдашуу, бири-биринин алдында жоопкерчиликтүү экендигин сезүү, чын жүрөктөн мамиле кылуу, кеңпейилдик, жоомарттык, туура сын айтуу жана өзүн өзү сындоо, мелдешүү ачык көрүнөт. Формалдуу кызматташкан адамдардын тайпасы жогоруда саналган белгилерсиз эле түзүлөт, ал эми жамаат буларсыз өзүнүн артыкчылыктарынан ажырап калат.

Жогорудагы саналган белгилерге толук ээ жамаатта эмгекке, адамдарга, өзүнүн жеке жана коомдук милдеттерине карата аныкталган мамилелердин системасы калыптанат. Ынтымактуу, бекем баш кошкон жамаатта мамилелердин системасы жеке жана коомдук кызыкчылыктар акыл-эстүүлүк менен айкашууга, жекени коомдукка баш ийдирүүгө негизделет. Мындай система өзүнүн милдетин түшүнгөн, субьективдүү жана обьективдүү тоскоолдорду жеңе билген, жамааттын ар бир мүчөсү ачык жана ишенимдүү позицияны ээлеген жагдайды жаратат.

Белгилөөчү нерсе, «Манас» эпосунун ички мазмуну боюнча биз мисалга алган сабактардын презентацияларынан бул аныктамалар ачык көрүнөт. Ага кайра токтолуунун зарылчылыгы жок.

Мектеп жамаатынын расмий структурасында өтө стабилдүү звено бул – класс жамааты, мына ушунун чегинде окуучулардын негизги иш-аракеттери – окуу процесси жүрөт. Класстык жамаатта окуучулардын ортосунда жеке инсандык байланыш менен мамилелердин бекем байланышы түзүлгөндүгү класстын тапшырмаларды аткаруудан, жамааттык иш-аракеттеринен жана алар талдоого алган эпостун сюжеттик окуяларынан таанып билүүгө болот. Мындан келип, жамааттын саналган белгилерин мектептик класста проектирлөө аркылуу окуучулар жамааты – бул коомдук маанилүү жалпы максат, иш-аракет, мына ушул аракетти уюштуруу аркылуу бириккен, жалпы шайлоо органдарына ээ, тыгыз баш кошушкандыгы, жалпы жоопкерчиликтүүлүгү, бардык мүчөлөрдүн укук

менен милдеттеринин толук теңдигине негизделген окуучулардын тайпасы – жамааты деген жыйынтык чыгарууга болот.

Көрүнүктүү педагог А.С.Макаренко жамаат теориясын иштеп чыккандыктан, анын калемине көптөгөн педагогикалык жана көркөм чыгармалар жаралган. Аларда ал жамааттык тарбиянын методикасы майда-чүйдөсүнө чейин иштөөнүн, жамаатты этап боюнча тарбиялоонун ырааттуу технологиясы иштелип чыгып, жамааттын жашаш мыйзамын: (кыймыл – жамааттын жашоосунун формасы, токтоп, туруп калуу – анын өлүмүнүн формасы); анын өнүгүшүнүн принциптерин аныктап, атайын (ачыктык, маанилүү жоопкерчиликтүүлүк, перспективалуу сызыктар, параллелдүү аракеттер); жамааттын калыптанышынын этаптарын (стадияларын) бөлүп көрсөткөн.

Жамаат болуу үчүн тайпа сапаттык кайра куруулардын татаал жолун басып өтүшү керек. Макаренко бул жолдун бир канча стадияларын бөлүп көрсөткөн:

*Биринчи стадия* − жамааттын калыптанышы (алгачкы жолу биригүү стадиясы). Бул мезгилде жамаат уюштурулуп жасалган тайпаны (класс, ийрим ж.б.) жамаатка айландырууга умтулган педагогдун тарбиялык чымырканган эмгегинин максаты катары чыгат, тактап айтканда, мында окуучулардын мамилелери алардын биргелешкен иш-аракеттеринин мазмуну, максат, милдети, баалуулуктары аркылуу аныкталат. Жамаатты уюштуруучу − бул педагог, максаттын бардык тараптары ал аркылуу коюлат. Биринчи стадия аягына жетти деп эсептелет, качан гана жамааттан актив бөлүнүп чыгып, иштей баштаса, тарбиялануучулар жалпы максаттын, иш-аракеттин жана жалпы уюштуруунун негизинде биригишкендигинде.

*Экинчи стадияда* активдин (лидердин) таасири күчөйт. Мында актив педагогдун талабын колдоп гана тим болбостон, ал өзү: эмне жамааттын кызыкчылыгына жооп бербейт, эмне пайда алып келээрине карап, жамааттын мүчөсүнө талап кое баштайт. Эгер активдер жамааттын керектөөлөрүн туура түшүнүшсө, анда алар педагогдун ишенимдүү

жардамчыларына айланышат. Бул этапта актив менен иштөө педагогдун тыкыр көз салуусун талап кылат.

Бул стадияда жамааттын структурасы стабилдешип, ал бүтүн система катары чыгат, мында өзүн-өзү уюштуруу жана өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдери аракетке түшөт. Жамаат ар бир окуучудан жүрүм-турумдун аныкталган нормаларын талап кыла баштайт, болгондо да талаптардын чеги да кеңейет. Ошентип, коллективдин калыптанышынын экинчи этабында жамаат инсандын аныкталган сапаттарын максаттуу тарбиялоонун инстурментине айланат.

Бул стадиядагы педагогдун эң негизги максаты – жамааттын түзүлүшүнө себеп болгон милдеттерди чечүү үчүн жамааттын мүмкүнчүлүктөрүн болушунча максималдуу колдонуу. Практикалык жагынан алганда, жамаат тарбиялоонун субъекти катары өнүгүүнүн ушундай деңгээлине көтөрүлөт, жамаат ар бир окуучунун индивидуалдуу өнүгүшү үчүн колдонууга мүмкүндүк жаратат. Инсандын оң сапаттарын стимулдаштыруучу жамааттын ар бир мүчөсүнө сый-урмат менен мамиле кылуунун жалпы жагдайы, педагогикалык жетекчиликтин жогорку деңгээли аркылуу жамаат инсандын социалдык маанилүү сапаттарынын өнүгүшүнүн каражатына айланат.

Жамааттын өнүгүшүнүн бул стадиясы төмөндөгү карама-каршылыктарды жоюу менен байланышат: жамаат менен жеке окуучунун ортосундагы карама-каршылыкты, окуучунун талабы жамааттыкынан алга озуп кетет, же жамааттан артта калат, жалпы жана индивидуалдуу перспективлардын ортосундагы; жамааттагы жүрүм-турум нормалары менен класстагы стихиялуу калыптанган нормалардын ортосундагы; ар түрдүү баалуулук ориентацияга ээ окуучулардын айрым топторунун ортосундагы карама-каршылык ж.б. Мына ушуларга байланыштуу жамааттын өнүгүшү секирик, токтоп калуу, артка кетүү менен коштолот.

*Үчүнчү жана кийинки стадиялар* жамааттын гүлдөшү менен мүнөздөлөт. Бул стадиядагы жамааттын өнүгүшүн деңгээлин баса көрсөтүү

үчүн жамааттын мүчөлөрүнүн өзүнө койгон талабы жолдошуна койгон талаптан жогору экендигин белгилөө жетиштүү. Мына ушунун өзү эле тарбиялуулуктун жогорку деңгээлин, көз караштардын, ой жүгүртүүлөрүнүн, адат-көнүмүштөрүнүн туруктуулугун далилдейт. Эгер жамаат өнүгүүнүн бул стадиясында жогорудагыларга жетише алса, анда ар тараптан өнүккөн нравалуу инсанды калыптандыра алат. Жалпы тажрыйба, окуяларга бирдей баа берүү – үчүнчү стадиядагы жамааттын өтө мүнөздүү сапаты жана негизги белгиси.

Жамааттын өнүгүү процесси – бул бир стадиядан экинчисине бир калыпта өтүү процесси эмес. Стадиялардын ортосунда так аныкталган чектер жок, анткени кийинки стадияга өтүү мурдагынын чегинде жүрөт. Ар бир кийинки стадия бул процессте мурдагыны алмаштырбайт, аны толуктайт. Жамаат өнүгүүсүндө өнүгүүнүн өтө жогорку деңгээлине жетсе да, токтоп калышы керек эмес, жана токтоп кала да албайт, ошондуктан айрым педагогдор жамааттын калыптанышынын төртүнчү, бешинчи стадияларын да мүнөздөшөт. Бул стадияларда окуучу жамаатта тажрыйбаны жакшы өздөштүргөндүктөн, өзүнө аныкталган талаптарды коет, нравалык нормаларды аткаруу анын өзүнүн керектөөсүнө айланып калат, тарбиялоо процесси өзүн-өзү тарбиялоо процессине өтөт.

Жамааттын өнүгүшүнүн бардык стадияларында ар түрдүү традициялар пайда болот жана бекемделет. Традицияларды чоң жана майда деп бөлүүгө болот. *Чоң традициялар* – бул өтө кеңири массалык окуялар, аларды даярдоо жана өткөрүү өзүнүн жамааты менен сыймыктануу сезимин жаратат, өзүнүн күчүнө ишенүүнү, коомдук пикирге сый менен мамиле кылууну пайда кылат. *Майда, көнүмүш, күндөлүк традициялар* масштабы боюнча чакан болгону менен тарбиялык таасири бир топ эле маанилүү болот. Алар жүрүм-турумдун туруктуу адаттарын иштеп чыгуу аркылуу кабыл алынган тартипти сактоого мүмкүндүк жаратат. Традициялар алмашат жана жаңыланат. Жамааттын алдына коюлган жаңы милдеттер жаңы традициялардын пайда болушуна өбөлгө түзөт.

Жамаат менен инсандын ортосундагы мамиле жөнүндөгү маселе – түйүндүү маселелердин бири, тарбиялоону демократиялаштыруу, адамдын эркиндиги менен укуктарын сактоонун шартында ал өтө зор мааниге ээ болот. Көптөгөн жылдардан бери тарбиялануучунун инсандыгын жамааттын таасири аркылуу калыптандыруу маселелси биздин педагогикалык адабияттарда чагылдырылбай келет. Буга чейин инсан жамаатка сөзсүз баш ийиши зарыл деп ырасталган. Азыр философиянын адам жөнүндөгү терең концепциясына жана педагогикалык практиканын дүйнөлүк тажрыйбасына таянуу аркылуу жаңы, мезгилдин духуна жооп берген чечимди издөөгө туура келүүдө.

Тарбиялануучуну жамааттык мамилелердин системасына аралаштыруу татаал, бир жактуу эмес, айрым учурларда карама-каршылыктуу да, эң негизгиси − өтө индивидуалдуу. Окуучулар − жамааттын келечектеги мүчөлөрү бири-биринен ден соолугу, туруш-турпаты, мүнөзүнүн белгилери, адамга жакындыгы, билимдери, көндүмдөрү, кыскасы, көптөгөн башка белгилери жана сапаттары боюнча айырмаланат, ошондуктан алар жамааттык мамилелер системасына ар түрдүү киришет, жамаатка өздөрүнүн таасирлерин тийгизишет.

Жамааттык мамилелердин системасындагы инсандын абалы, негизинен, анын индивидуалдуу социалдык тажрыйбасына көз каранды болот. Мына ушул тажрыйба ой жүгүртүүсүнүн мүнөзүн, баалуулуктар ориентациясынын системасын, инсандын жүрүм-турум сызыгын аныктайт. Ал жамаатта калыптанган жүрүм-турум традицияларына, баалуулуктары жөнүндөгү көз караштарына, ой жүгүртүүлөргө туура келиши да, туура келбей калышы да мүмкүн. Жамааттагы калыптанып калган көз караштарга окуучунун көз карашы туура келип калса, жамааттык мамилелердин системасына инсандын аралашышы бир топ жеңил болот. Окуучунун тажрыйбасы башка болгон учурларда (жарды, же тескерисинче, жамааттын социалдык турмуш тажрыйбасынан бай) анын өз теңтуштары менен мамиле түзүүсү бир топ татаал болот. Өзгөчө анын социалдык тажрыйбасы

жамаатта кабыл алынган баалуулуктарга карама-каршы келсе, анын абалы өтө оор болот. Жүрүм-турум сызыгынын, турмушка көз карашынын карама-каршы келип кагылышы, адатта, ар түрдүү, күтүлбөгөн натыйжаларга алып барышы ыктымал.

Инсан менен жамааттын мамилелеринин кандай болушу инсандын өзүнүн сапатына гана эмес, жамаатка да көз каранды болот. Тажрыйба ырастагандай, жамаат өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетишсе, традицияга, коомдук пикирге, өзүн-өзү башкаруунун кадыр-баркына таянса, анда ал таасир этүүчү күчкө айланып, инсан менен мамиледе жагымдуу жагдай түзүлөт. Мындай жамаат өзүнө кирген мүчөлөр менен нормалдуу мамилени жеңил эле түзө алат.

Ар бир адам чоң же аз энергия менен жамаатта өз ордун табууга, жагымдуу абалды ээлөөгө умтулат, Бирок баары эле буга жетише бербейт: субъективдүү жана объективдүү себептер тоскоол болот. Ар бир эле окуучу өзүнүн жаратылыш тартуулаган мүмкүнчүлүктөрүнө карай көзгө илинерлик ийгиликтерге жетише бербейт, тартынчаактыгын жеңе албайт, өзүнүн баалуулуктар жөнүндөгү ориентациясын жамаатка ыңгайлашып, сын көз менен карап өзгөртө албайт. Өзгөчө башталгыч класстын окуучуларына өтө кыйын болот, аларда али өзүн өзү аңдап-сезүүсү жана өзүнө өзү баа берүүсү, жамааттын, жолдошторунун өзүнө болгон мамилесин туура баа берип баалоо ыкмасы калыптана элек болот, ошондуктан жамааттан өзүнүн жолдошторунун көңүл буруусун жараткан ордун табуу кыйынга турат. Объективдүү себептерге: окуучунун жамааттагы социалдык ролунун диапозонунун тардыгы жана иш-аракеттеринин бир жактуулугу; жамааттын мүчөлөрүнүн карым-катышын уюштуруунун формаларынын коендой окшоштугу жана мазмунунун жардылыгы, бири-бирин түшүнүү маданиятынын жетишсиздиги, жолдошунун жакшы жана кызыктуу жагын көрө билбегендиги кирет.

Илимий изилдөөлөрдө инсан менен жамааттын мамилелеринин өнүгүшүнүн кеңири тараган үч моделин бөлүп көрсөтүп жүрүшөт: 1) инсан

жамаатка баш иет (конформизм); 2) инсан менен жамаат оптималдуу мамиледе болушат (гармония); 3) инсанды жамаат өзүнө баш ийдирет (нонконформизм). Мына ушул жалпы моделдерден өз ара мамилелердин көптөгөн сызыкчалары пайда болот, мисалы: коллектив инсанды жерийт, инсан жамаатты жерийт, бири-бирине тийишпөө принциби аркылуу бирге болот ж.б.

Биринчи модель боюнча, инсан жамааттын талаптарына өз эрки жана каалоосу менен баш иет, жамаатты өзүнө караганда артыкчылык кылуучу күч катары тааныйт, же жамаатка сыртынан формалдуу эле баш ийген түр көрсөтүп, өзүнүн көз каранды эместигин жана индивидуалдуулугун сактап калууга аракет кылат. Эгер жамаатка чындап кирүүнү кааласа, инсан жамааттын баалуулуктарын тааныйт, аларды кабыл алат. Жамаат инсанды толук өзүнө «сиңирип» алат. Мына ушул жерде эпостун өзөк окуяларындагы Манастын балалык кезиндеги 1-эрдигин мисалга алсак болот. Анда Алтайдан калмактар куру намыска алдырып, алтайлык манжулардын айылын талап, тыптыйпыл кылып, олжолоп кетмек болгондо Манжу калмактарынын өкүлү (1-модель боюнча) өлгөн Коруктун баласы Шакум Жакыпка келип:

Алтайлык түпкө жетти –деп,
Айлымды талап кетти-деп,
Аксакал Жакып баатыр-деп,
Алтайлыктан кол келип.
Айлымды талап жатыр –деп, жардам сурап керек болсо:
Короого барып коюп,
Коңшулаш тууган болсок-деп жалынып, жамааттaш тууган-урук дос болууну сунуш кылып өтүнүүсү конфоролизм болгондугун көрөбүз. Ал эми 2-модель боюнча инсан менен бир жамааттын экинчи жамаат менен оптималдуу мамиледе болушуна «Манас» эпосунун өзөк окуяларындагы Манастын балалык кезиндеги эрдиктеринин бири Кытай Нескара Мангуларды (Алтайдагы) басып кирип, талап-тоноп, мал-мүлкүн олжолоп

кетип жатканда Манас баш болгон кыргыздар жардамга келип, Нескараны жеңип, олжолоп кетип бара жаткан мал-мүлкү менен кошо кыз-келиндерин кайтарып беришкенде Мангулуктардын билерман аксакалдары Үйжүн, Үмөт, Жайсаңбайлар, Жакып баш болгон кыргыздарга:

Аксакал алаканыда,
Абийир берсин баарыңа.
Жутсаң жумуруңдабыз,
Журт болуш мындан да артык
Эл кылыңыз бизди да- дешет. Ошондон кийин мангулар кыргыздардын ичинде бир уруу түзүп жашап калышат.

3-модель боюнча жамаат инсанды өзүнө баш ийдирет.

Үчилтиктин сюжетинде ар дайым башка мүшкүл иш түшкөндө, же Манас Ала-Тоону душмандардан бошотууга аттанганда чогулган 600 миң колдун ичинде калмактардан Мунар кан, Кара-Кыш шаарынан Буурчак, Джалатан шаарынан Кастын, Уйгурлардан Бегиш, Көгүш, Төлөк, Казактардан Айдаркандар катышууга камынып, кандыкты Айдарканга бериши достуктун туу чокусу, ынтымактын бекем белгиси катары таанылат. Ушунда калың жамаат башка мүшкүл түшкөндө бул уруулардын бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып келгендигин Кытай баатыр Догондун аскерлерин жеңип, өзүлөрүнө баш ийдиргендигинен же Кошой менен Жолойдун күрөшүнөн кийин кытайлардын Манас баштаган жамаатка баш ийип кечирим сурашкандыгынан көрүүгө болот. Мындай мезгилде инсандын жамаатка, анын нормалары менен баалуулуктарына ыңгайланышуусунун мотивдери – ар түрдүү. Эгерде дагы мектеп турмушуна кайрылсак, биздин мектептерде кеңири тараган мотив бул керeги жок жана ашыкча татаалдыктардан, жамандыктардан алыс болуу, өзүнүн жаманатты болуусунан коркуу. Мындай учурларда окуучу жамааттын нормалары менен балуулуктрын сыртынан гана кабыл алып, жамаатта кабыл алынган сөздөрдү гана сүйлөп коет. Бирок мектеп жамаатынан сырткаркы учурларда өзүнүн мурда калыптанган социалдык

тажрыйбасына карай ой жүгүртөт. Мындай жүрүм-турум убактылуу, өтмө, а түгүл туруктуу болуп калышы да ыктымал.

Жамаатка каршы ачык каршылык – мектептерде сейрек учурайт. Окуучулар өтө эле принципиалдуу эмес маселелер боюнча өтө сейрек каршы чыгышат. Өзүн-өзү коргоо үстөмдүк кылат. Инсанды сындырган жамаат ага карата жандармдын ролун аткарып калат. Бул тарбиялоого болгон гумандуу мамилени жокко чыгарат, мындай учурларда педагог жамаат менен инсандын мамилесин жакшыртуу жолдорун издөөсү керек.

Инсан менен жамааттын мамилелеринин типтүү варианты – бул бири-бирине ыңгайлашып жашоо. Мында инсан менен жамаат «жамаат» деп аталуу үчүн формалдуу гана мамилелерде болушат. Көп учурларда жамаатта баалуулуктардын эки системасы, моралдык чыңалуунун эки талаасы өкүм сүрөт, педагогдордун уюштуруучулук аракети менен окуучулардын ортосундагы иш-аракетте позитивдүү мамиле түзүлөт, ал эми уюштурулбаган учурларда терс мамиле орун алат. Бул окуучу жамаатта өзүнүн индивидуалдуулугун көрсөтө албай, өзүнө таңууланган ролду аткарган учурларда орун алат. Ролдордун диапозонун кеңиткен учурларда окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жамаатта көрсөтө алат. Мындай шартта анын жамаат менен мамилеси жагымдуу болот.

Инсан менен жамааттын идеалдуу мамилесинин модели – бул гармония. Мындай шартта инсан менен жамааттын ортосунда эч кандай карама-каршылык болбойт, жамааттын ар бир мүчөсү достук мамилелердин болушуна кызыктар болот.

Инсан менен жамааттын өз ара мамилелеринин үчүнчү модели инсан жамаатты өзүнө баш ийдирген учурлары өтө эле сейрек учурайт.

Тарбиялоо процесси бир бүтүн педагогикалык процесстеги принциптер жана мыйзамченемдүүлүктөр менен мүнөздөлөт, болгону өзүнүн спецификасына ээ. Тарбия мыйзамченемдүүлүгүнүн өзгөчөлүгү бул педагогикалык процесстеги адамдык чен-өлчөмдү түшүнүүнү конкреттештирет. Ар кандай инсан чыныгы тарбилоонун объектиси боло

алат, анткени ал объект болуу менен бирге ошол тарбиянын субъектиси да болуп саналат, бара-бара өзүн-өзү тарбиялоого өтөт. Педагогикалык процесстин маңызы мугалим менен окуучунун өз ара биргелешкен аракетинен көрүнөт, мына ушул карым-катыштын натыйжасында мугалимдин да, окуучунун да тажрыйбасы байыйт. Окуучунун инсандыгына мугалимдин дүйнөгө болгон көз карашы өз таасирин тийгизет, мына ошол аркылуу ал жаратылышка, искусствого, жана башка адамдар менен өз ара мамилеси калыптанат. Негизи, мугалим − белгилүү бир милдеттер менен эмгектик функцияны алып жүрүүчү эмес, коомдо олуттуу орунга ээ адам. Ал коомдо дос-жолдош, жардамчы, насаатчы катары кабыл алынат. Бирок, тилекке каршы, мындай мугалимдер ар бир эле мектепте боло бербейт. Я.Корчак: «Азыркы тарбия баланын ыңгайлуу болушун талап кылат. Ар бир кадам сайын аны нейтрализирлөөгө, басынтууга, баланын эрки менен эркиндигин, анын рухун, анын талаптары менен умтулууларын жок кылууга умтулат. Айтканды уккан, тарбиялуу, ыңгайлуу кылып тарбиялоону башкы максат кылышат... Алардын эрксиз, турмушка ыңгайлаша албаган жан болуп чыгарын эч бир ойлошпойт»,– деп жазган.

Адамдын өнүгүшү–эки багытты көздөгөн динамикалык процесс. Өсүп жаткан бала курчап турган чөйрөнүн таасиринде болот. Ошол эле учурда өзүнүн көп деңгээлдүү турмуштук чөйрөсүн өзү активдүүлүк менен реструкциялайт. С.Л. Рубиштейн : «Сырткы таасир өнүгүүнүн өзөгүн түзгөн ички шарттар аркылуу гана аракетке келет»,– деген принципти негиздеген.

Инсандын иш-аракеттин субъектиси катары мүнөздөмөнү Б.Г.Ананьев: «Инсанга көптөгөн экономикалык, саясий, укуктук, моралдык жана башка таасирлердин тиерин жокко чыгарбайт, инсанды субъект катары үйрөнүү зарылдыгын», − белгилеген. Анын жана анын жолун улантуучулардын субъект жөнүндөгү категориясы иш-аракет категориясы, атап айтканда, эмгек, таанып-билүү жана карым-катыш менен тыгыз байланыштырылат. Иш-аракет процессинде адамдын активдүүлүгү, анын ишмердик табияты, субъективдүү маңызы ачылат, мына ушулар аркылуу ал аң-сезимдүү жана

активдүүлүк менен «өзүнүн өнүгүүсү үчүн жагымдуу болгон менчик чөйрөсүн жаратат».

Субъект – предметтик-практикалык иш-аракет менен таанып-билүүнү алып жүрүүчү (демилгечи, чыгармачыл, бөлүштүрүүчү) адам; субъекттин калыптанышы– бул өзүнүн руханий дүйнөсүнө, түрдүк жөндөмдүүлүктөрүнө ээ болуу менен коштолгон процесс.

Көптөгөн изилдөөлөрдүн жана реалдуу тарбиялык процесстин тажрыйбасы педагогикалык система менен тарбиялоо процессинин натыйжалуулугу тарбиялоонун ачык-айкын мазмуну менен гана эмес (системалардын компоненти же алардын ырааттуулук процесси эмес), көмүскөдөгү, ачык көрүнбөгөн факторлорго да көз каранды болот. Бул жерде жашыруун реалдуулук жөнүндө сөз кылуу – ыктуу.

Адам – социалдык жандык, ал башка адамдар менен карым-катышсыз, коомдон, жамааттан тышкары инсан болуп калыптанышы мүмкүн эмес. Бала ар дайым конкреттүү коомчулукта жана ошол коомчулук аркылуу гана күн кечирет. Өзүнүн жашоосунда баланын өзүн-өзү калыптандыруусу толгон-токой башка милдеттер менен катар жалпы жашоонун нормаларын өздөштүрүүнү да көзгө тутат, ал эми бул болсо чоңдор менен балдардын өз ара аракетинин предмети болуп саналат. Өз ара биргелешкен аракеттин талаасы болуп окуялуу жалпылык катары балдар коомчулугу саналат.

Жамаат менен инсандын өз ара аракетин көптөгөн окумуштуулар карашкан. Индивидге группа менен жамааттын тээ мурдатан келе жаткан таасир этүү механизми болуп, «ишендирүү», «жуктуруу», «тууроо» саналат. Мына ушулардын натыйжасында жамаат, академик В.М.Бехтерев белгилегендей, инсанга стимулдаштыруучу таасир тийгизе алат, жамааттын катышуусу аркылуу адамдын булчуң жана психикалык энергиясы жогорулайт, ал күчтүү, баамчыл жанга айланат, эске тутуусу жакшырат; активдештиргени – иш-аракети пассивдүү бала, аныкталган иштин үстүндөгү жолдошторунун аракетин көрүп, өзүнүн дагы ага кызыгуусу ойгонот; басынтуучулугу – мында жамаат баланын иш-аракетине, анын

инсандыгына тоскоолдук жаратат, «кээ бир учурларда баланын өзүнө болгон ишенимин жокко чыгарат.» Бирок мындай механизмдер жагдайлык гана мүнөзгө ээ болот да, инсанга жамааттагы иш-аракет менен карым-катыш жагымдуу таасир тийгизет. Мында иш-аракет кызыктуу жана маанилүү, анын максаты – баланын эмоциясын ойготкондой болушу, иш-аракеттеги мотивдери – актуалдуу болушу керек. А.С.Макаренконун «Педагогикалык поэмасынан» жамааттын таасири менен инсанды калыптандыруунун мына ушундай үлгүсүн көрө алабыз.

Жамаатта тарбиялануучунун чыгармачылык индивидуалдуулугун нравалык жактан калыптандыруу механизмдерин В.А.Сухомлинскийдин эмгектеринен жолуктурабыз: «эгер тарбиялык иштер индивидуалдуу шык-жөндөмүнүн көрүнүшүнө жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзө албаса, окуучунун жамааттын ишинен башка сүйүктүү иши болбосо, жамаат бузулуп-жарылат, эч бир тарбиячы аны сактап кала албайт» [143]. Бул идея андан ары Т.Е.Конникованын жетекчилигиде окумуштуулар Т.К.Ахаян, З.И.Васильева, М.Г.Казанкина, Т.И.Мальковскаялар улантышкан. Т.Е.Конникова жамааттын инсанды калыптандырып таасир этүүсүн анын иш-аракетин өзгөчө уюштуруу менен, бир топ татаалдаштырылган максаттын коюлушу, анын мотивдерин өркүндөтүү, ар бир баланын нравалык позициясын калыптандыруу менен байланыштырган, булардын баары чыныгы гуманизм менен жамааттагы мамилеси аркылуу гана калыптанат. Коомчулуктун өзүн-өзү уюштуруу мүмкүнчүлүгү жана жардам берүү менен биргелешип аракеттенүү мамилелеринин калыптанышы анда ар бир окуучунун өзүн-өзү өркүндөтүүсүнүн шарты катары чыгат. Мына ушулардын жардамы аркылуу ал өзүн-өзүн таанып-билүү менен өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруунун жаңы тажрыйбасына ээ болот. Баланын индвидуалдуулугун калыптандырууга кам көргөн мугалим коомчулукта да өнүгүү процессин камсыз кылышы керек, анткени жамааттык «Мен» окуучуларда жогорудагыларга окшош процесстерди стимулдаштырат.

**Жамаатты өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдери**

Ар бир жамаат өзүнүн өнүгүү жолун ар түрдүү себептерден улам бириккен адамдардын тобу аркылуу баштайт (класс, адамдардын кесиптик бирикмелери, кызыгуулары боюнча формалдуу эмес биригүү, балдардын ден соолук лагериндеги тобу, ийримге баш кошуу, ар кандай эле максат үчүн адамдардын убактылуу коомчулугу ж.б.) Психологияда группа менен жамааттын өнүгүүсүнүн бир канча этаптары уюшулган группанын өнүгүүсүнүн эң жогорку формасы катары каралат, алар максаттардын биримдиги, бирикменин эркин түзүлүшү, баш кошушкандыгы, жамааттагы өз ара мамилелердин орун алышы менен мүнөздөлөт. Педагогдор да ушул ойду айтышат: группа-коомчулуктун өнүгүү деңгээлинин белгилери жамааттык иш-аракеттердин комоненттеринин абалын аныктоого байланышат. Жамааттын өнүгүү этаптарын аныктоо жана сүрөттөөгө ар түрдүү мамилелер бар. Балдардын өзүн-өзү башкаруусу – бул балдардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүнү, группалык максатка жетүү чечимин кабыл алуу жана жүзөгө ашыруусун камсыз кыла алуучу балдар жамаатын уюштуруунун демократиялык формасы. Эгер социологдор өзүн-өзү башкарууга коомдук мамилелерди жөнгө салуу позициясынан карашса, социалдык психология – группанын өнүгүү фактору позициясынан карайт, ал эми педагогика – инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө өбөлгө түзүү, окуу-тарбиялык милдеттерди чечүү позициясын жетекчиликке алат. Бул жөнүндө М.Рожковдун «Развитие самоуправления в детских коллективах» деген эмгегинде кеңири чагылдырган [137].

«Өзүн-өзү башкаруу» термини педагогикага киргенине көп болсо да, алигече ар түрдүү түшүнүлүп келет. Авторитардык педагогика өзүн-өзү башкарууну балдарды манипулирлөөнүн каражаты катары караса, демократиялык – балдардын укуктарын жүзөгө ашыруунун шарты, аларды социалдык мамилелерге тартуунун ыгы катары карайт. Балалык аларды турмушка даярдоочу мезгил деген иллюзия чындыкка доо кетирип, балдардын укуктарын жокко чыгарат. Бала реалдуу турмушта жашайт,

ошондуктан ал өз турмушун кайра куруу ишине катышуу укугуна ээ болушу зарыл Ал эми мындай укукту ага балдардын өзүн-өзү башкаруусу гана бере алат. Бул жерде «биргелешип башкаруу» терминин колдонуу жөндүүдөй, анткени практикада өз алдынча чыгармачылыгы менен окуучулардын демилгелерин педагогикалык жактан колдоо аркылуу коштолот.

Иш-аракеттин группалык максатынын болушу, бир жагынан, конкреттүү мазмунду биргелешип башкаруу аркылуу толукталса, экинчи жагынан – балдардын өз кызыкчылыктарына байланыштуу баш кошуусуна өбөлгө түзөт.

Биргелешип башкаруу өз алдынчалыгынын өнүгүшүнө өбөлгө түзүүнү көзгө тутат, б.а., балдар жамаатынын өнүгүү деңгээлине жараша алардын милдеттери менен укуктарын этап боюнча өткөрүп турат жана өз теңтуштарынын арасынан уюштуруучу-лидердин калыптануусуна жардам берет.

Башкаруучулук чечимди кабыл алуу жана жүзөгө ашыруу – өнүгүп бараткан биргелешкен башкаруунун милдеттүү белгиси. Мына ушул эки биргелешкен милдетти чечүүдө балдардын өз жамаатынын аралашуусун реалдуулукка айландырат.

Балдардын биргелешип башкаруу процессинде балдар жамаатын башкарылуучу системадан өзүн өзү башкаруу системасына өтүп, абалдардын ырааттуу алмашуусу, тынымсыз сапаттык өзгөрүү жүрөт. Мына ушуга байланыштуу педагогикалык илимде балдар коомчулугунун өнүгүүсүнүн этаптары же деңгээлдери жөнүндө сөз кылынып жүрүлөт. Балдардын биргелешип башкаруу процесси класс же мектеп жамааты менен гана иштөөнү көзгө тутпайт, анткени алар азыркы окуучулардын бардык керектөөлөрүн толук канааттандыра албайт. Балдардын көп жактуу умтулуулары курагы боюнча гана эмес, кызыгуулары, таланттары, көз караштарынын бирдейлиги, бири-бирине болгон симпатияларга карап көптөгөн жеке уюмдарды, коомдорду, ийримдерди, клубдарды түзүүнү

талап кылат. Алар канчалык көп болсо, бул бирикмелер ошончолук ар түрдүү болот да, балдардын керектөөлөрү менен талаптарын ошончолук жакшы канааттандырат, ар бир баланын индивидуалдуугунун өнүгүшүнө өбөлгө жаратат, анын өзүн өзү таанып билүүсү менен өзүн өзү өнүктүрүүсүнө жардам берет.

Биргелешип башкаруунун өнүгүшү абал, жагдай катары түшүнүлгөн алыстоо (бөлүнүү) проблемасын чечүү менен байланышкан, мындай абалда бала өзүн өзү жат болуп, өзүнүн иш-аракетинде өз ордун таба албай кыйналат, бул болсо өзүнүн мүнөзүн, өзүнүн табиятын жоготууга алып келет. Бул алсыздык, жашоо маңызын, нормаларын жоготуу, маданияттан четтөө. өзүн өзү тануу, социалдык изоляциядан көрүнөт.

Жамааттын ишине реалдуу катышуу мүмкүнчүлүгү балдар жана жаштар кыймылына берилет, аларды колдоо мектеп менен мамлекеттин эң маанилүү педагогикалык милдети болуп саналат. Чоңдордун жардамы менен уюштурулса да, өсүп келе жаткан муундун маанилүү, актуалдуу талаптарына жооп берген убакка чейин иштейт. Балдардын же жаштардын ийгиликтүү кыймылдары өзүнө эркиндикти, спонтандуулукту, кызыктуу окуялуулукту, романтиканы, маданий жана социалдык эклектиканы, эркин тандоону, иш-аракеттин ар түрдүүлүгүн, сынап көрүү менен эксперименттерди, кийинкиге калтырылган менен дароо канааттуунун жанаша болуусун, прагматикалык символизмди камтыган формалдуу эмес кодго таянат.

«Коомдук уюмдар – демократиялык централизм принцибин жетекчиликке алып, өзүн өзү башкарууга негизделген өз алдынча иш-аракет үчүн уюшулган, иш-аракетти жүзөгө ашыруучу жактардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын эске алуу менен алдына белгилүү максатты койгон жана жүзөгө ашыруууга багытталган, ошол эле учурда коомдун алдында турган милдеттерди чечүүгө жүз бурган жарандардын бирикмеси. Коомдук уюмдарга мүчөлүк жарандын өз каалоосун эске алып түзүлөт. Коомдук уюм – бул бийлик органдарын өз ичине алган жана мамлекеттик

башкаруу аппаратына баш ийген, жергиликтүү өз алдынча иш-аракетти уюштурган жана массалык коомдук кыймылдын органдары менен биргеликте иш алып барган коомдук саясий уюмдардын курамдык бир бөлүгү. Өздөрүнүн иш-аракет процессинде коомдук уюмдар жогоруда аталган органдар жана организациялар өз ара биргелешип аракеттенет».

Азыркы балдар жана жаштар кыймылдары анчалык массалык түрдө болбосо да, өзү аркылуу жандуу, динамикалуу кубулушту билдирет, анын формалары менен структуралары − көп түрдүү. Анын иш-аракетинин чөйрөсү билим алууну, жумушка жайгаштырууну, эс алууну, турак-жай проблемасын чечүүнү, саясатты, маданиятты, спортту, социалдык колдоону ж.б. тармактарды өз ичине камтыйт.Иш-аракеттин функциясы жөнүндө сөз кылсак, анын эки түрүн: индивидуалдуу керектөөлөрүн жүзөгө ашыруу жана жаш адамды социалдаштыруу. Бул уюмдарда эки көйгөй: адамды руханий жана дене саламаттыгын өнүктүрүү, жаңы экономикалык, экологиялык, социалдык шарттарга ыңгайланышуусун камсыз кылуу; экинчиси – Кыргызстандын өткөнүн, учурун билүү жана келечегине кам көрүү.

Тарбиялоонун принциптери. Тарбиялоонун принциптери мына ушул тарбиялоо процессинин өзүнө гана таандык болгон бирдиктүү педагогикалык процессти жана принциптерди жүзөгө ашыруу менен уюштуруунун жалпы принциптерин камтыйт. Ал принциптер төмөнкүлөр:

Инсанды жамаатта тарбиялоо принциби – тарбиялоонун эң маанилүү принциби. Анткени адам – социалдык жандык, жамааттагы карым-катыш менен өз ара биргелешип аракеттенүү тажрыйбасы ага өтө зарыл. Бүгүнкү интеграция процесси, эмгектин жамааттык бөлүштүрүлүшү, бардык тармакта биргелешкен чыгармачылык – эмгек, прогресс, үй бүлө – коомчулуксуз (жамаатсыз) күн кечирүүсү мүмкүн эмес. Бирок айрым жеке инсандын жамаатка тийгизген таасирин да жокко чыгарууга болбойт (мектеп турмушун алсак, жеке окуучу жамаатка оң же терс таасир тийгизишин көп эле жолугат).

Демократиялык принцип тарбиялык процесстин бардык субьектилеринин тең укутуулугу проблемасы али күнчө чечилбей келет, тарбиялануучулардын өз ара мамилелери кызмтташтыктын негизинде курулушу, жолдошчулук, өз ара бири-бирине жардамдашуунун элементтеринин орун алышы − максатка ылайыктуу. Мектепти башкаруунун принциптери өзгөрүүдө: директордун же жамааттын өзү билемдигине тыюу салынган, билим берүү мекемесинин ишин мугалимдер, ата-энелер, окуучулар, социалдык партнерлор кирген мектептик кеңеш чечет.

Жаштардын Бүткүл союздук коммунисттик уюму 29-октябрда. 1918-жылы түзүлгөн. 1924-жылы Лениндин ысымын алышкан. 1926-жылы ВЛКСМ (Бүткүл союздук лениндик жаштар уюму) деп аталган.

СССРде массалык балдардын коммунисттик уюмдарын түзүү 1922-жылы комсомолдордун Бүткүл россиялык конференциясында 1922-жылы, 19-майда кабыл алынган, ошондуктан 19-май пионерлер күнү катары белгиленип келет. 1924-жылы Ленин өлгөндөн кийин, анын атын алган. Пионердик уюм өспүрүмдөрдү тарбиялоочу уюм болуп, кенже мектеп жашындагылар уюмсуз, көңүлдөн сырт калышкан. Ошондуктан 1923-24-жылдары «октябряттар» деген терминде аталган уюм пайда болгон. Булар 7-9 жаштагы балдарды өз ичине алган.

Тарбиялоону гуманизациялоо принциби – Ш.А.Амонашвилиде «тарбиялоону адамдаштыруу» деп берилген. Бул принцип эки проекцияда жүзөгө ашырылат: материалдык-буюмдук чөйрө аркылуу жана өз ара биргелешип аракеттенүү аркылуу. Мисалы, алсак, кайра куруу учурунда (XX кылымдын 80-жылдары) мектептеги саясий плакаттар, стенддер, Лениндин бюстары алынып ташталып, алардын ордуна күзгүлөр, гүлдөр.ж.б. коюлган. Бирок мындай тышкы жасалгаларды өзгөртүү жетишсиз, анткени педагог менен окуучулардын ортосундагы мамилелердин адамдаштырылуусу керек. Балдарга болгон педагогдордун мээрими, сүйүүсү айрым учурларда жетишсиз болот. Ошондой эле кээ бир

үй бүлөлөрдө да балага көңүл анчалык бурулбайт. Бүгүнкү күнү мугалим балага мээрим төгүп, аны эркелетип атынан чакырып, пешенесинен сылап, көзүнө карап, жагымдуу сөздөрдү сүйлөөсү керек.

Учурда орто мектептерде окуучуларды тарбиялоодо, окутууда ар түрдүү методдорду, окутуунун жаңы элементтерин пайдалануу зарыл. Алардын катарында тарбиялоо жараянында орто мектептердин башталгыч классынын окуучуларын дагы, жогорку классынын окуучуларын дагы жамааттык жоопкерчилигин жогорулатууда «Манас» эпосун окутуу аркылуу тарбиялоонун зарылдыгы турат.

Мектеп окуучуларынын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу − башталгыч класстарда алган билимдерине көз каранды. Ал эми башталгыч мектепте тарбия берүүнүн сапатына бир нече факторлор таасир тийгизет, алардын ичинен мугалим менен ата-энелердин максаттуу багытталган бирдиктүү иш аракеттери − өтө маанилүү. Үй-бүлө менен мектептин максаттары жана аларды ишке ашыруунун айрым жолдору мектеп программасында окутулуп жаткан элдик оозеки чыгармаларда, ошону менен катар белгилүү педагогдордун эмгектеринде чагылдырылган. Аларды окуп үйрөнүүнүн натыйжасында педагогика илиминин классиктери менен учурдагы педагогдордун төмөнкү идеяларын бөлүп көрсөтүүгө болот: баланы үй-бүлөдө эрте жаш курагынан баштап окутуп-тарбиялоо, аны психологиялык жактан даярдоо, мектептеги окуу ишине коюлган бул талаптар − ата-энеге да түздөн-түз тиешелүү.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде башталгыч классынын окуучуларынан тартып профессионалдык билим берүүчү жогорку мектепке чейин элдин абалтан келе жаткан салтын чагылдырган чыгармаларды окутуп үйрөтүү процесси − бул ошол улуттук кыртышка кайрадан кайтуу дегендик. Анткени анда кыргыздын оозеки адабияты каада-салты менен үрп-адаттарын чагылдырылып, аны өнүктүрүүгө салым кошот. Ошол оозеки адабият менен маданияттын мыкты

үлгүсү − элдик эпостор, булардын ат башында «Манас» эпосу тураары анык.

«Манас» эпосу − карт тарыхка саймаланып калган кыргыз өмүрү, кыргыз элинин басып өткөргөн чалкыган турмушун, кылымдар бою калыптанган акыл-ой байлыгын, дүйнө таанымын чагылдырган ыр океаны, кыргыз улутунун туу туткан сыймыгы. «Манас» эпосу − чексиз кайраттуулукту, атуулдук ар-намысты, Ата-Журтту терең сүйүүнү даңктаган рухий ырыскы, дүйнөлүк маданияттын казынасына кошулган эбегейсиз салым, элдин улуулугунан кабар берген тендешсиз тарыхый, дидактикалык, педагогикалык мурас. Окумуштуу А. Измайлов айткандай, «турмуштун чыныгы мектеби, балдарды патриоттуулукка тарбиялоонун кайталангыс каражаты». Ата-бабалардын миңдеген жылдар бою кашыктап жыйнаган бул акыл казынасын, нарк-насилин, сөз өнөрүн жаштардын аң-сезимине сиңирүү − бүгүнкү мезгилдин талабы. Өзүн сыйлаган, улуттук духу күчтүү ар бир эл өзүнүн руханий дөөлөттөрүн, ата-бабадан калган элдик мурасын окутуп-үйрөтүп, учурдун талабына жараша пайдаланбаса, улуттун тарыхы унутулуп, маданий баалуулуктардын нарк-насили төмөндөп, элдин каада-салттык көрөңгөсү соолот.

### 1.2. «Манас» эпосун орто мектепте окутуунун тарыхы жана анын педагогикалык-методикалык жактан иштелиши

Кыргызстан обкому 1932-жылы 17-сентябрда «ВКП» БКнын «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндөгү» токтомунун эл агартуу системасынын практикасында ишке ашышы туурасында» токтом кабыл алган. Ушул токтомдун негизинде башталгыч класстар үчүн биринчи жолу кыргыз адабиятынын программасына кандай чыгармалар киргендиги тууралуу тарыхый эс-тутумубуз үчүн маанилүү деп ойлойбуз. Ал чыгармалар төмөнкүлөр: А.Токомбай уулу «Көрүк ыры», «Москва жүрөк», «Пионер ыры», М.Элебай уулу «Күз», «Кең талаа», «Фабрика», «Пахта бышты», табышмактар, С. Сасыкбай уулу «Коммунисттер партиясы», А.Токомбай уулу «От араба», «Жумушчу»,

«Лениндин орду-Ленинчил», «Сен даярдан», Ж. Турусбек уулу «Пахта сыры», «Ак алтын өлкөсү», С. Сасыкбай уулу «Үнү угулуп турду», М. Элебай уулу «Ырым-бештик», К. Малик уулу «Айлуу түндө», А. Токомбай уулу «Даяр бол», «Кызыл аскер», М. Элебай уулу «Жаңы заман», «Совхоз маалы», «Маданият жаңырды», «Жаз», «Биздин аскер», Т. Байжи уулу «Күрөш».

Бул чыгармалардын катарында азырынча «Манас» эпосу жок. Бирок, окуу программасына биринчи жолу адабий чыгармалардын киришинин өзү эле чоң педагогикалык жаңылык болгон. Жогоруда аты аталган чыгармалар аркылуу кандай максат коюлгандыгы жөнүндө педагогика илимдеринин доктору, профессор Назаркул Ишекеев мындайча жазат: «Аталган чыгармалар сунуш этилип, булар аркылуу төмөнкүдөй максаттар коюлган: окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, акылына карай сулуулук тарбиясын берүү; балдардын тил көрөңгөсүн байыта алган жана өркүндөтө турган материалдарды сунуш этүү; адабий чыгармалардын көп түрдүүлүгү менен тааныштыруу; көркөм токулмалардагы тап күрөшүнүн табиятын түшүндүрүү; адабият дарсын саясий сабактарга байланыштыруу; ар кайсы таптын сүрөткерлеринин идеологиясы ар башка болорун байкатуу; көркөм адабият социалчыл күрөштүн бир бөлүгү экендигин туйгузуу; адабияттын мазмуну жана формасы менен тааныштыруу. Албетте, бул тариздүү идеологиялык, таптык «иммунитетти» күчтүү жоболорго ушу азыр сын көз менен кароо парз, акыйкатта ал да болсо тарыхый-конкреттүү шарт-жагдайдын туундусу эле, ошону менен катар билим берүүдөгү, тарбиялоодогу эски-жаңынын, оң-терстин, прогресс-регресстин ортосундагы түбөлүктүү күрөштүн бир эпизоду өңдүү» [74,14-15].

Адабият боюнча программанын экинчи басылышында түзүүчүлөр тарабынан элдик оозеки чыгармаларга көңүл бурулган. «Бекбекей», «Шырылдаң», менен катар эле «Манас» эпосунун «Көкөтөйдүн ашы», «Тал чокуда» аттуу темалары боюнча биринчи жолу 5-6-класстардын окуучуларына үзүндүлөр сунушталган. Бул фактыдан улам «Манас»

эпосунун үзүндүлөр түрүндө биринчи жолу окуу программасына кириш тарыхы өткөн кылымдын 30-жылдарынын биринчи жарымында башталган деп айтууга негиз бар. Программада фольклор, элдик оозеки чыгармачылык, анын түрлөрү жөнүндө кыскача түшүнүктөр берилген. Бирок, «Манастын» үзүндүлөрүн окутууга байланышкан кандайдыр бир методикалык көрсөтмөлөр, ойлор берилген эмес.

«Манас» эпосунун окуу программаларына кирүү тарыхынын андан аркы жүрүшүн сыпаттоодон мурда мына бул фактыга көңүл буруу зарыл деп ойлойбуз. Тарыхта болуп өткөн нерсени унуткарып, аттап кетүүгө болбойт. Совет бийлигинен мурда, революцияга чейин «Манас» мектеп, медреселерде окутулганбы деген суроо коюлса, мындай соболго көптөр шектенүү менен карашы мүмкүн. А чындыгында, «Манастын» революцияга чейин окуу процессине тартылгандыгы жөнүндө тарыхый маалыматтар, фактылар бар. Ошол уникалдуу фактыларга көңүл бурсак: профессор С. Байгазиев «Нурмолдонун педагогикасы» деген эмгегинде төмөндөгүдөй деп жазат. «Биз бүгүнкү күнгө чейин кыргыз агартуусунун башталышын негизинен XX кылымдын баш жактарындагы мезгил менен байланыштырып келдик. Агартууну баштаган туңгуч, алгачкылардын атын атаганда, адат катары биринчи иретте Ишенаалы Арабаевдин жана Касым Тыныстановдун ысымдарын айтабыз. Бирок, педагогикадагы соңку изилдөөлөр жана тарыхый фактылар кыргыз агартуусунун тарыхы Арабаев менен Тыныстановдон алда качан эле мурда башталгандыгын айгинелейт. Буга 1938-жылы Ала-Букада жарык дүйнөгө келген атактуу акын Нурмолдо уулунун XIX кылымдын башындагы агартуучулук-педагогикалык ишмердиги күбө. Биз көп учурда мугалимдер журтчулугуна батыштын педагогикасын жана методикасын пропагандалап келебиз. Ал эми өзүбүздүн улуттук кыртышыбызда, элдик казынабызда чөгүп жаткан «сакадай бою сары алтын» педагогикалык, дидактикалык дөөлөттөрүбүздү дайыма унутта калтырабыз. Нурмолдонун агартуучулук ишмердиги, педагогикасы буга дейре мезгил катмарларынын көмүндүсүндө калып, эстен чыгарылган. Бул

улуу инсан тарыхта биринчи жолу мечит-мектепке эне тилди, «Манасты» кыргыз эл адабиятын киргизгендиги кызыгууну туудурат.

Нурмолдо кезегинде бүткүл Түркстанга атагы чыккан, билимдүүлүгү жагынан алдына киши салбаган, акындыгы жагынан аргымактай чуркаган, ар түркүн жөндөмгө эгедер феноменалдуу инсан болгон. Анын сокурлардын көзүн айыктырып, жарык дүйнөнү көргөзгөн, дүлөйдүн кулагын ачкан, шал болгондорду бутуна тургузган бөтөнчө дарыгерлик, табыпчылык таланты, болочокто боло турган окуяларды алдын ала айткан олуялык касиети болгон экен. Нурмолдонун барбаган эли, көрбөгөн жери калган эмес. Орто Азияны түрө кыдырып, Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүн сыдырган, чыгышы Үрүмчү менен Кашкардан, батышы Казанга чейин саякаттаган, а түгүл Индиянын Кашмиринде 5 жыл жашап, өнөр-билим үйрөнгөн, андан ары Мекке менен Мединага чейин жеткен, бир нече тилде сүйлөй да, ырдай да билген, билбегенди билип, көрбөгөндү көрүп көсөм болгон, кругозору кең, масштабы чоң философ инсан болгондугун» белгилесек болот [51, 126-128]. С. Байгазиев өзүнүн «Нурмолдонун педагогикасы» деген эмгегин Ала-Букалык тарыхчы мугалим, фольклорист, Нурмолдонун адабий мурастарын жыйноочу Калмурат Рыскултегиндин чогулткан биографиялык, эскерме-мемуардык, архивдик-тарыхый материалдарына таянып жазган. Калмурат Рыскултегин өткөн кылымдын 50-жылдарында көздөрү тирүү учурунда Нурмолдонун мечит-мектебинен окуган шакирттердин эскерүүлөрүн жазып алган. Ал эскерүүлөрдө акын-мударис Нурмолдонун мечит-мектептин окуу планына «Манас» эпосун киргизип, кыргыздын улуу дастаны боюнча улуу дарстарды окугандыгын, дарстарды окугандан кийин «Манастын» каармандарына байланышкан жерлерге балдарды саякатка алып чыккандыгын Калмурат Рыскултегинге айтып беришкен. К.Рыскултегиндин Нурмолдонун шакирти Токмолдонун оозунан жазып алган материалына көңүл буралы. Бир кездеги окуучу Токмолдо мындай деп эскерген: «Акырында бир апталык саякат-дарс кылды. Эмки жума күндүн эртеси тондонуп-аттанып келгиле. Саякат-дарска чыгабыз. Аталышын билип алып

үй-бүлөңөргө айтып түшүндүргүлө; «Өзүбүздүн аймактагы Манас атанын жашаган жайларына бир апталык саякат-дарс» жасаган. Бара турган жерлерибиздин дареги мындай: Аккелте-Улакчы хандын ордосу, Манас атанын Ажыдарынын дөбөсү, Сыргакдөбө, Миңжашар Чанач мазары, Шаакептер мазары. Бийерлер жагдайында мурда айтып бергемин. Эми кайерге барсак дагы-ошердин таржымалын силерден сураймын-имтихан ушул деди олуя Нурмолдо дамылда. Эгерде, бир суроого жооп кайтара албай калсак болду-эмики жылы өзүбүздөн кичик балдарга кошулуп саякат дарска чыгабыз. Анда жүда уят болобуз. Ушу жөнүндө молдо балдар чогулуп, тиги аталган жерлердин мурда уккан тарыхын кайталай баштадык. Кимибизге кайсы суроо келерин кайдан билет элек?! Бардыгын үйрөнүш керек». [136, 540-541]. Ошол эле шакирт Токмолдо саякат-сабак учурунда Нурмолдонун манас айтканын мындайча эскерген: «Нуракем талаага чыкканда мурдагыдан да чечен болуп кетет экен. Кийинки күнү Алабука кыштагынын этегиндеги «Ыйык чалдыбарга» келдик. Ушул «Манастагы» эр Сыргактын атасы Улакчы хан жөнүндө ашбышым айтып күпүлдөдү, зорго басылды» [136,542]. Демек, бул эскерүү фактысынан акын-мударис Нурмолдонун «Манас» эпосун агартуунун тарыхында биринчи жолу мечит-мектептеги окуу-тарбия процессине киргизгендиги жана дастан боюнча дарстарды окугандыгы ачык-айкын көрүнүп турат. Нурмолдо өзүнүн нускамаларында «Акылдын кенчи Манаста» деп эсептеген. Демек, Нурмолдо мударис өзүнүн педагогикалык көз карашында «Манас» эпосун балдарды элдик руханиятка жана мекенчилдикке тарбиялоонун куралы катары санаган. Революциядан кийин биздин интелигенциябыз, илим-билим чиновниктерибиз далайга чейин талашып-тартышып, «Манасты» мектепке киргизе албай келишти. Манасчылар «Манас» жөнүндө окуу китебин жаза салам деп, идеологиялык жактан айыпталып, алгачкы интелигенттерибиздин бири Ташым Байжиев 1949-жылы камалып, Карагандынын түрмөсүндө каза тапты. Андан кийин «Манас» жөнүндө канча күрөштөн өттү. Ал эми Нурмолдо мударис болсо, «Манастын» педагогикалык тагдырын революцияга чейин эле

даанышмандык менен чечип койгон. Улут сыймыгы-улуу эпосубузду тарыхта биринчи жолу мектепке окууга киргизип, сабак өткөн Нурмолдо мударистин бул зор атуулдук эрдиги бизде өзүнүн татыктуу баасын алышы керек. Туңгуч патриот-агартуучу болгон Нурмолдонун мындай педагогикалык патриотизми бүгүнкү дүйнөлүк глобалдашуунун оп тартып койчу коркунучу алдында турган кыргыз жамаатынын мугалимдер журту үчүн үлгү ала турган чоң өрнөк»

«Манастын» окутулушуна байланышкан жогорудагы уникалдуу тарыхый фактыны калыбына келтирген кыскача экскурстан кийин улуу эпостун советтик доордун учурундагы педагогикалык таржымалына кайрадан кайрылып келсек, анда төмөнкүлөрдү белгилемекчибиз. Жогоруда сөз болгон «Манас» эпосунун чакан үзүндүлөрүн камтыган 1932-1934-жылдарда жарык көргөн «Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы» деп аталган алгачкы окуу педагогикалык документ улам өркүндөтүлүп, 1940-жылга чейин колдонулган. 1941-жылдан баштап адабиятты окуп үйрөнүүгө арналган төмөнкүдөй программалар жарык көргөн:

1. Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн программа. Ф.: Кыргызмамбас, 1941.-23-36-б.б.

2. Толук эмес орто жана орто мектептер үчүн программа: Кыргыз тили, -Фрунзе.: Кыргызмамбас, 1943. -35 б.

3. Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн. Окутуучуларга жардам, 1941, №6. -8-21-б.

4. Кыргыз адабиятынын программасы: 8-10-класстар үчүн. Фрунзе: Кыргызмамбас, 1943. -30 б

Бул программалардын жаңылыгы Кыргыз ССРинин аймагында жети жалпы билим берүүчү орто мектептердин ачыла баштагандыгына байланыштуу түзүлгөндүгүндө. Аталган программалардын жалпы педагогикалык, адабий-методикалык жаратылышына адабиятты окутуунун тарыхына арналган илимий эмгектерде кандайча мүнөздөмө берилгендигин

белгилей кетели: «Окуу программасынын кириш сөзүнүн түзүлүшү жана мазмуну бир кыйла чыйрак иштелиптир. Анда адабияттын окуу предмети катары өзгөчөлүгү, курстун милдети, максаты, принциптери, курамы жана көлөмү, методикалык көрсөтмөлөрү, класстан тышкаркы иштердин формалары, айтмакчы, керектүү адабияттардын тизмесине чейин кошо тиркелген экен. Ошону менен катар программада адабий билимди окуучуларга жеткирүүнүн оптималдуу методдору, формалары айрыкча ар кандай жанрдагы, стилдеги чыгармаларды окутууга карата адабий-методикалык мүнөздөмөлөрдүн, багыттамалардын берилиши кубаттоого гана арзыйт» [74, 27-28].

1941-жылы 5-7-класстар үчүн жарык көргөн программада 30-жылдардын программаларына караганда «Манас» эпосу боюнча үзүндүлөрдү берүү сан жагынан өскөн, кеңейген. Маселен, V класстын программасына «Манастан» «Манастын сымбаты», «Коңурбайдын сымбаты», «Жердин сүрөтү», «Алмамбеттин жолдош тандаганы», «Чоң Казат» сыяктуу үзүндүлөр жайгаштырылган. V класстын программасында мурдагыга караганда, «Манас» эпосуна мына ушинтип көбүрөөк көңүл бурулушу, албетте саамалык. Бирок, кубанарлык мыкты жаңылыкты 8-10-класстар үчүн түзүлгөн программа адабияттын системалуу курсун, башкача айтканда, көркөм сөз өнөрүн адабий-тарыхый негизде, адабият тарыхын тарыхый өсүп өнүгүш контекстинде үйрөнүүнүн сунуштаган. Бул албетте, РСФСРдагы орус адабият программасынын түзүлүш өрнөгүн ээрчиген прогрессивдүү көрүнүш болчу. Адабияттын түпкү башаттарынан баштап үйрөнүүнү көздөгөн программада 8-класстын окуу материалдары негизинен фольклорду үйрөнүүгө багышталган. Элдик оозеки адабияттын жомоктордон баштап, эмгек, адат-салт, үрп-адат, элдик сүйүү ырларынын үлгүлөрү, элдик тамсилдер, мифтер, легендалар жана «Эр Төштүк», «Курманбек», «Кедейкан», «Саринжи-Бөкөй», «Кожожаш» сыяктуу кенже эпостор киргизилип, программанын түшүнүк катында, чыгармалардын аннотацияларында фольклордун бөтөнчөлүгү, анын профессионалдык

адабияттан өзгөчөлүгү элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикалык табияты, тарбиялык мааниси боюнча кыскача багыттама түшүндүрмөлөр, элдик акылмандыкты камтыган фольклордун «алтын казынасын» терең билип өздөштүрүүнүн зарылдыгы белгиленген.

Мурдагы программаларда үзүндүлөр түрүндө берилип келген «Манас» эпосунун адабияттын системалуу курсунда (VIIIкласс) өз алдынча бүтүн чыгарма катары өзүнчө саат энчиленип жайгаштырылышы кубантарлык көрүнүш болгондугу талашсыз, Программада «Манас» эпосунун сюжетин, каармандардын образдарын, эпостун поэтикалык сулуулугун, ошону менен бирге манасчылардын (Сагымбай, Саякбай), өмүр баянын, алардын манас айтуучулук чеберчиликтерин өздөштүрүүгө карата берилген педагогикалык-методикалык багыттамалар окуучуларды этнобаалуулукка тарбиялоону көздөгөн патриоттук умтулуш болгон. 1941-жылкы программанын 1943-жылы кайрадан иштелип чыгып, Кыргыз ССРинин Агартуу эл комиссариаты тарабынан бекитилиши, анда «Манас», «Эр Төштүк», «Курманбек» сыяктуу баатырдык эпостордун борбордук орунга коюлушу согуштук кырдаалга терең байланыштуу болгон десек болот. Ошол кыйын-кезең мезгилдеги «Бардыгы жеңиш үчүн, бардыгы фронт үчүн!» деген ураандын алдында мектеп да иштеген. Мектептердин окуу планына аскердик окуу киргизилген. Улуу Ата Мекендик согуш күндөрүндө Совет өкмөтүнүн башчыларынын бири Михаил Калинин Советтик көркөм интелигенциянын өкүлдөрүнө төмөндөгүдөй чакырык менен кайрылган: «Ар бир адам, ошонун ичинде орустар да өз улуту менен сыймыктанат, сыймыктанбоого мүмкүн дагы эмес, анткени ал өз элинин баласы. Ушул нерсе абдан чоң мааниге жана агитация ишинде аны дайыма эске тутуу керек. Биздин адамдарда совет патриотизмин, улуттук сыймыкты тарбиялагыла, ар бир жоокерге анын элиндеги баатыр ата-бабаларын, укмуш сонун эпосун, адабиятын, улуу адамдарын – жетекчилерин жана полководецтерин, калк массасын азат кылуу үчүн күрөшчүлөрүн эстетип тургула» [75,106]. Калининдин чакырыгынын духунда согушуп жаткан элди

тарыхтын баатырдык салттарында тарбиялоонун зарылдыгына учурунда Кыргызстан компартиясы өзгөчө көңүл бөлгөн. Кыргызстан КП БКнын жана республикалык өкмөтүнүн демилгеси менен Жоомарт Бөкөнбаев баш болгон чыгармачыл топ түзүлүп, аларга «Манастын уулу Семетей» деген көркөм фильм тартууга атайы тапшырма берилген. Борбордук комитеттин мындай камкордугу драматургияда элдик мурастарга кызыгуунун күчөшүнө кошумча стимул берген. Согуш учурунда адабиятыбызда К.Жантөшевдин «Курманбек», К. Маликов менен А. Куттубаевдин «Жаңыл», Т. Сыдыкбеков менен К. Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» драмалары, А.Токомбаев менен К. Маликовдун «Сейтек» либреттолору сыяктуу чыгармалар жаралды. Бул чыгармалар согуш мезгилинде элдин патриоттук ой-сезимин ойготууда маанилүү роль ойногон.

Ата-бабалардын баатырдык үлгүлөрүндө жаштарды тарбиялоо компаниясына агартуу тармагы да тартылган. Адабияттын системалуу курсун негиз кылып алган жогорудагы программаны 1943-жылы кайрадан иштеп чыгууга Калим Рахматуллиндин тартылгандыгы бекеринен эмес. Карим Рахматуллин «Манас» боюнча билерман изилдөөчү болгон. 1942-жылы ал «Манасчылар», «Улуу Манас, укмуштуу эпос» деген китептерин басмадан чыгарган. «Манас менен Алмамбет» аттуу драмасын жазган. К. Рахматуллин «Манас» эпосунун жалындуу жактоочусу жана үгүтчүсү болучу. Адабият программасын М.Калининдин чакырыгына ылайык патриоттук, баатырдык мазмундагы чыгармалар менен байытуу муктаждыгы, демек, эл-жерин душмандардан коргогон, эркиндиктин, жеңиштин пафосун алып жүргөн Манас баатырды окуу процессине толук киргизүү зарылчылыгы манас таануучу жана адабиятчы, сынчы Калим Рахматуллинди Агартуу эл комиссариатына алып келген. «Манастын» сюжетинин («Семетей», «Сейтектен» башкасы) VIII класстын адабият программасына киргизилиши эпостун сюжетин жакшы билген жана «Манастын» активдүү пропагандисти, патриот окумуштуу Калим Рахматуллиндин ысымы менен тыгыз байланышкан болгон десек жаңылышпайбыз.

Бирок, ал кезге тиешелүү чындыкты айтып коюш керек, «Манастын» сюжетин окуучулардын толук өздөштүрүшүн камсыз кылуу жөнүндөгү алды жактагы программалык талаптын ишке ашышы кыйын эле. Себеби, 1943-жылга чейин «Манас» эпосунун кээ бир үзүндүлөрү гана айрым кичинекей китепчелер түрүндө жарык көргөн. Азыр эл-журтка белгисиз ошол тарыхый фактыларды эске салсак, анда ал кичине китепчелер төмөнкүчө аталат: Сагымбай Орозбаковдун айтуусу боюнча: Манастын бала чагы, Фрунзе, 1940-жыл. Алооке кан, Фрунзе, 1941-жыл. Макел дөө, Фрунзе, 1941-жыл. Алгачкы айкаш, Фрунзе, 1942-жыл. Биринчи казат, Фрунзе, 1944-жыл. Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча: Каныкейдин жомогу, Фрунзе, 1940-жыл. Каныкейдин Тайторуну чапканы, Фрунзе, 1941-жыл. Манастын өлүмү, Фрунзе, 1940-жыл. Тоголок Молдонун айтуусу боюнча Майдан, Фрунзе, 1942-жыл. Акмат Рысменде уулунун айтуусу боюнча: Үргөнч, 1941-жыл.

Ушул фактылар көрсөтүп тургандай, 1930-40-жылдарда «Манас» С. Орозбаковдон, С.Каралаевден жаңы эле жазылып алынып, толугу менен жарыкка чыкпай, кол жазма түрүндө илимий мекеменин папкасында жаткан. Абал ушундай болсо, окуучулардын колунда «Манастын» сюжетинин толук тексти, окуу китеби, хрестоматия жок болсо, эпостун сюжетин, поэтикалык ажарын терең өздөштүрүү талабы кантип ишке ашмак? Бирок, мындай жагдайга карабастан улуу мурасты өзүнчө бүтүн чыгарма катары баштан аяк үйрөнүү үчүн окуу процессине киргизүү демилгеси чоң патриоттук кадам болгон.

«Манас» эпосу 1952-жылдагы белгилүү бүткүл союздук конференциядан кийин мектеп окуу программасыдан системалуу орун ала баштаган. 1958-1961-жылдарда 4 томдон турган «Манас» эпосунун жарыка чыгышы эпопеянын окутулушуна педагогикалык база болуп берген. Бирок, эгемендүүлүктүн жылдарына чейин советтик кыргыз мектептеринде «кыргыз адабияты» окуу программасынан «Манаска» аз гана саат бөлүнгөн эле. Мисалы, 1980-жылдардагы адабият окуу программасында эпоско 7-8 саат гана бөлүнгөн. Океандай болгон «Манас» үчилтигин ушул 7-8 саатта толук


кандуу үйрөнүүгө болот беле. Мындай аз сааттын бөлүнүшү тоталитардык идеологиянын «Манаска» кысым көрсөтүүсүнөн улам болгон деп эсептейбиз. Мындай абал эгемендүүлүктүн жылдарында түзүлгөн «кыргыз адабияты» программсында кескин өзгөргөн. 1993-жылкы окуу программасында «Манас» эпосуна сааттын бөлүнүшү жагынан олуттуу бурулуш болуп өткөн. Мурда «Манас» эпосу 8-класста гана үйрөнүлсө 1993-жылкы реформаланган программада «Манас» 5-класстан 11-класска чейин жайгаштырылып, улуу мураска бардыгы болуп 50 гө жакын окуу сааты бөлүнгөн. Демек, «Манасты» үйрөнүүгө мектепте кеңири шарт түзүлгөн. 1993-жылы түзүлгөн «Манасты» ичине камтыган «кыргыз адабияты» программасы ушул күнгө чейин мектептерде колдонулуп келе жатат.


Эгемендүүлүктүн жылдарына чейин «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөр көпчүлүк учурда фольклористикалык планда жазылып келди. Алар кандай экендиги жана авторлору кимдер экендиги буга чейинки көптөгөн изилдөөлөрдө баяндалып жазылгандыктан, бул бөлүмдө негизинен эгемендүүлүк жылдарындагы педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн тарыхына кыскача токтололу. Педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн тенденциясы 20-кылымдын 90-жылдарынан баштап, өлкөбүздө аздап активдеше баштап «Манас» эпосунун этикалык-педагогикалык мазмунуна көңүл буруу жанданды. Маселен, академик А.Э. Измайлов: «Патриотизм, бир тууган эл, жерди берилип сүйүү идеясы кыргыз эпосу «Манаста» өтө күчтүү берилген. Бул чыгарма турмуштун чыныгы мектеби, балдарды патриоттуулукка тарбиялоонун кайталангыс каражаты» деген жыйынтыкка келсе [63], профессорлор М.Р. Рахимова менен Т.В. Панкова «Манасты» «Элдик педагогиканын казынасы» катары аныкташат. [135]. Окумуштуу-педагог Советбек Байгазиев: «Манас, Бакай, Кошой, Каныкей- булар жайынча гана адабий каармандар, образдар эмес, булар - бизге таалим катары тартууланган мезгил карытпас, көөнөрбөс моралдык жандуу үлгүлөр, жалпы адамзаттык маанидеги элдин бийик адеп-ахлак нормаларынын эстетикалык-символдору», [42] деп корутундулайт. Демек мындан билим беруу

системасында адегенде «Манас» эпосунун этнопедагогикалык, этикалык бай ресурстарына көңүл бурулса, кийинчерээк ошол баалуулуктарды мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун методикасы жөнүндөгү эмгектер пайда болгондугун билебиз. Эгер андай эмгектердин атын атасак, Д.Т. Саалиеванын «Мектепте «Манас» эпосун окутуунун методикасы» (Б: 1993) , Б.Оторбаевдин «Манас» эпосун 8-класста окутуу» (Б: 2007), Эл мугалими Б.Исаковдун «Манас» эпосун окутуу» (Б: 2000), С.Байгазиевдин «Манас» баатырдын образын интерактивдик усул менен үйрөнүү» (Б: 2003). Б.Үкүеванын «Манас таануу» (Ош: 2013). Б.Үкүеванын «Манас таануу» (Ош: 2017). М. Мадумарова «Манас» эпосун тарых предмети менен интеграциялап окутуу» (Б: 2017). Н.Тахирова «Манас таануу» курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» (Б: 2019). А.Зулпиевдин «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери (Б: 2022), С.Байгазиевдин «Манас» эпосунун педагогикасы, «Манастаануу» (Б: 2022) эмгектерин белгилемекчибиз. Аталган эмгектерге мүнөздөмө бере турган болсок, анда төмөнкүлөрдү белгилөөгө туура келет.

Д.Саалиева өзүнүн жогоруда аталган эмгегинде мектептин ортоңку класстарынын жаш өзгөчөлөгүн эсепке алып, аларга «Манас» эпосунун сюжетин комментарийлеп окутуу методикасын сунуш кылган жана комментарийлеп окутуу боюнча бир катар окутуу сценарийлерин иштеп чыккан. Д.Саалиева «Манасты» окутууда комплекстүү мамиленин зарылдыгын белгилөө менен төмөнкүдөй идея-схеманы сунуштайт.

1.2.1-сүрөт.






«Манас» сабагын ушундай синхрондуулукта жүргүзүү окмуштуунун ою боюнча ийгилик алып келмек.

Ал эми Б.Оторбаев «Манас» эпосун 8-класста окутуу» аттуу эмгегинде эпостун сюжети, каармандары, образдары боюнча конкурс, дебат, сахна-сабак, Манас айттыруу, эпикалык текстин үзүндүлөрүн көркөм окуу, ыр тексттерди кара сөзгө айландырып өз сөзү менен айтып берүү, каармандардын, тулпарлардын сүрөттөрүн тартуу, дил баян, баяндама, доклад, реферат, эссе сыяктуу жазуу иштерин аткаруу, «Манастын» ысымы аталган тарыхый жерлерге саякат жасоо, экскурсияга баруу, манасчылар менен жолугушуу сыяктуу методдорду колдонуу эпопея боюнча сабактардын эффективдүүлүгүн арттырат деген пикирин сунуштайт.

Эл мугалими Б.Исаковдун «Манас» эпосун окутуу» деген педагогикалык эмгеги өзүнүн мугалимдик тажрыйбасын баяндоого арналып, «Манастын» тексттерин механикалык түрдө жаттап алып, «4», «5» деген бааларды алуу али чыныгы билим эмес деп эсептейт. Анын педагогикалык жана методикалык көз карашы боюнча эпостун окуяларына жана каармандарына карата окуучунун жекече индивидуалдуу позициясын иштеп чыгуу эң маанилүү. Маселенин маңызына окуучу өз күч аракети, акыл мээнети менен түшүнүшү зарыл. Бул үчүн Б.Исаков өзүнүн практикасында төмөнкүдөй методдорду колдонгондугун жазат. Модулдук система менен окутуу (Б.Исаковчо айтканда, теманы парчаларга бөлүп окутуу), интерактивдик усулдар, проблемалык кырдаалдарды түзүү, талаш-тартыш, диолог-дискуссия, окуу оюну, талкуу, сынчыл ойлом, мээге чабуул, акыл эрөөлү, евристикалык усул, изилдөө усулу, тегерек үстөл, тоскоолдуктарды

коюу жана аны жеңип өтүү ыкмасы, ар кандай парчаларды, тамсилдерди, накыл сөздөрдү, ичине маанилүү турмуштук сабактарды камтыган икаяларды пайдалануу, чыгармачылык менен окуу, үн кубултуп көркөм окуу, каталардын үстүндө иштөө, сочинениелерди талдоо-талкуулоо, сахна-сабак, сабак-конференция, ачык асман алдындагы сабак, окуучунун сабагы, маектешүү сабагы ж.б. Б. Исаков Манасты окутууда ушундай методикалык ыкма-амалдарды системалуу түрдө колдонгондо окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсү, өз күч аракети менен чындыкты издөөсү активдешип анын ичинде үргүлөп турган рухий, акыл эс потенциялы ойгонуп, кыймылга келип, интелектуалдык кудурет - жөндөмү жанданып субъективдүү ой-толгоолору күчөп маселеге түшүнүү мүмкүнчүлүгү арткандыгынын өзү жогорудагыдай активдүү методиканын таасири. Демек, мындан Б.Исаков максат кылган окуучунун маселеге жекече позициясын иштеп чыгуу идеясы ишке ашкандыгын көрөбүз. Муну эмнеден көрүүгө болот? Эмесе, Б.Исаковдун Гулнар аттуу окуучусунун дил баянын мисалга тарталы.

«Алмамбет баатырдын Манаска келип кошулушу» темасындагы Алманбет менен анын энеси Алтынайдын Каңгайдагы окуясына байланыштуу Гулнар аттуу окуучу кыз өзүнүн дил баянында өз ой пикирин, тыянак чечимин төмөндөгүдөй жыйынтыктаган: «1. Жакшы энелер уулунун, адилет иши үчүн отко да, чокко да түшүшкөн, өлүмдөн кайра тартпагандыгы – эпосто Алтынай аркылуу ушул идея ишке ашкан. 2. Бул окуя Чыйырды менен Каныкейдин Семетейге кылган камкордугуна окшош, мындай энелик улуу сезим Айчүрөккө да таандык, бирок айырма да бар. Алтынай жөнүндөгү окуя өтө кыска, ошонусуна карабастан ал жарк эткен жакшынакай, таза өмүрдүн элесин берет. 3. Адилеттүүлүк үчүн күрөшкөндүгү баласы үчүн курман болууга үлгү алууга татыктуу, улуу өрнөк катары андан миңдеген энелер таалим алышкан. 4. Бул окуяда Алмамбеттин окуясынын бир кыры (көз карашы) ачылат. Ага адилеттик баарынан жогору, бир боор Ата Мекенинен кымбат, сүйгөн кызы Бурулчадан бийик, ошол себептүү чындыкты бетке айтат, зордукчулар менен салгылашат, ата конушун таштап,

качып чыгат. 5.Эл эпостун ушул кичинекей бөлүгү аркылуу эненин улуулугун, ыйыктыгын, акыйкатчылдыгын жана уулунун чалкар, теңдешсиз сүйүүсүн айтат ж.б. 6. Мен келечекте эне болсом баламды Алманбеттей акыйкатчыл, чынчыл кылып өстүрөм жана уулумдун ар намысы үчүн Алтынай эне сыяктуу өлүмдөн коркпой, күрөшкө чыгууга даярмын!» Бул дил баяндан Гулнар окуучунун Манастагы Алманбеттин окуясына карата өзүнүн жекече ишенимин иштеп чыккандыгы, өзүнүн жекече позициясына ээ болгондугу ачык көрүнөт. Демек, Б.Исаковдун сабактын жүрүшүндө окуучунун чындыкты өзү издеп табуусу жөнүндөгү педагогикалык философиясы ишке ашкан. Эл мугалиминин бул тажрыйбасы мектептердеги адабият мугалимдери үчүн табылгыс сабак.

Б.Үкүеванын «Манас таануу» деген китебинде «Манас таануу» курсу боюнча болжолдуу лекциялык материал катары милдет аткаруу менен жогорку окуу жайларынын окутуучулары, студенттери, мектеп окуучулары, мугалимдери бул окуу куралынан эпоско байланыштуу көптөгөн маалыматтарды ала алышат. Ошондой эле алардын эпос боюнча тааным, билгичтиктерин тереңдетип, андан ары өстүрүүгө жакындан жардам боло турган көмөкчүлүк милдетти аткара алат. Эпостун жаралышына өбөлгө болгон булактар, кыргыз элинин башынан өткөргөн тарыхый доорлору, жашоо шарты, социалдык абалы, көркөм ойлоосу, манасчылар жана алардын элдик оозеки чыгармачылыктагы ээлеген орду, эпостун искусстводогу ролу жөнүндө да бай түшүнүктөрдү ала алышат. Ошол эле мезгилде ар бир кыргыз жараны үчүн кандай кырдаалда болбосун, улуттун кызыкчылыгы биринчи орунда турушу керектигин эпостун идеялык мазмуну, образдардын мүнөздүк касиеттери аркылуу аңдай билгенге толук мүмкүнчүлүк алышат.

Н.Тахированын «Манас таануу» курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» аттуу диссертациялык эмгегинин илимий жаңылыгы: медициналык колледждерде «Манас таануу» курсун окутуунун методикасы адабият таануу, педагогика, психология илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу иштелип

чыгылгандыгында; аталган курсту медициналык колледждерде окутуунун тарыхы, жалпы абалы, проблемалары, өзгөчөлүктөрү талданып, ырааттуулукка келтирилгендигинде; «Манас таануу» курсун медициналык колледждерде этнопедагогикалык негизде окутуунун натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталгандыгында; майнаптуу деп аталган методикалык ыкмалар жана окутуу технологиялары тажрыйбадан өткөрүлүп, практикага сунушталгандыгында. Изилдөөнүн практикалык мааниси: «Манас таануу» курсун медициналык колледждерде окутуу боюнча материалдар, методикалык сунуштар, технологиялар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө, университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда, жалпы эле техникалык жана гуманитардык багыттагы колледждердин окутуу технологияларын этнопедагогикалык негизде жаңылоодо көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

А.Зулпуевдин «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери аттуу диссертациялык эмгеги Манас таануудагы баалуу эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн максаты Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда «Манас таануу» курсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологиясын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуштоо катары аныкталган.

Алдыга коюлган бул илимий максатында А.Зулпуев төмөндөгүдөй милдеттерди чечүү аркылуу жүзөгө ашырууну көздөгөн:

1. Учурдагы окутуу процессинин шарттарына ылайык Республиканын жогорку окуу жайларында «Манас таануу» курсун окутуунун методологиялык негизин аныктоо.

2. Аталган курсу окутуунун педагогикалык, методикалык принциптерин, учур талаптарына ылайык иштеп чыгуу.

3. Республиканын жогорку окуу жайларында «Манас таануу» курсун окуп-үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүү, анын ЖОЖдордун мамлекеттик

стандарттарында, окуу программаларында, окуу усулдук адабияттардагы абалына анализ жүргүзүү.

4. Жогорку окуу жайларда «Манас таануу» курсун өзүнчө окуу дисциплинасы катары негиздөө, анын максатын, милдеттерин, формалары менен каражаттарын жана мазмундук түзүлүшүн аныктоо.

5. «Манас таануу» курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап үлгүсүн иштеп чыгуу, анын компоненттерин аныктоо, окутуу принциптерин, методдорун аныктоо.

6. Аталган курстун иштелип чыккан үлгүсүн турмушка ашыруунун технологияларын, аткарылуучу практикалык-методикалык иштердин системасын жана «Манас таануу» дисциплинасын окуп үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясын иштеп чыгуу.

7. Иштелип чыккан үлгүнү практикага киргизип, жүзөгө ашыруунун технологияларын, аларды келечектүү концепциясынын тууралыгын эксперименттик сыноодон өткөрүү, жыйынтыгын практикага киргизүү.

Бул милдеттерди чечүү үчүн иштин автору анализ жана синтез, индукция жана теория менен практиканын биримдиги методологиясын колдонгон.

Изилдөө жогорку окуу жайларында «Манас таануу» курсун окутуунун сапатын жакшыртууга, окутуунун илимий методикалык пайдубалын курууга багытталып, артыкчылыктуу илимий-педагогикалык нукта жазылган.

А.Зулпуев эмгегинде проблеманы констатациялап гана койбостон, автордун жетишкендиги проблеманын чечилиш жолун тапкандыгында. Жогорку окуу жайларындагы «Манас таануу» курсун окутуу тажрыйбаларын жалпылоо менен «Манас» эпосунун ааламдашуу шартындагы жаштарды окутуп тарбиялоодогу баалуулук касиеттерин, милдетин, функциясын жана ордун аныктаган. Аталган курстун мазмундук ресурстарын, структурасын тастыктап көрсөткөн. Курстун мазмунун аныктоодо фольклористикалык, адабият таануучулук, манастаануучулук, адабий-педагогикалык эмгектерге таянган.

«Манас таануу» курсунун мазмунун өздөштүрүү боюнча студенттердин компетенттүүлүктөрү жана студенттердин «Манас» боюнча билимине коюлуучу талаптары иштелип чыккан.

«Манасты» окутуунун методикасы негизделген. Конструкциялап окутуу, деталдаштырып окутуу, Манас айттыруу, көркөм окуу, дебат усулу, долборлоо жана интеграциялап окутуу, интерактивдик ыкмалар, интеграциялап окутуунун удаалаш тиби, жарыш тиби, курчама тиби жана тутумдаш тиби сыяктуу методикалык амалдар сунуш кылынып, бул жана башка технологиялар эксперимент аркылуу сыноодон өткөрүлүп, анын эффективдүүлүгү ырасталган. Изилдөөнүн эксперименталдык практикалык аспектисине келгенде, А.Зулпуев абстрактуу риторикадан алыс болуп, конкреттүүлүктү көздөп, сабактарга катышуу, конкреттүү педагогикалык тажрыйбаларды анализдөө жана синтездөө, байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, анкеттөө, тест жүргүзүү сыяктуу эмпирикалык методдордун алкагында иштеп, изилдөөсүн фактылар менен ишенимдүү аргументтештирүүгө жетишкен.

Бир сөз менен айтканда А.Зулпуевдин изилдөөсүнүн илимий жаңылыгы жогорку окуу жайларында «Манас таануу» курсун окутуунун заманбап инновациялык технологиясын иштеп чыккандыгында жана окутуунун мазмундук, адабий-теориялык, педагогикалык дидактикалык, илимий методикалык негиздеринин аныкталгандыгында.

Эгемендүүлүктүн жылдарында «Манас» эпосунун педагогикасын этикалык нарктарын, руханий баалуулуктарын, патриоттук дөөлөттөрүн, адеп-ахлак кенчтерин изилдөөдө профессор Советбек Байгазиев өзгөчө активдүү эмгектенген окумуштуулардын бири. Ал мектеп мугалимдери үчүн төмөндөгүдөй эмгектерди жаратты.

**С. Байгазиевдин «Манас» эпосу боюнча жазган, илимий, илимий-педагогикалык, илимий-популярдуу китептери:**

1. Улуу Манас- улутубуздун тил жана дил бешиги. –Эркин Тоо басмасы, 1994.

2. «Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары. – Алтын тамга, 2013.

3. Улуу «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси. –Алтын тамга, 2013.

4. Айкөл Манас атанын руханий-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү. – «Билим» басмасы, 2013.

5. Манастаануу: Бакай-чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту. –AS Print, 2015

6. Кошой даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин улуу өрнөгү. – Алтын Принт, 2015.

7. Манас менен Каныкей мекенчилдиктин идеалы жана рухий сулуулуктун улуу өрнөгү. – Алтын Принт, 2015.

8. Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. – Алтын тамга, 2018.

9. Манас жана Чыңгыз. – Бишкек, Алтын тамга, 2018.

10. Улуу «Манастын» алтын казынасынан жети нуска. – 2019.

11. Манас, Бакай, Кошой- Ата журтка жеңиш жана бакыт алып келген жарандык улуу биримдиктин символу. – 2019

12. Айкөл Манас Ата журтка кандайча кызмат кылган?-2019

13. Улуу «Манас» эпопеясы- дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. – Бишкек, 2015

14. Кылым таймашы же Кошой баатырдын улутка утуп берген улуу мөөрөйү. – Бишкек, 2016

15. Манастаануу. ЖОЖдор үчүн окуу китеби. – Кыргызполиграф комбинаты, 2001.

16. «Манас» эпосун интерактивдик усул менен окутуу. – Гүлчынар, 2010.

17. «Манас» эпосу: тарыхый эстутумга, антиманкурттук рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо. – Алтын тамга, 2012.

18. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. - Алтын тамга, 2012.

19. Бала Манастын инсан катары калыптанышына эмгек тарбиясынын ролу. - Алтын тамга, 2012.

20. «Манастаануу». ЖОЖдор үчүн окуу китеби, коллектив менен бирге. – Бийиктик басмасы, 2013.

21. «Манас тануу» (Кытайда жарык көргөн), коллектив менен бирге жазылган. – 2016-ж.

22. Манас таануу – 40 басма табак, Бишкек, 2017.

23. Кыргыз этикалык жана этнопедагогикалык асылнарктары. – Алтын тамга, 2019.

24. «Манас» эпосунун педагогикасы. – Алтын Принт, 2021.

25. «Манас» эпосунун руханий, идеаялык-даанышмандык, адептик-ыймандык жана жарандык-патриоттук нарктары. – Бишкек, 2022.

Профессор Курманбек Абакиров өзүнүн «Манас таануу» илиминин калыптанышы жана өнүгүшү» аттуу монографиясында С. Байгазиевдин «Манас» эпосу боюнча жазган эмгектеринин маани-маңызын, мазмундук чордонун төмөнкүчө мүнөздөйт. «С. Байгазиев үчүн негизги оң каармандардын түбөлүктүү үлгү-сабак боло турган сапаттарын, өрнөктүү касиеттерин ар тараптуу ачып берүү негизги максат болуп эсептелет. Ал эми «Манас жана Каныкей -мекенчилдиктин идеалы жана руханий сулуулуктун үлгүсү» аттуу соңку эмгегинде (2015) С. Байгазиев өмүр жолу ынтымак менен эриш-аркактуулуктун, элге кызмат кылуунун бийик үлгүсү болгон Манас менен Каныкейдин образдарынын руханий, адептик-ыймандык, тарбиялык, патриоттук сабактарын ар тараптуу иликтөөгө алат. Буга чейин бул образдар тууралуу көп эле сөз болгону менен, алар бул ыңгайда мынчалык терең, кылдат жана кеңири масштабда талдана элек болчу. Демек, эпостогу образдардын ачыла элек кырлары, сырлары дагы эле арбын десек болот. Эпостун образдар системасынын караштыруунун илимий багыттары жана жол-жоболору да улам тармактанып, татаалдашып, тереңдей бергени табыгий иш. Анын түпкү себеби, албетте, эпостун идеялык, көркөмдүк-эстетикалык, философиялык,

педагогикалык, тарыхый, диний көп катмарлуулугуна, алардын тереңдиги менен бийиктигинде, манас таануучу **С.Байгазиев** жазгандай «Манастын» идеялык-рухий кенчтери күнүмдүккө эмес, түбөлүктүүлүккө багыштаган улуттун эскирбес, карыбас мүлктөрү» болгондугунда жатат Кийинки он жылдыкта «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук дөөлөттөрү жана идеологиялык асыл нарктары тууралуу салмактуу эмгектерди жараткан С.Байгазиев анын образдар системасын, ириде борбордук каармандардын элге бере турган сабактарын түркүн ракурстан караштырып, таасындыгы жана тереңдиги менен көзгө урунган бүтүмдөрдү чыгарат. Окумуштуу өзү иликтеген маселелерди бүгүнкү жашоо-тириликтин көйгөйлөрү, адамдын пенделик алпурушууларын, ойломунун кардиналдуу маселелери менен ыктуу жана ынанымдуу тутумдаштыра билет. Анын мыкты жактарынын бири ушунда. «Манас» эпосунун адеп-ахлак концепциясы киши пендесинин бул жарыкчылыктагы өмүр-жашоосун маани-маңызы эмнеде деген социалдык-философиялык, моралдык суроо менен тыгыз байланышта» - дал келип, көпчүлүк манас изилдөөчүлөрдөй эле эпостун өзөктүү идеясын элдин эркиндиги, ынтымагы, жыргалчылыгы, чындык, адилеттүүлүк үчүн күрөшкө байланыштырган С.Байгазиев образдардын нукура функциясын социалдык-философиялык, моралдык-нравалык, педагогикалык, руханий маселелерге байланышта иликтейт. «Манастын образынын өзү кишинин өмүр жашоосунун маани-маңызы пенденин өзүнөн жогору турган кандайдыр бир бийик, ыйык, улук элдик, гуманисттик мүдөө-идеяларга кызмат кылышында экендигин каңкуулап турат» - деген бүтүм менен ал өзү койгон соболго жооп берет, ага чейин ал жоопту эпостун текстине таянган өткөн ишеничтүү ой-жоруулар менен даярдайт. «Калыстык, адилеттүүлүк, эл алдындагы парз (долг), абийир (совесть), жоопкерчилик, сөз менен иштин биримдиги, эмгекчилдик сыяктуу жалпы адамзаттык моралдык дөөлөттөрдү көтөрүп жүргөн Манас, Бакай, Алманбет, Каныкей сыяктуу каармандардын образдары кыргыз эпосунун универсалдык нравалык маанисин дагы да тастыктайт», - деген

окумуштуунун пикири эпостун өзүнөн агылып чыккандыгы талашсыз» [1, 347-348].

С.Байгазиевдин айрым бир орчундуу эмгектерине конкреттүү мүнөздөмө берип өтөлү. Окумуштуунун «Манас» эпосунун педагогикасы аттуу китебинде (Бишкек 2021) айкөл Манас Атабыздын балалык дооруна талдоо салган педагогикалык илимий макалаларынын цикли жайгаштырылган. Манастын бала катары өзгөчөлүгү эмнеде болгон? Күйүп турган чок болуп, жалындаган от болуп турган тентек баланын ашып-ташкан энергиясын устаттар эмнеге, кандай максатта багыттап тарбиялашкан? Алтайда Манастын алгачкы тарбиячылары кимдер болушкан? Алар Манастын Манас болушу үчүн кандай тарбия амалдарын колдонушкан? Бала Манас тарыхый эс тутумга, эмгекке, аскердик-жоокердик өнөргө, мекенчилдикке, патриотизмге кантип тапталган? Анын гениалдуу акыл-эси, аң сезими кантип эртелеп ойгонгон? Дегеле «Манас» эпосунун бала жөнүндөгү педагогикалык философиясы кандай? Окурмандар китептен ушул өңдүү суроолорго жооп таба алышат жана улуу «Манас» эпосунун чыныгы этнопедагогикалык казына экендигине дагы бир жолу күбө боло алышат.

С.Байгазиев эпикалык тексттерге, анын подтексттерине, саптардын арасына катылган логикага, көмүскө «коддорго», сюжеттик фактыларга үңүлүп, Акбалта, Чыйырды, Ошпур, Жакып сыяктуу тарбиячылардын ролун аныктап, Айкөл шердин – келечектеги кыргызды кулчулуктан куткаруучунун тарбиялануу сырларын, жарандык жетилиш жагдайын чечмелеп, ачып берген. «Манастын» педагогикасы бүгүнкү тарбиячыларга маанилүү сабак.

Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бекитүүсү менен жарык көргөн (2022-жыл, «Алтын принт» басмасы) профессор Советбек Байгазиевдин жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн «Манастаануу» окуу китеби билим берүү системасындагы өзүнчө бир педагогикалык жаңылык, жакшы саамалык – окуя болду. Анткени буга чейин «Манас таануу» окуу программасынын негизги чордондуу темаларын камтыган жана терең жана илимий – популярдуу түшүндүргөн толук кандуу

окуу китеби болбой келген эле. С.Байгазиевдин көп жыл бою жазылган бул көлөмдүү, мазмун жактан омоктуу китеби өлкөнүн Президенти Садыр Жапаровдун 2022-жылдагы «Манас» эпосунун үчилтигин ар тараптуу изилдөө жана популярдаштыруу боюнча кошумча чаралар» жана «Улуттук нарк жөнүндөгү» жарлыктарын турмушка ашыруу зарылчылыгынын контекстине караганда да актуалдуу. Окуу китеби «Кириш сөздөн», сегиз ири бөлүмдөн (ар бир бөлүмдүн камтыган кичи темалары бар) жана корутундудан, пайдаланылган адабияттардан турат. Ар бир бөлүмдөн кийин билимди текшерүүчү суроолор жана студенттер жаза турган рефераттардын темалары жайгаштырылган. Китептин аягында «Манас таануу» предметинин жыйынтыктоочу корутунду сабагын уюштуруп өткөрүү боюнча методикалык рекомендация берилген. Билимди текшерүүчү суроолор, рефераттын темалары, методикалык рекомендация сыяктуу усулдук инструментарийлер мурдагы жарым – жартылай чыккан окуу китептеринде жок болучу. С.Байгазиевдин жаңы окуу китебинин бир өзгөчөлүгү ушунда.

«Манас» эпосунун улуттук жана жалпы адамзаттык мааниси, кыргыз элинин турмушундагы ролу» - деп аталган биринчи бөлүмдө улуу эпопеянын, рухий, моралдык – этикалык, идеялык – философиялык, патриоттук нарктарынын улуттук жана универсалдык маани – маңызы мисалдар менен тастыкталат жана көркөм формасынын кооздугу, поэтикалык сулуулугу, кереметтүү көркөм боёктору жагынан кыргыздын «Манас» эпосунун дүйнөлүк адабий классиканын деңгээлине көтөрүлүп чыккандыгы ынанымдуу түрдө ырасталган. Ошондой эле «Манастын» кыргыз элинин турмушунда кылымдап ойноп келген тарыхый – маданий ролу аргументтүү көрсөтүлгөн.

Биринчи бөлүмдөн студент жаштар улуу мурастын ата-журттун гана эмес, адамзаттын маданий баалуулугу экенин таанышып, эпостун калк турмушундагы кечээки жана бүгүнкү ордун, аткарып келген функциясын, аткарып жаткан ролун түшүнүшүп, сыймыктануу сезимине бөлөнүшөрү шексиз.

11-классты жаңы эле бүтүп келишкен жогорку окуу жайларынын 1-курсунун студенттерин көп жылдык социологиялык сурамжылоолор мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн дээрлик 95 процентинин «Манас» эпосун толук окуп чыкпагандыгын, жаштардын «Манастын» сюжетин укканы, мугалимдин берген маалыматы окуу китебинин справкасы боюнча гана чала – чарпыт, үзүл – кесил билерлигин аныктаган. Ушул жагдайды эсепке алуу менен С.Байгазиевдин бул окуу китебинин экинчи бөлүмүнө «Манас» эпосунун сюжети» аттуу дидактикалык материал жайгаштырылган. Бул бөлүмдө «Манас» эпосунун сюжети башынан аягына чейин кара сөз түрүндө көркөм тил менен кыска – нуска ырааттуу баяндалып берилген. Бул иш эпостун сюжеттик өзөгүн студенттердин өз эс тутумунда сактоо жана мындан ары «Манастын» айтылчу проблемаларына түшүнүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу максатында жасалган. «Манастын» сюжетин билбей туруп, анын каармандарынын образдарын түшүнүү мүмкүн эмес. Бул жагынан алганда эпостун сюжеттик канвасынын окуу китебине жайгаштырылышы логикалык жактан да, методикалык жактан да туура демекчибиз.

Окуу китебинин үчүнчү бөлүмүндө эпостун Манас, Бакай, Кошой, Каныкей, Алманбет, Чубак, Чыйырды, Акбалта, Коңурбай сыяктуу борбордук каармандарынын адамдык жана атуулдук жүрүм – туруму менен, эл эркиндиги үчүн жасаган жарандык иш – аракеттери, мекенчил нравалары кең-кесири талданып, ачылып берилген.

«Манасты» манасчыларсыз элестетүү мүмкүн эмес. «Манасчылар» деп аталган төртүнчү бөлүмдө манасчылык өнөрдүн табияты, андагы уланмалуулук салты, устат – шакирт маселелери, манасчылардын калайык – калкты Манас идеологиясынын патриоттук духунда тарбиялоодогу ролу, алардын актёрдук чеберчиликтери жөнүндө кызыктуу сөз жүрөт: бул бөлүмдө тарыхый – архивдик, эскерүү – мемуардык материалдардын негизинде жазылган классикалык манасчылардын Келдибектин, Балыктын, Тыныбектин, Чоюкенин, Сагымбайдын, Саякбайдын, Жаңыбайдын портреттери берилген. Студенттер бул бөлүмдөн «Манастын варианттары,

Манасчылардын «түш көрүү» маселелери менен да таанышышат: кыскасы, төртүнчү бөлүм манасчылар жөнүндө кызыктуу бай маалыматтарды жана терең түшүндүрмөлөрдү тартуулагандыгы менен айырмаланат.

Окуу китебинин 5-бөлүмүндөгү «Манасты» эл оозунан жыйноонун тарыхы – Манастаануу илиминин ажырагыс составдык бир бөлүгү жана эпостун түркүн манасчылардын айтуусунда кагазга түшүрүлүү таржымалы да студенттердин улуу мурас тууралуу эс тутумун бекемдөөнүн бир формасы болуп саналат. 5-бөлүм «15-16 кылымдагы «Тарыхтардын жыйынтыгы» жана «Манас», «Чокан Валиханов жана «Манас», «В Радлов жана Манас», «Будапештке жеткен 72 сап», «Кенжекара», «атар – башкыр мугалимдеринин Манасты жыйнашы», «Октябрь төңкөрүшүнө чейин кыргыздардан «Манасты жыйнагандар болгонбу?» «Совет бийлиги жана Манас ааламынын алгачкы карлыгачы», «Кытайда жана Ооганстанда «Манас ааламынын алгачкы карлыгачы», «Кытайда жана Ооганстанда Манастын жыйналышы» - деген параграфтардан турат. Ар бир параграф, ар бир тема кызыктуу тарыхый фактыларга, сейрек жана уникалдуу фактыларга, эпизоддорго, деталдарга бай жана ынанымдуу аргументтүү талдоолордо эгедер.

Окумуштуу эпостун эл оозунан жыйналуу тарыхына олуттуу мамиле жасаган жана мунун натыйжасында окуу китеби «Манасты» чогултуп, кагазга түшүрүүнүн кыйла эле толук тарыхый маданий картинасын көз алдыга кашкайта тартып турат: Өзгөчө Сагымбайдан, Саякбайдан эпостун жазылып алынышы драмалуу болгондугу көз алдыга айкын элестейт. С.Байгазиевдин эпопеяны жыйноонун тарыхы боюнча манастаануучулук компетенттүүлүгүнө жана кеңири кругозоруна, аналитикалык оломуна баа бербей кое албайсың.

Китептин 6-бөлүмүндө «Манас» эпосунун тоталитардык доордогу идеологиялык тоскоолдуктардан улам жаралган драмалуу тагдыры китеп болуп басылуу кыйын кезеңи, эгемендүүлүктүн жылдарындагы эпопеянын варианттарынын жарыкка чыгуу тарыхы чагылдырылган.

6-бөлүм өзүнүн фактылык базасынын бекемдиги, далилдүүлүгү менен бөтөнчөлөнөт.

Жетинчи бөлүм «Манас» эпосу дүйнө окумуштууларынын көзү менен (Эпостун изилдениш тарыхы)» - деп аталат. Бул өтө орчундуу бөлүм. Анткени мында Манас таануу илиминин пайда болушу, калыптанышы, өсүп – өнүгүш процессине, бул илимдин методикасы менен методологиясына экскурс жасалат. Мындай чоң маселе окуу китебинин авторунан кеңири билимди жана ойлонуунун үлкөн масштабын талап кылган. Окуу китебинен Американын, Европа менен Азиянын фольклорист окумуштууларынын анын ичинде Радлов, Валиханов, Ауэзов, Маргулан, Жирмунский, Богданова, Берков, Абрамзон, Кыргыз илимпоздору Б.Юнусалиев, Р.Кыдырбаева, С.Мусаев, Р.Сарыпбеков, К.Абакиров, Ж.Сааданбеков, Т.Тургуналиев, Ж.Орозбекова, Кытай, Туркия, Англия аалымдары сыяктуу көптөгөн манастаануучулардын, оозеки чыгармачылыкты изилдөөчүлөрдүн улуу кыргыз эпосу жөнүндөгү орошон ойлорунун идеяларынын, көз караштарынын, трактовкаларынын философиялык, маданий фольклористикалык этнографиялык тыянактарынын түркүн – түстүү мозаикасына жана спектрине күбө болобуз.

Ошондой эле, Ала-Тоонун алгачкы Карлыгач Манас таануучулары Б.Солтоноевдин, К.Тыныстановдун, Т.Байжиевдин, К.Рахматуллиндин «Манас» жөнүндөгү оригиналдуу ой пикирлери, Манастаануу илимине кошкон үлүш-салымдары окуу китебине биринчи жолу киргизилип отурат. Окуу китебинде «Манасты» дүйнөлүк аренага алып чыгууда Чыңгыз Айтматовдун ойногон ролу айкын көрсөтүлүп, улуу жазуучунун эпос туурасындагы илимий – философиялык ойлору терең талдалып берилген. Эпос жөнүндөгү изилдөөлөрдү жалпылап келип С.Байгазиев 7-бөлүмдү төмөндөгүчө тыянактаган:

«Манас» темасындагы изилдөөлөр жалаң гана адабий дастан, фольклордук классикалык чыгарма, анын сюжети, образдары, мотивдери, идеялары, композициясы, поэтикасы, типологиясы жөнүндөгү гана сөз эмес,

эң негизгиси, эпостун тегерегиндеги илим корутундулары кыргыз эли, кыргыз калкынын этногенези, тарыхы, эл аралык мамилелери, салт- санаасы, «он сегиз миң ааламда» кыргыздын башка элдердин катарынан алган орду жөнүндөгү чоң сөзгө айланып олтурат. «Манас» жөнүндөгү изилдөөлөрдүн маңызы дагы мында турат: «Манас» - кыргыздардын руху жана өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү, кыргыз маданиятынын архетиби, спецификалык тили, байыркы кыргыздардын дүйнө модели. «Манас» - кыргыздын өмүр, өлүм, эл, Ата Мекен жөнүндөгү философиясынын, этикалык бийик идеалдарынын, адеп-ахлактык чен-өлчөмдөрүнүн, руханий асыл нарктарынын алтын казынасы. «Манас» - кыргыздын нечендеген муундарынын даанышман акыл-эсинин каймагы. Улут турмушунун энциклопедиясы. Элдик педагогиканын чордону. Оозеки көркөм чыгармачылыктын туу чокусу. Дүйнөлүк классика. Теңдешсиз ыр океаны. Ал өз ичине көптөгөн доорлордун катмарланган издерин камтыган, сюжетинде кереметтүү фантастикалык элементтер менен реалдуу турмуштук сүрөттөөлөрдүн синтезин алып жүргөн, кыргыз элинин баштан кечирген тарыхынын негизинде жаралган, философиялык бийик жалпылоолордун эпосу. Ак калпак кыргыздын поэтикалык өмүр баяны».

Окуу китебинин акыркы 8-бөлүмү «Манас» эпосунун руханий баалуулуктарына, нарктарына арналган. Эпикалык тексттен алынган мисалдардын негизинде эпостун борбордук каармандары көтөрүп жүргөн рух дөөлөттөрү талдалып, чечмеленип берилет. 8-бөлүмдө студент жаштар Манас рухуна сугарылышат. Жаштар аталган бөлүмдөн кыргыз элинин кылымдарды баскан гуманисттик моралы, карманган эреже – жоболору, эркиндик, биримдик, достук философиясы, мекенчил адеп – ахлагы жөнүндөгү олуттуу баян менен сырдашышып, өздөрүнүн Айкөл Манас атанын урпагы катары сезишип, улуттук ар намыс жана Сыймык сезимине бөлөнбөй коюшпайт. Алардын гениалдуу эпостун таасиринде жашап калышарына шек жок.

Кыскасы, Советбек Байгазиевдин бул «Манастаануу» окуу китебин өзүнчө бир энциклопедиялык окуу китеби десек болот. 20 жылдык

изилдөөлөрдүн негизинде жаралган бул эмгектен кыргыз эли көп түшүнүк жыйнайт деген ишеничти билдирмекчимин.

«Манас» Эпосунун руханий, идеялык-даанышмандык, адептик-ыймандык жана жарандык-патриоттук нарктары деген мектеп мугалимдерине, класс жетекчилерине, тарбиячыларга керектүү китебинде «Манас» эпосунун өзөгүндөгү кыргыз элинин фунтаменталдуу баалуулуктары, нарктары эпостон алынган кеңири мисалдардын негизинде тастыкталып, талдалып берилген.

С.Байгазиев терең чечмелеп берген «Манастагы» бул баалуулуктар кыргыз элин далай тарыхый бороон-чапкындардан сактап келген жана калайык калкыбыз ушул уңгулуу нарктарды туу кылып көтөрүп жүрүп отуруп бүгүнкү эгемендүүлүгүбүзгө жеткен. Бул баалуулуктар жалаң эле улуттук эмес универсалдык мааниге да ээ. С.Байгазиевдин Манас нарктары жөнүндөгү китеби мектептеги окуу-тарбия сабактары үчүн педагогикалык-дидактикалык тирек жана баалуу рухий ресурс болуп эсептелет десек жаңылышпайбыз.

С.Байгазиевдин 2017-жылы 3-мартта Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри коллегиясы бекиткен «Манас» эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларда окутуунун концепциясы» аттуу эмгегинде улуу мурасты окутуунун негизги максаты жана натыйжасы кандай болуш керек экендиги төмөндөгүчө аныкталган. «Манасты» окутуунун түпкү натыйжасы – деп жазат Байгазиев өзүнүн концепциясында – бул өз Ата журтунун, улутунун эгемендүүлүгүн эң жогорку асылнарк деп түшүнгөн, элинин биримдигин, башкошкондугун, улут аралык ынтымак-ыраскерчиликти, достукту улуу дөөлөт деп санаган, өз эл-жерин, Ала-Тоону Манас атасындай сүйгөн жана аны коргоого даяр турган, бир тууган өлкөсүнүн, журтунун, жамаатынын чачылганын жыйноого, үзүлгөнүн улоого, жоготкон жогун табууга умтулган, улуттук кадыр-барк сезими (чувство национального достоинство) өнүккөн, «Манасты» окутуунун максаты, маңызы дал ушундай натыйжаны алууда турат. [38,537]. Кыскасы,

жыйынтыктап айтканда эгемендүүлүктүн жылдарында «Манас» эпосу боюнча педагогикалык багытта жазылган изилдөөлөрдө жана илимий-методикалык эмгектерде маанилүү методологиялык жана методикалык идеялар, ориентрлер, нускамалар жана рекомендациялар камтылган. Жогоруда сөз болгон эмгектер мектептерде «Манасты» окутуунун илимий – методикалык негиздерин кандайдыр бир даражада түзүп турат.

Мектеп бүтүрүүчүсүнүн, мекенибиздин жаш жаранынын моделин аныктаган «Манас» эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларда окутуунун концепциясынын стратегиялык багытына биздин «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык сезимдерин жогорулатуунун методикасы» деп аталган диссертациялык изилдөөбүздүн мүдөөсү шайкеш келет. Окуучулардын жамааттык сезимдерин жогорулатууга багытталган биздин илимий эмгегибиз буга чейин жаралган жогорудагы илимпоздордун эмгектерин кайталабаган жаңы тематика.

### 1.3 «Манас» эпосунда жамааттык жоопкерчилик идеялардын берилиши жана аларды эпосту окутууда үйрөтүүнүн мааниси

Мекен (Ата-Журт, Ата мекен) − «Манас» эпосундагы башкы тема катары. Манас баш болгон баатырлардын күрөштөрү ушул Мекенди сактоо, Мекенди жат душмандардын бутуна тепсетпөө жоопкерчилиги болуп эсептелет. Эпосто жамааттык жоопкерчилик идеяларын ишке ашыруу мекен, жалпы эле кыргыз жери, анын ичинде Талас, Ала-Тоо аркылуу түшүндүрүлөт. Негизи, Мекен үчүн жоопкерчилик− адамдын киндик каны тамган жери, ата-бабасы жердеп өткөн жер, турмуштун ак-карасын тааныган, адам катары калыптанган жер катары карт тарыхка көз жүгүртсөк, аталарыбызда Мекен «аталардын жер-суусу» деген түшүнүк калыптанып, ата-бабалары жердеген жерлерди Ата-Журт, Мекен катары жоопкерчилик менен кабыл алышкан. Мекен бүгүн деле туулган жер-суу деген түшүнүк менен маанилеш кабыл алынат. Ошондуктан бизде «кичи Мекен» деген аталыш жашап келет. Мекен ар бир кыргыз уулу үчүн ыйык болгондуктан, өзү жердеген жердин тоо-таштарына, дарактарына, сууларына сыйынуу орун

алгандыгы, ага далилдер ыйык деп эсептелген мазарлар, ыйык суулар менен дарактар кирет. Байыркы элдик түшүнүк боюнча жер үстүндөгү дарак жарык дүйнөнүн чагылышы болсо, жер астындагы тамырлары жер астындагы дүйнө менен байланыштырып турган күч. Ошондуктан Алтайга аргасыз сүрүлгөн эл ата-бабасы жашап өткөн Ала-Тоого кайтууну көксөшөт, эңсешет. Өчкөн отту тамызаар, өлгөн үмүттү тирилтер баатырды күтүшөт. Ошондой эл үмүтүн актаган баатыр Манас баш болгон кыргыздын кыраандары Чубак, Сыргак, Алмамбет, Кыргыл чал баш болгон кырк чоролор болду. Манастын жетектөөсү менен кыргыз эли көздөн учкан Мекенине, Ата-Журтуна кайтып келишкен. Эл өз Мекенине куса болуп сагынгандыгын мына бул саптардан көрөбүз:

Башынан кары кетпеген,
Ала-Тоо биздин жерибиз.
Жайы, кышы эт жеген,
Кызырдуу кыргыз элибиз?-деп эңсеп, куса болуп, сагынып, көздөн учкан Ата-Журтуна Манастын башчылыгы менен кайтып келишет:

Азган, тозгон кайран эл,
Чогулушуп калды эми.
Медер кылып Манасты,
Мекен кылды Таласты.

Мекен темасы «Манас» эпосунда гана эмес, «Семетей» эпосунда өзгөчө сүрөттөлүп берилет. Айрыкча Каныкейдин образы аркылуу. Каныкей Манас тирүү кезинде ар дайым акыл бөлүшкөн, жакын кеңешчиси жана жардамчысы болгон. Айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык, колунан көөрү төгүлгөн уздук – булар Каныкейге таандык негизги мүнөздүк касиет-сапаттардан. Манас өлгөндөн кийин бардык оорчулук Каныкейдин мойнуна түшөт. Абыке, Көбөштүн арамдыгын билген Каныкей энеси Чыйырды экөө Семетейди сактап калууга аракет кылышат. Анткени Манастын өчүн алуу, кыргыз элинин эркиндигин коргоо ушул Семетейге жүктөлөрүн Каныкей эң жакшы билген. Ошондуктан Семетейди канаттууга

кактырбай, тумшуктууга чокуттурбоо үчүн Семетейди Ысмайылга бала кылып берет. Семетей баралына келип, эл коргоого жарап калганда, ага болгон чындыктын баарын айтып берип, Ала-Тоого, Ата-Журтуна баруу кеңешин айтат. Мында Каныкейдин кыргыз элине, Мекенине, Ата-Журтуна, Ала-Тоого, болгон сүйүүсү ачык көрүнөт. Семетей Ата-Журтуна келгенден кийин кыргыз элин Абыке, Көбөштөрдүн өкүм зордугунан куткарат, атасы Манастын өчүн алат.

Кыргыз элинин тээ атамзамандардан бери жок болбой ушул күнгө жетишинин эң башкы себеби – бул өз Ата-Журтун, Мекенин, Ала-Тоосун сүйүүсү. Кырылган сайын көбөйгөн, түгөткөн сайын түтөгөн кыргызды тирилткен, үмүт берген күч – мына ушул Ата-Журтуна ак кызмат кылуу жоопкерчилиги болгон. Бул сезимди, Мекенди сүйүү, ага каруун казык, канын азык кылып кызмат кылууну «Манас» эпосунан гана эмес, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бардык жанрларынан (макал, лакап, уламыш, жөө жомоктор, дастандар) кезиктиребиз. Алсак, «Тууган жердин топурагы − алтын», «Бирөөнүн элинде султан болгуча, өз элиңде ултан бол», «Мекенди сүйүү − ыймандан», «Жоодо өлгөн – салтанат, үйдө өлгөн – жаманат», − деген сыяктуу макалдарды эске салсак болот. Мекенди сүйүү, Мекенди коргоо кенже эпостордо да «Курманбек», «Эр Солтоной», «Жаңыл Мырза» эпосторунда башкы тема катары берилет.

Кечээги Улуу Ата мекендик согушта биздин акын жазуучулар Мекенди коргоого чакырган чыгармаларында мына ушул элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылышкандыктары да жөн жеринен эмес. Демек, биздин ата-бабалар байыртадан эле Мекен үчүн өз жанын аябай күрөшүп келишкен.

Бүгүнкү күнү деле «мекенчилдик» сезим жаштарга өзгөчө керек. Анткени дүйнөдө ааламдашуу жүрүп, анын жакшы жактарына караганда терс жактары көбүрөөк болуп жатканы – ачуу чындык. Ал биздин элге жат: бир жыныстуулардын баш кошуусу, улууга, жалпы эле адамга, болгон сый-урматтын жокко чыгарылышы, тээ атамзамандан бери элди эл, улутту улут

кылып келген каада-салттардын жерилиши, үй бүлө мамилелерине доо кетирилиши.

Мекенчилдикке болгон жоопкерчиликти бир эле өз элин, жерин сүйүү, башка элдерди, улуттарды жерүү, алардын дүйнө түшүнүгүн, көз караштарын жокко чыгаруу катары түшүнбөө керек. Анткени, мекенчилдикке болгонт жоопкерчиликти – бул өз элин, улутун, Мекенин сүйүү аркылуу жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү урматтоо, кадырлап-барктоо жоопкерчилиги катары түшүнүү абзел.

«Манас» эпосун окутууда жаш муундарды тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары окуучуларда мекенчилдик жоопкерчилигине тарбиялоодо адегенде, толеранттуулукту калыптандыруу керектигине анчейин көңүл бурулбай келе жатат. Анткени, толеранттуулук көп улуттуу өлкөлөрдө ар түрдүү элдердин бейпил турмушта жашоосун камсыз кылуучу механизм болуп саналат. Окумуштуулар бул маселеге такай көңүл буруп келишкендигин профессор А.Г.Асмолов толеранттуулукту адамдын жүрүм-турумуна карама-каршы келген жүрүм-турум үлгүлөрүнө көтөрүмдүүлүк, чыдамдуулук менен мамиле жасоо катары эсептеп: «Толеранттуулуктун башкы белгиси − өмүргө, жашоого коркунуч туудурган адамдар менен да алакага баруу, карым-катышта болуу» деген аныктама берген.

С.Башиева, А.Геляева: «Толеранттуулук – өзгөчө формадагы дүйнө кабылдоо, өзүн башкара билүү жана өзүн көзөмөлдөө, эмоцияга алдырбоо, кырдаалга акыл-эс менен баа берүү жана иш жасоо, туура чечимге келүү, башка бирөөнүн терс жана кыжыр келтирген мамилесине, жүрүм-турумуна көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасоо» - деп белгилейт.

Бул позициядан алгандп, кыргыз эли өзүнүн уул-кыздарына «кечиримдүү бол!», «боорукер, кичи пейил бол!» деген акыл кебин айтып, толеранттуулук менен кошо жоопкерчилик сезимдерин жаш кезинен калыптандырууга аракет кылып келишкен.

«Манас» эпосун окутууда толеранттуулук менен жоопкерчиликти калыптандырууну натыйжалуу жүргүзүү үчүн алардын куражтык,

психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бул сезимди калыптандыруу үчүн эмнелерди жасоо керектигин аныктап алуу зарыл. Жаш муундарды инсан катары жетилтүүдө билим берүү менен бирге таалим-тарбиянын ролу зор. Бул иш-аракет сабак процессинде ишке ашырылат. Башкача айтканда, адамзат тарыхында жаратылган билимдердин тутумун өсүп келе жаткан жаш муундарга өткөрүп, таалим-тарбия берүүнүн эң негизги формасы болуп саналат. Ошентип, «толеранттуулук» деген термин бизге жаңыдай сезилгени менен бул − сабырдуулук деп жүргөн эле адептүүлүктүн бир элементи. Сабырдуулук эзелтен эле элибизде болгон. Кыргыз эли эч кандай газета-журналдары, телевизору, радиосу, мектеби жок эле мекенин, элин-жерин сүйгөн мыкты уул-кыздарын тарбиялап келген. Буга кыргыз элинин оозеки чыгармалары, төкмөчүлүк өнөрү, чечендиги, меймандостугу, чеберчилиги, сабырдуулук көрөңгөлөрү далил боло алат.

Ошондо, толеранттуулук деген – башка бирөөнүн оюн, мүнөзүн, жүрүш-турушун сыйлоо жана аны кабыл алуу дегенди билдирсе, жоопкерчиликтүүлүк–мындай кээ бир конфликти өз учурунда аныктап, анын алдын-алуу жана чыр-чатаксыз чечүү болуп саналат. Окуучуларга конфликти аныктап жана анын себептерин билдирүү, аны тынчтык жолу менен чечүү – жоопкерчиликке жана конфликттен чыгууга үйрөтүүнүн негизги кадамы болуп эсептелет. Демек, жоопкерчилик деген: иштеген ишине, мойнундагы милдетине жооп берүүчүлүк, жооптуулук, милдеттүүлүк [92,577].

Жоопкерчилик (адептик) –этиканын категориясы, ал инсанды коом тарабынан коюлган адептик талаптарды анын аткаруу көз карашынан мүнөздөйт, инсандын жана социалдык топтордун өздөрүн адептик жактан өркүндөтүүгө, ошондой эле коомдук мамилелерди өркүндөтүүгө катышуу даражасын көрсөтөт. [160, 89]

**Жоопкерчилик** – этиканын жана укуктун инсандын башка адамдарга, коомго жана жалпы эле адамзатка болгон өзгөчө мүнөздөгү социалдык, моралдык жана укуктук мамилесин чагылдырган категориясы;

Жоопкерчилик инсандын өздүк адеп-ахлактык парзын жана укуктук нормаларын аткаруусу менен мүнөздөлөт.

Жоопкерчилик категориясы адамдын өздүк иш-аракеттеринин субъектиси (автору) катары чыгууга жөндөмдүүлүгү менен мүмкүндүктөрүнүн өз ара айкалышуусунун философиялык жана социологиялык проблемаларын оной айкалыштыруусу б.а.:

1) адамдын кандайдыр бир талаптарды аткарууга жана анын алдында турган милдеттерди ишке ашырууга болгон аң сезимдүү (атайы же ыктыярдуу) жөндөмдүүлүктөрү;

2) моралдык туура жорук-жосун жасоосу;

3) кандайдыр бир натыйжага жетүүсү, ошондой эле адамдын аны менен байланышкан укуктуу жана укуксуз жорук-жосундарынын маселеси;

4) адамдын жорук-жосундарын кубаттоонун же сындоонун, сыйлоонун же жазалоонун маселелери өңдүү конкреттүү проблемаларды өз кучагына камтуусу.

Бардык этикалык жана укуктук окууларда Жоопкерчилик көйгөйү эркиндиктин философиялык маселеси менен байланышта каралат [156].

**Жоопкерчилик** — адам тарабынан бир нерсени сактоо же ага көмөктөшүүгө түз же кыйыр багытталган чечимдерди жана иш-аракеттерди кабыл алуу үчүн аныкталуучу негиз катары кабыл алуучу (ретроспективдүү же перспективдүү) адамдын бир нерседен көз карандылык мамилеси. Жөнөкөй сөз менен айтканда жеке иш-аракеттерге же тескерисинче эч нерсе кылбай койгон нерсеге жооптуу болуу ыгы. Жоопкерчилик объектиси катары башка адамдар, анын ичинде келечектеги муун, жалпылык, ошондой эле жаныбарлар, айлана-чөйрө, материалдык, социалдык жана руханий баалуулуктар ж. б. болушу мүмкүн.

Абал (мартаба же статус) менен шартталган жоопкерчилик, адам тарабынан таанып билүү катары кабылданат, макулдашуу менен шартталган жоопкерчилик — милдет катары. Милдет жоопкерчилиги эки ача болушу ыктымал:

Философиянын тарыхында жоопкерчилик идеясы эркиндик (эрк, чечим кабыл алуу, эркин иш-аракет), тагуу (орусчасы вменять) жана айыптоо темаларынын байланышында өнүгөт. Классикалык философияда ал, ушул гана контекстте козголуп, жана дайыма эле терминологиялык жактан калыптанган эмес. Жоопкерчиликти түшүнүү, эркиндикти түшүнүүдөн көз каранды;

**Этика** жоопкерчилигинде дүйнө, анын бардык кемчиликтери менен кабыл алынып, жана ошондуктан, мындай этиканын жактоочусу максаттарды ишке ашыруу каражаттарына өзгөчө көңүл буруп, өзүнүн мурунтан көрө алган же көрө билүүгө милдеттүү болгон иштери үчүн толук жооп берүүгө даяр. Моралдуулуктун туюнтмасы жана иш-аракеттердин негизи катары жоопкерчилик, ишенгендиктен (же көзү жеткендиктен) айырмаланып турат.

**Укук** жаатында жоопкерчилик объектиси мыйзам болот. «Жоопкерчилик» терминин биринчилерден болуп илимий колдонууга, аны «жазалануучулук» планында түшүндүрүп Александр Бэн киргизген. Көп убакытка чейин жоопкерчилик маселеси ушул аспектте көбүн эсе укук таануучулардын көңүлүнүн предмети болгон.

Ошентип, жалпылай келгенде жоопкерчиликтүүлүк — инсандын көздөгөнүнө коопсуз жетүүгө аларды аткарганга мүмкүндүк берген иш-чаралардын жыйындысы, тагыраак айтканда, кандайдыр бир нерсени жасаарда, анын бардык кесепеттерин (жакшы же жаман) сезип, туюп, билип туруп жасоо болгондугун 8-класстын программасындагы «Кыргыздардын Ала-Тоого көчүшү» темасындагы сабактын үлгүсү аркылуу окуучулардын аң сезиминде мекенчилдикти калыптандыруудагы жоопкерчилик милдетин аткарууну мисал катары көрсөтүүгө аракеттенели.

**Сабактын темасы: Кыргыздардын Ала-Тоого көчүшү.**

**Сабактын максаты:** «Манас» эпосу жамааттык жыргал турмушту, көз карандысыз жашоону даңазалаган чыгарма экендигин;

- ➢ Андагы эпикалык каармандар бири-бирине канат-бутак болушуп, келечек бакыт үчүн жамаатта жоопкерчилик менен байсалдуу күрөшүшүн;
- ➢ Өзгөчө ак ниет адамдардын, улуу-кичүүлөрдүн ортосундагы асыл сезимдер эпостун ар бир бөлүгүндө Ата-Мекен, эл-жер деген нукура түшүнүктөр менен берилишин;
- ➢ -Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүп келишинен баштап Борбордук Азияны жердеген түрк тилиндеги элдер менен кошо жамааттын (жоокерлердин) кытай баскынчыларына каршы күрөшкө умтулган патриоттук улуу жоопкерчилик сезимдеринин улам барган сайын күчөшүн;
- ➢ Окуучуларды эпостун ички мазмунунан алган руханий –адептик-сабырдуулук, боорукердик, жан ачуучулук, жоопкерчилик, ар-намыс, кадыр барк, уят-сыйыт сыяктуу ички сезимдерин жогорулатып өркүндөтүү.

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү.

**Сабактын формасы:** Жеке жана топто иштөө

**Колдонулган ыкма:** Тыным менен окуу.

«Манас» эпосунун «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү» бөлүмүн окуучуларга түшүндүрүүнү «Тыным менен окуу» стратегиясы аркылуу ишке ашырабыз. Анткени аталган стратегия менен окуучуларга билим берүүдө мугалим менен окуучунун ортосунда барьер (тоскоолдук) жок болуп, эркин баарлашуу менен теманын мазмуну берилип, окуучулар маалыматты чыгармачылык ойлоо менен кабыл алышып, эпос боюнча кабыл алган түшүнүк жыйынтыктуу жана түшүнүктүү болот.

**Стратегиялык кадамдар:**

-Текст тынымдарга бөлүнүү менен таркатылат. 1-тыным окулат.

Алтайдан Ала-Тоого көчүү.

Алтайдан Ала-Тоого келүү – бул Ата Журтту душмандан бошотуу дегендик. Манас кан шайланат, Кошойго барып кол берет жана анын жардамын алат. Манастын колу Музбурчак, Буудайык өңдүү нечен баатырлар, Бакай сыяктуу акылмандар, билгирлер менен толукталат. Андан ары Кайып даңды жеңет. Карабөрк – жуткан ашы тамагынан көрүнгөн

чүрөктөй сулуу кыз, ошол эле убакта көзгө атар мерген. Атасы Кайып даң жеңилип калгандан кийин да, бул кыз качкан элдин артын кайтарып, жол тосуп согушат. Анын огунан Бакай жарадар болот. Манас өзү келип, бу баатыр кызды ат-маты менен көмөлөтө сайып, колго түшүрөт. Кошой менен Бакай ал кызды Манаска алып бермекчи болот. Бирок кыз: «Атамды өлтүрүпсүң, колго түшкөн адамды өлтүрүү баатырлардын салтына жатпайт»,- деп моюн толгойт. Аңгыча Чалыбай колго түшкөндөрдүн бири да өлтүрүлбөгөнүн, Кайып даң аман-эсен багылып жатканын айтса, кыз ошондо гана ийигет, атынан түшүп, Манастан кечирим сурайт. Кайып даңды үй-бүлөсү менен көрүштүрөт, ошондон соң Карабөркко үйлөнөт. Эки эл жарашат. Чоң той берилет. Карабөркко арналган боз үйдүн жасалгасын Жайсаң ырчы ошондо жарым күн ырдайт. Карабөрк кайнагасы болуп калган Бакайды атып жарадар кылганын эстеп, уялып, дайыма качып турат. Элде: Келиндин кайнагадан ыйбаа кылып качып турушу ошол «Карабөрктөн калган салт» деген түшүнүк сакталып калган.

Окуучулар 1-тынымды окушкандан кийин мугалим: Окуучулар, 1.Алтайда Манас чоңоюп 8ге чыкканда 40 баланы топтоп талаада ойноп жүрүшсө 80 калмак келип, 40 баланын жалынганына карабай токмоктоп салышканда Манаста кандай жоопкерчиликтүү сезимдер пайда болду? 2.Манас бала чагында көрсөткөн кайсы эрдиктеринен кийин хан шайланат? 3.Манастын колу кайсы баатыр акылмандар менен толукталып, кимдерди жеңет?

Талкуу жүрөт: Мында окуучулар 1-тыным боюнча алган түшүнүк билим-талкуулап, мугалимдин суроолоруна жооп берет.

2-тыным окулат:

Ала-Тоого көчүү, демек, Ата-Мекенди душмандан бошотуу жер ооду болуп кеткен кыргыздардын баарынын тилеги болгон.

Кызгалдак чөбү кылкылдаган, кымыздык менен ышкыны кошо бышып былкылдаган Алтайда өткөн жыйын туулган жерди душмандан бошотуу

болот. Ийри отуруп, түз кеңешип, бир чечимге келишет. Эч ким каршы болбойт.

Ошентип, кол мекенди, Ала-Тоону бошотууга аттанат. Биринчи Текес кандын сыйкырдуу аскери Бакайдын акылы боюнча өрт коюлуп жок кылынат. Текес өзүн өзү өлтүрөт. Эли багынып берет. Манас «Калмактардын жырык ийнесин да албагыла»,-деп тентектерди тыят. Анан өзүңөргө араңардан кан шайлап алгыла дейт. Сексендеги Карача кан болууга ниеттенсе, кызы Сайкал «Текестин тонун тоноп алганың жакшы эмес, өкүмдөн жутады белең»,-деп тыйып коет. Акыры Текестин иниси Тейишти кан көтөрүшөт. Ал той баштайт. Бардык таң-тамаша болот. Бир оокумда сайышка он жети жашар Сайкал чыгат. Ага каршыбеттеп эч ким чыкпайт. Айбатына даай алышпайт. Ошондо сайышка Манас чыгат. Кыз Сайкал «кыргыздын кыйынын таптаза тыңдым кылайын» деп ойлойт. Манас болсо «Сайкал татынакай кыз экен, катуу сайсам бекерге өлүп кетер», -деп аярлай, найзаны коомай саят. Ошол маалда Сайкал катуу күч менен найзаны жүрөккө туштап урат. Баатыр аттан түшүп кала жаздайт. Найзанын учу тайып барып оң колтугун жарат. Кыз Манасты далыдан алып, аттан оодарып салмакчы болот. Ошо кезде Чубак: «Бул эңиш эмес, сайыш», -деп Манасты жөлөйт. Кыздын аты жалт берип, артка үрккөндө, баатыр колдон бошонуп кетет. Ызаланган Манас кызды кайра катуу качырып саят, күчтүү соккудан Сайкалдын эси ооп, аттын соорусуна кетет. Анан эптеп оңолуп алып, эл арасына кире качат да, кайра сайышка чыкпай коет. Манаска атын тартуулап кутулат. (Саякбайдын вариантында Сайкал Манаска Тайбуурулду белекке берет.)

Мугалимдин сөзү: 1. Манас баштаган кол Ала-Тоону душмандардан бошотууда алгач кимдер жеңилет? Кыз Сайкалдын мүнөзүндөгү ар намыстуулук жоопкерчилигин сактаган касиетин Манаска жасаган кайсы мамилесинен байкадынар? Кийинчи, адилеттүү жамааттын жоопкерчиликтүү чабуулунун аягы кантип аяктайт?

Талкуу жүрөт: Адегенде Текес хандын өлүмү, Текес хандын иниси Тейиштин хан көтөрүлүшү, 17 жашар кыз Сайкалдын Тейиш хандын берген тоюнда элинин ар намысын сактоо жоопкерчилигин жогору кое билген баатыр кыздын Манаска сайышка чыгышы, Манастын күчтүү соккусунан Сайкалдын эси ооп, аттын соорусунан кетиши, кийин атын Манаска тартуулап кутулушу тууралуу окуучулар өз түшүнүктөрүн класста бөлүшүшөт.

3-тыным окулат:

Орго кан да Манастан жеңилет. Бул согуштагы эсте каларлык нерсе – Оргонун аялы Санамкүлдүн келиши. Ал эки баласын, казак Ыраман аттуу вазирди ырчы баласы Каратай менен ээрчите келип, Манастан тынчтык сурайт. Баатыр анын өтүнүчүн орундатат. Жанына Каратайды алып калат да, калганын кетирип жиберет. Ошол-Каратай кийин Ырамандын Ырчы уулу деп атыгып кеткен. Андан соң Акунбешимди, Панусту жеңип, Манас Ташкенге Көкөтөйдү кан көтөрөт. Ушундай бир нече согуштардан кийин Манас кыргыздарды өз ата-бабасы өскөн жерге көчүрүп келет. Андан соң Алооке алы жетпесин билип, Манаска согушсуз багынат.

Мугалимдин сөзү: 1. Текес хандан кийин Манастан кимдер жеңилди жана кимдин акылдуу айласы менен?

2. Акунбешим, Панус жеңилгенден кийин Ташкенге ким хан болот?

3. Эмне үчүн Манас Андижан, Самарканд, Коконду баш ийдиргенден кийин кыргыздарды Алтайдан көчүрүп келет?

4. Бул жерде Манас баатырдын ички жан дүйнөсүндө кандай жоопкерчиликтүү сезим күчтүү экендигин байкадыңар?

5. Алооке эмнеге жөн эле согушсуз жеңилди ойлойсуңар? Анын мүнөздүк сапатында кандай жоопкерчиликтүү сезимдер басымдуу экенин байкай алдыңарбы? Кантип?

Талкуу жүрөт: Окуучулар тыным боюнча өз пикирлерин ортого салат.

4-тыным окулат:

Ата Журтуна көчүп келген кыргыздар жеримди тарытып жиберди, чаап алам деп Шорук кан желпинет. Ал Каратегин аркылуу ашып келип, Алайды басып кирет. Өзү келип, катылган жоо жөнүндө кабарды Манаска Акбалта жиберет (бул акылман карыя Алтайдан келгенден кийин Нойгут элине кетет). Согушта Шоорук жеңилип, үч жүз миң жоокеринин көбү кырылат. Айласы түгөнүп, өз кызы Акылайды баш кылып, 31 сулуу кыз, кырк бир кызыл нар тартуу менен эки колун бооруна алып, бото курун мойнуна салып, көз жашын көл кылып, кечирим сурап Манаска келет. Айкөл кечирет. Кыздарды ортого коюп, өз каалаганыңарды тандагыла дейт. Акылай Манасты, калганы бирден чорону тандайт. Кырк күн той болот. Ошентип, Шоорук Манасты күйөө бала кылып, тагын сактап калат. Ал эми Шоорук менен согушуп жүргөн кезде, Алооке өзүнө тийиштүү калмак, кытайларын ээрчитип, түнката Анжыяндан Кытайга качып кетет. Жолдон 60 уулдун кенжеси Коңурбай алдынан чыгып, кыргыздар менен кырылышам дейт, Алооке «демиңди бас, Манас кийин Бээжинге да барат, күчүңдү ошондо көрөбүз» деп уулун тыйып коет.

Мугалимдин сөзү: 1. Шоорук кандын адилетсиз согушу анын мүнөзүндөгү кандай сезимдеринин күчтүүлүгүн билдирет? Ушул жерде Шоорукту өз элинин тынчтыгын сактай билген жоопкерчиликтүү хан деп эсептесек болобу?

2.Эгерде Шооруктун адилетсиз, ач көз, кызганчаак, көрө албас, уят-сыйыты жок сезимдер сенде күчтүү болсо өзүңдү ким деп санайт элең? Ошондой сезимдериң менен классыңдын- жамаатыңдын ар намысын сактай алууга жоопкер боло аласынбы? Жок болсо эмнеге? Бар болсо кантип?

Талкуу жүрөт: Мугалим окуучулардын оюн толук уккандан кийин талкуууну жыйынтыктайт. Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн: 1. Эпостогу бул бөлүмгө чейин кайсы бөлүмдөр окулду эле? 2. Эпосто жамааттык жоопкерчилик сезимдерди күчтөндүрүүчү кимдердин сөздөрүн эске салаар элеңер? 3. Эпостон алынган бул бөлүктү окуу менен силерде кандай жамааттык жоопкерчиликтүү сезимдер жогорулап күчтөндү? Эмне үчүн?

4.Деги эле Манас баатырдын ойлогон ою, эл-жеринин көз карандысыздыгы үчүн тынымсыз жүргүзгөн күрөшү жамааттын - кыргыз элинин эркиндигин колго алуу менен аны сактап калуу жоопкерчилик сезиминин күчтүүлүгү деп ойлой аласыңарбы? жана башка ушул сыяктуу суроолор берилет.

Мугалим сабакты жыйынтыктагандан кийин үйгө өтүлгөн тема боюнча эссе жана синквейн жазып, тынымдарды толугу менен кайра кайталап окуп келүү тапшырмасы берилет. 8-класстын календардык планында «Кыргыздардын Алтайдан Ала-Тоого көчүшү», «Алманбеттин окуясы». «Баатырдын үйлөнүшү» бөлүмдөрүнө 1 саат бөлүнгөн. Бир сааттын ичинде мындай эпостук үч бөлүмдү окутуу акылга сыйбаган нерсе. Анткени 45 минуттун ичинде бул бөлүмдөр жөнүндө билим берүүгө дегеле мүмкүн эмес. Ошондуктан, ал темаларды класстан тышкаркы окууда же класстык саатта да окутууга болот.

**Биринчи бап боюнча корутунду**

Биринчи бап. «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун жаңы маселелери деп аталат жана анын «Жамаат», «жамааттык» (коллектив, коллективизм) түшүнүктөрүнүн философияда, психологияда, социологияда жана педагогикада изилдениши деген бөлүмүндө ааламдашуу шартында, батыш маданиятынын таасири күчөп жаткан кезде, билим берүү системасындагы эң башкы милдет - улуттук каада-салттарды, маданиятты сактап, тарыхый эс-тутумду жоготпой, маңкуртка айланбай калуусу үчүн жаштардын арасында алгылыктуу иш алып баруу керектиги жөнүндө айтылат. «Манас» эпосунун каармандары Манас өзү баш болуп бир гана максатты көздөшкөндүгү, ал – Ата-Журттун көз карандысыздыгы, кыргыз элинин эркиндиги экендиги тууралуу сөз болот. Мына ушул идеяны аткаруу үчүн алар канжыгага башын байлашып, каруусун казык, канын азык кылып душмандарга каршы күрөшүшкөндүгү, кандай гана заман, кандай гана коом болбосун ар бир атуул Мекенин коргоого даяр болушу керектиги, алардын мекенчилдик сезимин ойготууда «Манас» эпосунун, анын каармандарынын таасири – өтө күчтүүлүгү жөнүндө

айтылат. «Манас» эпосу кыргыз элинин руханий маданиятынын кайталангыс, улуу дөөлөтү болуп саналат. «Эпоско» кайрылуу азыркы замандын окуучуларынын патриоттук сезимдерин жана эстетикалык табиттерин калыптандыруунун, жогорулатуунун каражаты гана эмес, кыргыз элинин көркөм маданиятынын баалуулугун дүйнө элине жайылтуунун өбөлгөсү катары кароого боло тургандыгы жөнүндө маалымдалат.

Биринчи баптын 2-бөлүмүндө «Манас» эпосун орто мектепте окутуунун тарыхы жана анын педагогикалык-методикалык жактан иштелиши деп аталып, «Манас» эпосунун мектеп окуу программасына кирүү тарыхы каралды. Кыргыз Республикасынын окуу программаларына «Манас» эпосунун кирүү тарыхы чагылдырылды. Андан соң «Манас» эпосуна берилген сааттардын көлөмү, формасы, окутуу өзгөчөлүктөрү тууралуу ойлор айтылды. Ар кандай жагдайга карабастан улуу мурасты өзүнчө бүтүн чыгарма катары баштан аяк үйрөнүү үчүн окуу процессине киргизүү демилгеси чоң патриоттук кадам болгон жана «Манас» эпосун ичине камтыган «кыргыз адабияты» программасы ушул күнгө чейин мектептерде колдонулуп келе жаткандыгы белгиленди.

«Манас» эпосун жыйноо, элге жайылтуу, изилдөө менен байланышкан бөлүгү болуп, эпостун чыгыш доорун, идеясын жана темасын, образдарын, сюжетин жана композициясын, варианттарынын идеялык-көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. Эгемендүүлүктүн жылдарына чейин «Манас» эпосу боюнча изилдөөлөр көпчүлүк учурда фольклористикалык планда жазылып келгендиги, алар кандай экендиги жана авторлору кимдер экендиги буга чейинки көптөгөн изилдөөлөрдө баяндалып жазылгандыктан, бул бөлүмдө негизинен эгемендүүлүк жылдарындагы педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн тарыхына кыскача токтолдук. Педагогикалык багыттагы изилдөөлөрдүн тенденциясы 20-кылымдын 90-жылдарынан баштап, өлкөбүздө аздап активдеше баштап «Манас» эпосунун этикалык-педагогикалык мазмунуна көңүл буруу жандангандыгын белгилеп кеттик. Педагогикалык багыттагы эмгектердин атын атасак, Д.Т. Саалиеванын

«Мектепте «Манас» эпосун окутуунун методикасы» (Б: 1993), Б.Оторбаевдин «Манас» эпосун 8-класста окутуу» (Б: 2007), Эл мугалими Б.Исаковдун «Манас» эпосун окутуу» (Б: 2000), С.Байгазиевдин «Манас» баатырдын образын интерактивдик усул менен үйрөнүү» (Б: 2003). Б.Үкүеванын «Манас таануу» (Ош: 2013). Б.Үкүеванын «Манас таануу» (Ош: 2017). М. Мадумарова «Манас» эпосун тарых предмети менен интеграциялап окутуу» (Б: 2017). Н.Тахирова «Манас таануу» курсун колледждерде окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» (Б: 2019). А.Зулпиевдин «Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери (Б: 2022), С.Байгазиевдин «Манас» эпосунун педагогикасы, «Манастаануу» (Б: 2022) эмгектерин белгилеп, азыркы жаштарды тарбиялоого колдонуунун технологияларын көрсөткөн жана аны билим берүү мекемелеринде окутуу проблемасын изилдеген эмгектер талдоого алынды.

Диссертациянын ушул бабынын 3-параграфында «Манас» эпосунда жамааттык идеялардын берилиши жана аларды эпосту окутууда үйрөтүүнүн мааниси деп аталды. Инсан менен жамааттын мамилелеринин кандай болушу, инсандын өзүнүн сапатына гана эмес, жамаатка да көз каранды экендиги тууралуу сөз болот. Тажрыйба ырастагандай, жамаат өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетишсе, традицияга, коомдук пикирге, өзүн-өзү башкаруунун кадыр-баркына таянса, анда ал таасир этүүчү күчкө айланып, инсан менен мамиледе жагымдуу жагдай түзүлөөрү айтылды. Илимий изилдөөлөрдө инсан менен жамааттын мамилелеринин өнүгүшүнүн кеңири тараган үч модели каралды. Көрүнүктүү педагог А.С.Макаренко жамаат теориясын иштеп чыккандыгы, ал жамааттык тарбиянын методикасы майда-чүйдөсүнө чейин иштөөнүн ал жамаатты этап боюнча тарбиялоонун ырааттуу технологиясын иштеп чыгып, жамааттын жашаш мыйзамын: (кыймыл – жамааттын жашоосунун формасы, токтоп, туруп калуу – анын өлүмүнүн формасы); анын өнүгүшүнүн принциптерин аныктап, атайын (ачыктык, маанилүү жоопкерчиликтүүлүк, перспективалуу сызыктар,

параллелдүү аракеттер); жамааттын калыптанышынын этаптарын (стадияларын) бөлүп көрсөткөндүгү тууралуу маалымдалды.

## ЭКИНЧИ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН ЖОГОРУЛАТУУ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

### 2.1. Изилдөөнүн материалдары

Ааламдашуу шартында, батыш маданиятынын таасири күчөп жаткан кезде, билим берүү системасындагы эң башкы милдет - улуттук каада-салттарды, маданиятты сактап, тарыхый эс-тутумду жоготпой, маңкуртка айланбай калуусу үчүн жаштардын арасында алгылыктуу иш алып баруу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жөнүндөгү жарлыгы элдик каада-салттар менен традицияны үй-бүлөдө, ар түрдүү социалдык институттарда, коомдо жана билим берүү мекемелеринде тарбиялык процессти ар тараптуу жана терең үйрөнүү менен жүзөгө ашыруу зарылдыгын жаратты.

Искусство жана жалпы маданият таануучулардын, тарыхчылардын, этнографтардын, педагогдордун изилдөөлөрүн талдоодо балдарга көркөм тарбия берүүнүн тажрыйбасы бизде калыптанып калгандыгын ага «Манас» эпосу негиз, өзөк жаратуучу милдетти аткаргандыгын көрсөттү. Анткени «Манас» эпосу кыргыз эли үчүн орустарда «Игорь полку жөнүндө сөз», грузиндерде «Жолборс терисин жамынган баатыр», индиялыктарда «Махабхарата» кандай орун ээлесе, дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда андан да жогору орунда тургандыгы менен өзгөчөлөндү.

Жөн жеринен эпосту изилдеген окумуштуулар кыргыз элинин эпосун Гомердин эпосуна салыштырышып, «Манас» эпосу өзүнүн адабий, көркөмдүк касиеттери жагынан болсун, өзүнө улуттук жана жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү, бийик этика-эстетикалык жана адеп-ахлактык идеалдарды камтыгандыгы менен ошондой эле турмуштун ар түрдүү багыты боюнча таалим-тарбиялык билимдерди алып жүргөндүгү аркылуу баалуу, таасирлүү экендигин белгилешкендиги бекеринен эместир. Анткени анын ички идеялык мазмунунда кыргыздардын тарыхы, таалим-тарбиясын,

коомдук бүт асыл баалуулуктары камтылып, кыргыз элинин тарыхы, адабияты менен маданияты, уникалдуулугу, феномендиги чагылгандыгында.

Кыргыз элинин адабияты жана маданияты менен таанышкан ар бир окурман элибиздин өзгөчө таланттуулугун баамдашып, мына таланттуулук эпикалык жанрдын гүлдөшүнө жагымдуу жагдай жаратkandыгына күбө болушат. Дагы бир жагдай жазма-сызмага ээ эл өз тарыхында, көркөм чыгармаларында театрларында, сүрөттөрүндө, ыр-бийлерде чагылдырган искусствосун кыргыз эли эпостордо бергендиги элибиздин уникалдуу экендигин көрсөтөт. Окумуштуулар белгилегендей, кыргыз элинин тарыхый турмушунун өзгөчөлүктөрү менен таанышуу үчүн азыркы мектеп окуучулары Ч. Валиханов, В. Радлов, Ч.Айтматов, М.У.Убукеев, Ш.Б. Акмолдоева, И.М.Молдобаев жана башкалардын дал ушул сыяктуу изилдөөлөрү, эмгектери менен тааныш болуусу зарыл. Анткени жогоруда биз атын атаган окумуштуулардын эмгектеринде «Манас» эпосу камтыган байыркы доордон биздин күнгө чейинки кыргыз элинин социомаданий, диалектикалык тажрыйбасы камтылгандыгын аңдап билишет.

Бул монументалдуу эпосту илимий изилдөөгө, жогоруда белгилегенибиздей, В.В. Бартольддун, В.В.Радловдун, В.М.Жирмунскийдин, М.О. Ауэзовдун, А.Н.Бернштамдын, Б.М.Юнусалиевдин, С.М Абрамзондун, С.Г. Кляшторныйдын, А.А.Петросяндын эмгектери арналган.

«Манас» эпосун окутуунун максаты эмне?

Максат – бул күтүлгөн акыркы натыйжа. Ал эми эпосту окутуу аркылуу биз кандай натыйжага жетишүүнү каалайбыз?

Ал – эпостун мазмунуна, образдар системасына жана окууга кандай билим менен таалим-тарбия беребиз, ошого көз каранды.

*Биринчиден,* «Манас» эпосунун каармандары Манас өзү баш болуп бир гана максатты көздөшөт.

Ал – Ата-Журттун көз карандысыздыгы, кыргыз элинин эркиндиги. Мына ушул идеяны аткаруу үчүн алар канжыгага башын байлашып, каруусун казык, канын азык кылып душмандарга каршы күрөшүшөт. Кандай

гана заман, кандай гана коом болбосун, ар бир атуул Мекенин коргоого даяр болушу керек. Алардын мекенчилдик сезимин ойготууда «Манас» эпосунун, анын каармандарынын таасири – өтө күчтүү.

Демек, эпостун мазмуну, анын каармандарынын тагдыры менен тааныш болушкан жаштар ар-намыстуу, кайраттуу, эр жүрөк, мекенчил болуп өсүшөт. Негизи, Ата-Журттун эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшүү ар бир жарандын милдети экендигин аңдап-сезишет;

*Экинчиден,* «Манас» эпосу баатырлардын эрдиктерин чагылдырган, даңктаган чыгарма гана эмес, ал окумуштуулар белгилегендей, «кыргыз элинин энциклопедиясы». Эпостон ата-бабабыздын баскан жолун, тарыхын, каада-салтын, жашоо ыңгайын, күндөлүк турмушун, адеп-ахлагын, эстетикалык табитин, жүрүм-турум жол-жобосун, жаман-жакшы жөнүндөгү түшүнүгүн, айлана-чөйрөгө, жаратылышка болгон мамилесин, дүйнөгө көз карашын, диний ишенимин, астрономиялык, географиялык ж.б. билимдерин, элдин тилин, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесин көрүшөт;

*Үчүнчүдөн,* эпос – атадан балага, муундан муунга өтүп келген көркөм дөөлөт.

Демек, «Манас» эпосу – бул чыгармачылыктын чоң мектеби, жаш таланттардын, манасчылардын гана эмес, ырчыларды, жомокчуларды, чечендерди, күчтүүлөрдү тарбиялап чыгаруучу мектеп;

*Төртүнчүдөн,* «Манас» эпосу – кыргыз элинин улуттук дөөлөтү гана эмес, жалпы адамзаттык маданиятка кошкон улуу салымы.

Ошондуктан, ар бир муун, ар бир кыргыздын кызы менен уулу бул эпос менен сыймыктанышы, мактанышы абзел.

*Бешинчиден,* «Манас» эпосу – биздин күндөргө жеткен көп катмарлуу поэтикалык чыгарма. Мында кыргыз эли кимдер менен дос болгон, кимдер менен кас болгон, диний ишенимдери, жашоодо карманып-тутунган принциптери кандай экендиги чагылдырылган. Жаштардын кыргыз элинин бул өзгөчөлүктөрдү билүүсү – максатка ылайыктуу. Андай болбосо, авар

акыны Расул Гамзатов жазгандай, «Тарыхты тапанча менен атсаң, тарых, келечегибизди замбирек менен атат»;

*Алтынчыдан,* эпосто адам баласы өзүн жаныбарлардан айырмалай билген алгачкы коомдон бүгүнкү күндөргө чейинки тарых-тагдырын, ар бир коомдук стадиянын (кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик, социалисттик) саясий түзүлүшүн, адамдарга болгон мамилесин, алардын бири-бири менен болгон окшоштуктарын, айырмачылактарын камтып, жаштардын аң-сезиминин калыптанышына өбөлгө түзөт;

*Жетинчиден,* эпостун уникалдуулугу ар бир доордун адамдарынын жашоо турмушун, каалоо-тилектерин камтып, өз мазмунун байытып тургандыгында. Тоо боорунан шылдырап аккан булак сай-сайдан агып түшүп, өзөн сууга, өзөн дарыяга, дарыя океанга айлангандай, «Манас» эпосу кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын бүт жанрларын (макал-лакап, табышмак, уламыш, жөө жомок) аз-аздан өз ичине сиңирип, чалкыган деңизге айланды.

Ааламдык атагы бар залкар жазуучу Ч. Айтматов эпос жөнүндө ой жүгүртүп: «Манас» эпосунун көркөм-таанып билүүчүлүк диапозону өзүнүн кенендиги жана ар тараптуулугу менен адамдын акылын айран кылат. Мында сүйүү лирикасы, социалдык-турмуштук жана моралдык-этикалык темалар да орун алган. Мында байыркы кыргыздардын географиясы, медицинасы, кол өнөрчүлүгү, астрономиясы, согуштук өнөрү жөнүндөгү маалыматтар да камтылган. Мында көркөм форма менен каражаттын эң бир бай гаммасы: жөнөкөй сатира менен юмордон тарта адамдын жан дүйнөсүнүн улуу кайгы-азабын чагылдырган трагедиянын бийик чокусу да чагылдырылган. Алгачкы реализм жомоктук фантастика менен, символизм жана декларативдүүлүк терең психологизм менен өрүлүшүп кеткен, философия, магия жана сыйкыр менен ирегелеш, интимдик сезимдер жүрөктөгү эң күчтүү кумарланууга алып барат, ошол эле мезгилде сүйүү феодалдык жамааттын уруулук жана патриархалдык кызыкчылыктарына баш ийдирилген», – деп таамай белгилеген [11].

Элдик поэтикалык чыгармачылык тээ байыркы доордо, адамдар жазууну биле элек кезде пайда болгон, ошондуктан ага сөздүн оозеки формасы – таандык.

Муну профессор Г.Н.Волковдун этнопедагогиканын «алтын эрежеси» деген аныктамасы далилдеп турат. Анда: «Тарыхый эс-тутумсуз – традиция жок, традициясыз маданият жок, маданиятсыз таалим-тарбия берүү жок, таалим-тарбиясыз руханийлүүлүк жок, руханийлүүлүксүз инсан жок, инсансыз тарыхый инсан катары эл да жок» [59].

Фольклордук чыгармалардын таалим-тарбиялык потенциалын жүзөгө ашыруу жолдору көптөгөн окумуштуулардын изилдөө предмети болгон. Алсак, өзбек окумуштуусу С.Темирова өзбек элинин традицияларынын баалуулугун сабакта жана ийримдерде үйрөнүлгөн фольклордук чыгармалар аркылуу ачып берүүгө аракет кылган. Биздин оюбузча, изилдөөнүн баалуулугу окумуштуу балдарга үйдө жана мектепте биргелешип фольклорду нравалык жана көркөм тарбия берүү системасын сунуштагандыгы.

Кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгы бай жана кайталангыс, анткени эпикалык чыгармаларында эл тарыхы менен бирге музыкалык-поэтикалык жанр да камтылган. Ага «Манас» эпосу далил боло алат. Кыргыз элинин музыкалык-поэтикалык чыгармачылыгынын үч негизги багытын атоого болот:

а) эпикалык чыгармачылык,

б) ырчылардын чыгармачылыгы;

в)музыкалык инструменталдык чыгармачылык.

Эпикалык мурастардын кыргыз элинин көркөм-эстетикалык жактан өркүндөөсүнө, ошондой эле жаш муундарга таалим-тарбия берүүдө ролу зор. Көп кылымдык элдик акылмандыкты сактап жүргөндөрдүн чыгармачылыгы – өтө зор таалим-тарбиялык мааниге ээ, жаш муундарга этикалык нормаларды билүүсүн, нравалык эрежелерди сактоосун, эстетикалык сезимдерин калыптандырат.

«Манас» эпосу, биз билгендей, муундан-муунга оозеки өтүп, кыргыз фольклорунун негизги булагы болуп келген жана азыр деле бул кызматын аткарып келет. Эпосто Манастын эл-журтун коргоодогу эрдиктери, Бакай, Кошойлордун даанышмандыктары, Чубак, Алмамбет, Сыргактардын эр жүрөктүүлүктөрү, Каныкейдин акылмандыгы, колунан көөрү төгүлгөн уздугу, кыргыз элине Семетейди кайта алып келген мекенчилдиги даңкталган.

«Манас» эпосунун идеялык мазмунунан чыккан мындай жети осуят түбөлүктүү этикалык баалуулук менен азыркы жүрүм-турумдун нормаларын байланыштыруу максатын, элдин үй-бүлөлүк, турмуштук маданиятын заманга ылайык калыптандыруу максатын гана көздөбөстөн, согуш, эрдик гана сүрөттөлбөстөн, эмгек процесси  да сүрөттөлөт, ага Дөөтү устанын образы далил боло алат. Эпосто чагылдырылган эмгек темасы балдарды жакшы жашоого үндөө менен бекерчиликке, жалкоолукка берилбөөсүн, эмгекти сүйүүсүн, өз милдеттерин түшүнүүсүн жана эр жүрөктүүлүгүн калыптандырат. Ошондой эле чыгармада элдин турмуштук умтулуусу, социалдык көз караштары туюнтулуп, улуттук көз карандысыздыгы үчүн күрөшүүсү аркылуу окуучуларды мекенчилдикке, Ата-Журтун сүйүүгө, адилеттүүлүккө, чынчылдыкка, улууну урматтап, кичүүлөрдү сыйлоого тарбиялайт.

Манасчылар көз карашында, позасында, мимикасында искусствонун сценалык ыкмаларын колдонушат. Окуяны айтууда отурушу, колдорунун кыймылы, үнүнүн бирде жай, бирде сүрдүү чыгышы, бирде алаканын чаап өкүнсө, бирде каткырыгы аркылуу угармандардын көңүлдөрүн өзүнө буруууга жетишет. Мында актердук чеберчилиги, окуяларга жуурулушуп кеткен жөндөмдүүлүгү башкы орунга чыгат. Залкар манасчылар Сагымбай менен Саякбай ушундай кайталангыс артисттик жөндөмдүүлүктөргө ээ болушкан.

Айрыкча, «XX кылымдын Гомери» аталган Саякбайдын айтуучулук жана аткаруучулук өнөрү өзгөчө күчтүү болгон. Ал өзүнүн айтуусунун ритмикасы, ар түрдүү эмоцияларды билдирүүсү, бирде ыйлап, бирде күлүп,

бирде ойго түшүшү, бирде карыпка айланып, бирде бүркүттөй шаңшышы аркылуу угармандарды өзүнө байлап алган. Мына ушундай артисттик чеберчилиги аркылуу эпостун бай жана терең маанисин угармандарга жеткирген, алардын Манас баатырга болгон сүйүүсүн ойготкон.

Ошондуктан Чыңгыз Айтматов Саякбай жөнүндө: «С.Каралаевди, анын жүзүнүн, кыймыл-аракеттеринин пластикасын, көз карашын карап отуруп бул көркөм кайра жарала билүүнүн кайталангыс талантына ээ адамды уксаң, ал өзү да эпикалык башталыштын жаратуучусуна айланып кеткендей таасир калтырат. С.Каралаевдин аткаруучулук манерасы жан дүйнөнүн чыңалуусуна толо: ритмика, кумардануучулук, эргүү, ушуну менен бирге эле сарсанаа, кайгы, толгонуп-толкундоосу, ыйы, аны жандаган эрдик, чечкиндүүлүк, баатырлык көзгө кашкайып көрүнөт» [11].

Манасчы эмне жөнүндө айтпасын, ал аны жан дүйнөсүнөн өткөрүп сезе билүүгө, чагылдырууга, окуяны, образдарды көз алдыга келтирүүгө умтулат. Ошентип, манасчы өзүнчө театрга айланган.

Кыргыз тарыхы менен маданиятын изилдеген окумуштуу этнограф В.Радлов кыргыз манасчылары жөнүндө: «айтуунун магиялык таланты кайып дүйнөдөн берилгендиктен, алар текстти жаттап отурбайт, ыр саптары өзүнөн өзү кете берерин айтышат»,– деп белгилеген. Кээ бир манасчыларда айтуучулук атадан балага өтсө, кээ бирлери түш көрүү менен айтып калышканын белгилешет.

«Манас» эпосунда 20дан ашуун  музыкалык аспаптар кездешет. Эпостун жардамы аркылуу эстен чыгып калган чопо чоор, сыбызгы, чогойно чоор, сурнай, добулбас сыяктуу музыкалык аспаптар экинчи өмүрүнө ээ болушту.

Көчмөн турмуш шартында эпос өсүп келе жаткан муундардын руханий-көркөмдүк жактан байышынын, калыптанышынын эң башкы булагы болгондугун, ошондой эле ал кыргыз элинин турмушу жөнүндө энциклопедиялык маалыматтарды гана бербестен, 100дөн ашык элдердин турмушун да чагылдыргандыгы белгилүү.

Ушул жагдайлардан улам «Манас» эпосу кыргыз элинин руханий маданиятынын кайталангыс, улуу дөөлөтү болуп саналат. «Эпоско» кайрылуу азыркы замандын окуучуларынын патриоттук сезимдерин жана эстетикалык табиттерин калыптандыруунун, жогорулатуунун каражаты гана эмес, кыргыз элинин көркөм маданиятынын баалуулугун дүйнө элине жайылтуунун өбөлгөсү катары кароого болот. Бул жагдайдан алганда эпосту үйрөнүүнүн учурдагы проблемалары болуп төмөндөгүлөр саналат:

1) 5-класстан 11-класска чейин киргизилген «Манас» эпосунун үзүндүлөрүн үйрөнүү үчүн окуучулардын жаш курактарын, психологиясын, индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн жана адабий билимдеринин деңгээлин эске алуу менен сабактардын системасын иштеп чыгуу;
2) Кесиптик колледждердин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен «Манас таануу» предметин окутуу технологияларын иштеп чыгуу;
3) ЖОЖдордун адистигин эске алуу менен «Манас таануу» предметин окутуунун методикасы менен технологияларын иштеп чыгуу;
4) «Манас» эпосун окутуу боюнча илимий жана методикалык иликтөө иштерин активдештирүү;
5) «Манас» эпосун окутуу боюнча илимий жана методикалык изилдөөлөрдү басмадан китеп кылып чыгаруу.

## 2.2. Изилдөөнүн методдору

Методологиялык концепция тууралуу сөз кылуудан алдын «методология» терминининин маанисине токтоло кетели.

«Методология» термини грек тилиндеги «методос» – изилдөө, ишмердүүлүк; «логос» – окуу, теория деген сөздөрдүн курамынан турат. Демек, «методология» бизче изилдөө жөнүндө, ишмердүүлүк тууралуу окуу, теория деген маанини туюндурат. Методология − узакка созулуучу татаал процесс, методологиясыз илимий иш жүргүзүү мүмкүн эмес.

Азыркы мезгилде окумуштуулар илимдер системасындагы методологиянын үч багытын аныкташкан:

1.Теориялык жана практикалык ишмердүүлүктү уюштуруунун жана жүргүзүүнүн принциптеринин жана ыктарынын системасы.

2.Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн илимий методу жөнүндөгү окуу.

3.Илимде колдонулуучу бардык методдордун жыйындысы.

Жалпы илимий методологиянын колдонулушуна жараша анын төмөнкү функцияларын белгилешкен:

а) гносеологиялык;

б) прогноз түзүү;

в) кайра түзүү;

г) уюштуруу».

Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин баалуулук концепциясы, инсанга багытталгандык, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун, калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жалпы закон ченемдери, улуу ойчулдардын, классик педагогдордун, психологдордун, философтордун фундаменталдуу эмгектери, теориялык эмгектер, билим берүү стандарты, окуу планы, окуу программалары, педагогика илиминдеги инсандын улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга жана баалуулук багыттарын тескөөгө багыттаган негизги жоболор түзөт.

Жогорудагылардан көрүнгөндөй, методология − кең мааниде алганда − билимди издөөнүн системалуу жана логикалык ырааттуу методдорун формулировкалоо, теориялык жана практикалык иш-аракеттерди уюштуруунун жана куруунун ыктары менен принциптеринин системасы, ошондой эле мына ушул система жөнүндөгү окуу. Ал адам иш-аракетинин бардык түрлөрүн уюштуруу менен жөнгө салууну ишке ашырат. Бул түшүнүк иш-аракеттердин ар башка түрлөрү менен деңгээлдерине мамилеси боюнча ар түрдүү оттеноктордо колдонулат.

Жалпысынан, методология адам өз иш-аракетинде жетекчиликке алуучу принциптерди аныктайт. Анын кызматы эки жактуу: ал иш-аракетти ички уюштурулуш көз карашынан сүрөттөйт жана баа берет, ошондой эле

мына ошолордун чегинде өз иш-аракетин уюштурууда жетекчиликке алуучу нормаларды − эреже менен рекомендацияларды − иштеп чыгат.

Методология проблемасын иштеп чыгууда өзгөчө орун − Сократка, Платонго жана Аристотелге таандык. Сократ биринчи планга чындыкты биргелешип табууда ар түрдүү элестетүүлөрдү, түшүнүктөрдү жанаша коюу, аларды салыштыруу, мүчөлөштүрүү, аныктоо процесси катары ойлоонун диалектикалык табиятын алып чыккан. Платон өзүнүн түшүнүктөр менен категориялардын диалектикасынын маңызын ар бир буюмдан принципти издөөдөн көргөн; буга жетишүү үчүн предметти таанып-билүүнүн обьективдүү логикасына ылайык ойдун кыймылда болушу керектигин белгилеген. Аристотель ой корутундуларды, далилдөөлөрдү жана тыянактарды курууну, терминдерди аныктоо маселелерин, чындыкка жетүүдөгү индукция менен дедукциянын ролу принциптерин талдоону сынга алган. Ага методология үчүн маанилүү болгон таанып-билүү формаларын, алардын диалектикасын ( потенциалдуу менен актуалдуунун, форма менен материянын ж.б. катышы) уюштуруучу катары категориялар жөнүндөгү окууну иштеп чыгуу − таандык. Аристотель өзү иштеп чыккан логикалык системаны «органон» катары – чыныгы таанып-билүүнүн универсалдуу куралы катары – караган.

Методологияга өтө олуттуу маанилүү салымды Гегель кошуп ал биринчилерден болуп философиялык методдун спецификалык мүнөзүнө көңүл буруп, конкреттүү илимдин методдорунан анын айырмачылыгын көрсөтүп жана аларга дал келбестигин белгилеген. Гегель метод бул мазмундун өзүнүн кыймылы экендигин баса белгилеген жана мына ушундан улам мазмун менен байланышпастан методдун иштелип чыгышы мүмкүн эместигин көрсөткөн.

Илимде методология философиялык, жалпы илимий жана атайын илимий методология деп бөлүштүрүлүп жүрөт. Методология − жалпы мүнөзгө ээ, бирок ал иш-аракеттин ар түрдүү теориялык жана практикалык чөйрөсүндө колдонулганда гана конкреттештирилет. Методология тармагы

изилдөөнүн конкреттүү илимий ыкмаларынын кеңири комплексин: байкоо, эксперимент, моделдештирүү ж.б. камтуу менен ал өз кезегинде көптөгөн атайын процедураларга − илимий маалыматтарды алуу методикаларына өзгөрүп айланышат.

Методологиянын түрдүү деңгээлдери − философиялык, жалпы илимий, конкреттүү илимий − өз ара бири-бири менен байланышта болушкандыктан алардын системалуу каралышы абзел болгондуктан, методологиянын өркүндөшү иш-аракеттин түрдүү формаларынын прогресси менен тыгыз байланышта болот.

Алсак, эксперименталдык методология өзү аркылуу тартипке келтирилген кадамдардын чынжырын билдирсе, бир жагынан, таанып-билүү обьектисине тиешелүү болгон теориялык билимдерге таянат, экинчи жагынан, «гипотеза», «илимий теория», «теорияны аксиоматикалык куруу», «илимий мыйзам» ж.б. сыяктуу категориялардын концептуалдуу аппаратына таянат. Мындан сырткары эксперименталдык методология таанып-билүү процессинде кадамдардын чынжыры катары төмөнкү эрежелердин системасына да таянат:

а) текшерүүчү жана эксперименталдык тайпаларды түзүү; б) теориялык гипотезаларды эмпирикалык текшерилип далилденгенге редукциялоону; в) жүргүзүлгөн эксперименттерди текшерүү жана өлчөө ж.б. Аны жүргүзүүчү методологияны үч чоң топко бөлүүгө болот:

1) эмпирикалык изилдөө методологиясы;

2) эмпирикалык да, ошондой эле теориялык деңгээлдеги изилдөө методологиясы;

3) теориялык изилдөө методологиясы. Эмпирикалык методология байкоо, салыштыруу, өлчөө жана эксперимент; эмпирикалык жана теориялык изилдөө методологиясы абстракциялоо, анализ жана синтез, индукция жана дедукция, моделдештирүү жана приборлорду колдонуу, тарыхый жана логикалык талдоо; теориялык изилдөө методологиясы абстракттуудан конкреттүүлүккө өтүү, идеалдаштыруу, формалдаштыруу, аксиоматикалык

методологияга бөлүнөт. Мындай ажыратуу алибетте − шарттуу. Ал эми айрым окумуштуулар методологияны классификациялоодо: философиялык, жалпы илимий, жеке илимий методология деп бөлүп жүрүшөт.

Педагогикалык методология – таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары катары каралат. Андай болгондо, педагогиканын методологиясынын объектиси – адамды окутуунун жана тарбиялоонун, инсандык касиеттерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары болуп саналат.

Педагогиканын методологиясынын предмети – адеп-ахлактуу, ички сезими бай адамды калыптандыруунун, бардык жактан шайкеш өнүктүрүүнүн, активдүү чыгармачыл ишмердүүлүккө даярдоонун закончөнемдери катары каралат.

Конкреттүү айтканда, методология − бул көздөгөн максатка жетүүдөгү колдонулган методдордун жыйындысы. Педагогикалык изилдөөдө төмөндөгү методдор колдонулат:

*Байкоо* − реалдуу обьектилерди атайылап, максаттуу кабыл алууну камтыган таанып-билүү методу. Байкоонун түрлөрү:

*Структуралык байкоо* – бул план боюнча жүзөгө ашырылуучу байкоо; структураланбаган байкоо – бул байкоонун объектиси гана аныкталган байкоо;

*талаа байкоосу* – бул табигый шартта жүргүзүлгөн байкоо; лабораториялык байкоо – бул объектти атайын түзүлгөн шарттардагы байкоо;

*түздөн-түз байкоо* – бул объектинин байкоочунун сезүү органдарына түздөн-түз таасир этүүчү байкоо;

*кыйыр байкоо* – бул объектинин байкоочунун сезүү органдарына приборлор аркылуу кыйыр таасир этүү менен жүзөгө ашырылуучу байкоо.

Байкоо төмөндөгү алгоритмге ылайык жүзөгө ашырылат:

1. Байкоонун максатын аныктоо;

2. Байкоонун объектисин тандоо;
3. Байкоонун максатына жетүү ыкмаларын тандоо;
4. Алынган маалыматтарды регистрациялоо ыкмаларын тандоо;
5. Алынган маалыматтарды интерпретациялоо жана иштеп чыгуу.

*Моделдештирүү.* Моделдер – бул материалдуу жана ойдогу көз алдыга келтирүүчү объектилер, алар үйрөнүү процессинде изилдөөнүн касиеттерин аныктоо үчүн айрым маанилүүлөрүн сактап калуу менен объект-оригиналды алмаштырат.

Моделдештирүүнүн түрлөрү:

1. Материалдык (предметтик) моделдештирүү:

*физикалык моделдештирүү* – мында объекттин касиеттерин үйрөнүүгө мүмкүндүк берүү үчүн реалдуу объект анын чоңойтулган же кичирейтилген көчүрмөсү боюнча алмаштырылат.

*аналогдук моделдештирүү* – бул процесстер менен кубулуштардын аналогиясы боюнча моделдештирүү, алар ар түрдүү физикалык формаларга ээ болушат, бирок формалдуу түрдө бирдей сүрөттөлүшөт (бир эле мамтематикалык теңдемелер, логикалык схемалар ж.б. аркылуу).

2. Ойдогу (идеалдуу) моделдештирүү:

*интуитивдүү моделдештирүү* – бул формалдаштырууну талап кылбаган же ага баш ийбеген изилдөө объектиси жөнүндө интуитивдүү көз алдыга келтирүүгө негизделген моделдештирүү.

*белгилик моделдештирүү* – бул модель сапатында кандайдыр-бир түрлөрдү: схемаларды, графикаларды, чиймелерди, формулаларды, символдордун топтомдорун ж.б. белгилик кайра курууларды колдонуучу моделдештирүү.

*Анкета алуу* − суроо баракчаларында (анкеталарда) көрсөтүлгөн эрежелер боюнча респонденттин (суралуучунун) өз алдынча толтуруусуна негизделген суроо методу.

Анкетада суроолордун төмөндөгү түрлөрү болушу мүмкүн:

*Жабык суроо* – мында анкетада жооптордун вариканттарынын толук топтому болот. Жабык суроолор альтернативалуу (бир эле жооптуу тандап алууну көзгө туткан) жана альтернативалуу эмес (бир жооптон көптү тандап алууну көзгө туткан) болуп бөлүнөт.

*Ачык суроо* – мында алдын ала белгиленген жоопту камтыбайт жана респондентке жоопту таңуулабайт

*Интервью алуу.* Кайсы бир жак же жактардын тобу менен максаттуу аңгемелешүү үчүн алдын-ала даярдалган план боюнча суроо методу, алардын коюлган суроого берген жооптору маалыматтын баштапкы булагы катары кызмат кылат.

Интервьюнун негизги эки түрү колдонулат:

*формалдаштырылган интервью:* интервьюер менен респонденттин так регламентирленген деталдуу иштелип чыккан суроолор тизмеги жана инструкцияны сактоо менен жасалган карым-катышын көзгө тутат.

*эркин интервью* (аңгемелешүү): мурда даярдалган суроолордун тизмегисиз жүргүзүлөт, болгону аңгемелешүүнүн темасы гана такталат. Аңгемелешүү изилдөө тармагын аныктоо, массалык статистиканын маалыматтарын тактоо үчүн массалык анкеталык суроолорду даярдоо стадиясында маалыматтарды топтоонун өз алдынча методу катары колдонулат.

*Анализ жана синтез. Анализ* – бул объектинин бөлүктөрү менен касиеттерин үйрөнүү аркылуу таанып-билүү ыгы.

*Синтез* – бул анализдин натыйжасында бөлүнүп алынган бөлүктөр менен касиеттерди бириктирүү аркылуу объекти таанып-билүү ыгы. Анализ менен синтез бири-биринен ажыратылбайт, бири-бирин толуктоо аркылуу жанаша жүрүшөт.

Анализ жана синтез жөнүндө кеп кылганда, а дегенде таза анализ, андан соң таза синтез башталат экен деп ойлоого туура эмес. Анализдин башталышында эле изилдөөчү үйрөнүп жаткан объект жөнүндө кандайдыр-бир жалпы идеяга ээ болот, демек, анализ синтез менен айкашуу аркылуу

башталат. Бүтүндүн бир канча бөлүктөрүн үйрөнгөн соң, изилдөөчү анализдин алгачкы маалыматтарын синтездөөгө киришүүдө биринчи тыянактарды чыгарат. Мындай баскычтар бүтүндүн бөлүгүн үйрөнүүгө киришүүдөн алдын бир канча болушу да мүмкүн.

*Салыштыруу* – объектинин жакындыктарын же айырмачылыктарын тактоонун жардамы менен таанып-билүүнүн ыгы. Жакындык (окшоштук) – бул салыштырылган объектилердин бири-бирине дал келиши, ал эми айырмачылык – бул салыштырылып жаткан объект тигиден бир нерсеси боюнча айырмаланышы.

Салыштыруунун жалпы алгоритми:

1. Салыштыруунун объектисин аныктоо.

2. Объектилерди салыштыруу аспектилерин аныктоо.

3. Салыштыруу аспектисине ылайык объектини анализдөө жана синтездөө. Эгер салыштырылып жаткан объектилердин маанилүү белгилери дайын болсо, анда аларды салыштыруу аспектиси боюнча тандап алат.

4.Салыштырылып жаткан объектилердин маанилүү белгилерин салыштыруу, тактап айтканда, салыштырылып жаткан объектилердин жалпы жана айырмалуу маанилүү белгилерин аныктоо.

5.Жалпы белгилердин айырмачылыктарын аныктоо.

6.Тыянак. Салыштырылып жаткан объектилердин жалпы же айырмалуу маанилүү белгилерин көрсөтүү жана жалпы белгилеринин айырмачылык даражасын аныктоо. Айрым кездерде салыштырылып жаткан объектилердин айырмачылыктары менен жакындыктарынын себептерин көрсөтүү да зарыл.

*Жалпылоо* – бул объектинин жалпы маанилүү белгилерин аныктоонун жардамы аркылуу таанып-билүү ыгы. Бул аныктамадан салыштыруу объектинин маанилүү белгилерин тактоого, ошондой эле салыштырууга багытталган анализ менен синтезге таянарын, булар жалпы маанилүү белгилерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Жалпылоонун негизги эки түрү: индуктивдүү жана дедуктивдүү болот:

*–индуктивдүү жалпылоо* (жекеден ыктымалдуу жалпыга) эки же андан көп объектинин жалпы маанилүү белгилерин аныктоону жана аларды түшүнүктөр же ой жорумдар формасында фиксирлөөнү көзгө тутат.

Түшүнүктөр – бул объектинин жалпы маанилүү белгилерин чагылдыруучу ой. Ой жорум – бул объектинин белгилери жөнүндөгү эмнегедир бир нерселерди бекемдеген же танган ой.

Индуктивдүү жалпылоо төмөндөгү алгоритм боюнча жүзөгө ашырылат:

1. Жалпылоо объектисинин маанилүү белгилерин актуалдаштыргыла.

2. Объектинин жалпы маанилүү белгилерин аныктагыла.

3. Объектинин жакындыгын түшүнүк же ой жорум формасында белгилегиле.

Жалпылоо – бул объектинин окшош белгилерин гана аныктоо эмес; ал объектини кандайдыр-бир жалпынын, кандайдыр-бир түрдүн, тектин, түркүмдүн, таптын, отряддын бөлүгү катары кароону да көзгө тутат. Жалпылоосуз таанып-билүүнүн болушу мүмкүн да эмес, анткени таанып-билүү ар дайым жекенин, индивидуалдуунун чегинен сыртта турат. Жалпылоонун негизинде гана жалпы түшүнүктөрдүн, ой жорумдардын, ой корутундулардын, теорияны куруунун ж.б. түзүлүшү мүмкүн.

Индуктивдүү жалпылоону ар дайым анализ, синтез жана салыштыруу коштойт. Анализ менен синтез объектинин маанилүү белгилерин тактоого багытталат. Салыштыруу болсо объектилердин айырмалуу жана жалпы маанилүү белгилерин аныктоого мүмкүндүк берет. Бир нерсени белгилеп коюшубуз керек, объектинин жалпы маанилүү белгилерин аныктоо жалпылоонун башталышы болуп эсептелет. Бирок жалпылоо жалпы маанилүү белгилерин аныктоо гана эмес, ошондой эле алардын «жакын жалпысын», алардын конкреттүү текке таандыгын тактоо да болуп саналат. Тек – бул объектилердин жыйындысы, мунун курамына мына ушул тектин түрлөрү болуп саналган башка объектилер да кирет.

*Дедуктивдүү жалпылоо* бир же бир нече объектилердин маанилүү белгилерин өзүнө жакындар менен окшоштурууну жана ал жөнүндөгү түшүнүктөрдү же ой жорумдарды актуалдаштырууну көзгө тутат.

Дедуктивдүү жалпылоо төмөндөгү алгоритм боюнча жүзөгө ашырылат:

1. Объектинин түшүнүктө же ой жорумда фиксирленген маанилүү белгилерин актуалдаштыргыла;

2. Берилген объектинин же объектилердин маанилүү белгилерин актуалдаштыргыла;

3. Маанилүү белгилерин салыштыргыла жана объектинин же объектилердин мына ушул түшүнүккө же ой жорумга таандыктуулугун аныктагыла.

Классификация текти түзгөн объектилердин белгилерин тактоонун негизинде текти түрлөргө бөлүүнү билдирет. Тек – бул жалпы маанилүү айырмалуу белгилери боюнча бир бүтүнгө бириккен объектилердин жыйындысы. Төмөндөгү алгоритм боюнча классификациялоо жүзөгө ашырылат:

1. Классификациялоо үчүн объектилердин тегин тактоо.

2. Объектилердин белгилерин аныктоо.

3. Объектилердин жалпы жана айырмалуу маанилүү белгилерин аныктоо.

4. Текти классификациялоонун негизин аныктагыла, тактап айтканда, текти түрлөргө ажыратуучу айырмалуу маанилүү белгилерин аныктоо.

5. Объектилерди түрлөр боюнча бөлүштүрүү.

6. Түрлөрдү түрчөлөргө классификациялоонун негизин аныктоо.

7. Объектилерди түрчөлөргө бөлүштүргүлө.

Эгер индуктивдүү жалпылоо процессинде биз жекеден жалпыга өтсөк, дедуктивдүү классификациялоодо бир топ жалпыдан анчалык жалпы эмеске, жалпыдан жекеге өтөбүз.

Классификациялоо түр түзүүчү жана дихотомикалык жактан да жүргүзүлөт. Түр түзүүчү белгилери боюнча классификациялоого, алсак,

күзгү жалпак жана тоголок болуп классификацияланат, ал эми тоголок күзгүлөр томпок жана ийри болот.

Классификациялоону маанилүү белгилердин (табигый) жана маанилүү эмес (жасалма) белгилердин негизинде жүргүзүүгө болот.

Табигый классификациялоодо предмет кайсы группага кирерин билгендиктен, биз анын касиеттери жөнүндө ой жүгүртөбүз. Д.И.Менделеев али ачыла элек химиялык элементтердин касиеттерин алдын ала айтууга мүмкүндүк берүүчү мезгилдик системаны түзүү менен химиялык элементтерди алардын атомдук салмактарына карай жайгаштырып, алардын касиеттеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачкан.

Жасалма классификациялоодо предметтердин касиеттери жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берилбейт (мисалы, алфавит боюнча жайгашкан фамилиялардын тизмеси, китептердин алфавиттик каталогдору), буюмду, сөздү ж.б. жеңил таап алуу үчүн колдонулат. Алфавиттик тартипте жайгашкан дары-дармектердин справочниги жасалма классификациялоого мисал боло алат.

Классификациялоодо төмөндөгү эрежелерди сактоо керек:

1. Бөлүштүрүү бир гана негизге таянып жүргүзүлүшү керек. Бул талап башталышында негиз катары тандалып алынган жеке белгини бөлүштүрүүнүн жүрүшүндө башка белгилер менен алмаштырууга болбойт дегенди түшүндүрөт. М: Өтүктү аялдардыкы, эркектердики жана резина өтүк деп бөлүштүрүү туура болбогондой.

2. Бөлүштүрүү толук жооп бергендей болуу керек, тактап айтканда, түрлөрдүн суммасы текке тең болушу керек. Ката, толук эмес болуп калат, эгер: үч бурчтуктарды тар бурчтуу жана тик бурчтуу деп бөлүштүрсөк, ката болуп калат (мында кең бурчтуу үч бурчтук калып калат).

3. Текке тиешелүү болгон түрлөр бири-бирин өз ара жокко чыгарышы да зарыл. Бул эрежеге ылайык ар бир жеке предмет бир гана түргө кириши шарт. М: Адамдарды киного барышкандар же театрга барышкандар деп

бөлүштүрүүгө болбойт, анткени киного да, театрга да барышкан адамдар да болот.

4. Түрлөргө бөлүштүрүү үзгүлтүксүз болушу керек, тактап айтканда, жакын түрдө алуу зарыл жана түрчөлөргө аттап кетүүгө болбойт.

Түшүнүктөрдү аныктоо − бул түшүнүктөрдүн мазмунун ачуу аркылуу таанып-билүү ыгы. Түшүнүк – объектинин жалпы маанилүү белгилерин чагылдыруучу ой. Ар кандай түшүнүк мазмун менен көлөмгө ээ болот. Түшүнүктүн мазмуну деп түшүнүктө чагылдырылган объектин же объектилердин маанилүү белгилери аталат. Түшүнүктүн көлөмү деп түшүнүктө фиксирленген объектин же объектилердин маанилүү белгилери аталат. Түшүнүктөрдү тектик-түрдүк аныктоо − бул түшүнүктөр аныктаган объектилердин жакын тегин жана алардын айырмалуу маанилүү белгилерин табуу.

Демек, математикалык методдорго статистикалык методдор: моделдештирүү, программалаштыруу, массалык кызмат кылуу методдору менен моделдери, маалыматтарды визуалдаштыруу методу (функцияларды, графиктерди ж.б.) дал ушул сыяктуу кирет.

Методология мына ушул методдорду колдонууу аркылуу өз максатын жүзөгө ашырат.

## 2.3. Педагогикалык эксперименттин иш-аракеттери жана алардын жыйынтыктары

Орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу маселесин ишке ашыруу үчүн атайын эксперимент өткөрүү төмөнкү зарылдыктардан улам пайда болот.

1. Орто мектептердин окуучуларынын таанып-билүүсүндө «жамаат» жана «жоопкерчилик» түшүнүктөрүнүн жоктугунан;
2. «Манас» эпосун окутууда окуучулардын эпостун сюжетин толук билишине мугалим тарабынан толук кандуу көңүлдүн бурулбай жатышынан;

3. 8-класста кыргыз адабиятын окутууга жыл ичинде 68сааттын берилишинен анын ичинен «Манас» эпосунун сюжетине 11саат, Семемтейге-7, Сейтекке, сөз өстүрүү класстан тышкаркы окуу менен кошкондо-10 саат. 2011-жылдагы 5-11-класстар үчүн чыккан кыргыз тили жана адабияты боюнча календардык планда берилген.
4. 11-класска сөз өстүрүү, жазуу жумуштары, кайталоону кошпогондо 14 сааттын берилишинен;
5. «Манас» эпосу боюнча алынган текшерүү, тест иштеринин жыйынтыгы окуучунун билими менен жөндөмдүүлүгүнүн жападан жалгыз маалымат булагы катары бааланып келгендигинен;
6. Сабак мезгилинде «Манас» эпосу боюнча мугалим тарабынан коюлган маселелерди окуучулар билгичтик менен чечмелөө, логикалык системага келтирүү, оюн эркин, так, көркөм айта билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн жоктугунан;
7. Окуучулардын окурмандык компотенттүүлүгүнүн калыптанбагандыгынан;
8. «Манас» эпосу боюнча жазуу, оозеки кептеринин начардыгынан жана окуучулардын билим, көндүмдөрүндө формалдуулуктун болушунан улам максатталган мектептерде эксперимент өткөрүү зарылдыгы келип чыкты.

*Аны өткөрүүдө төмөндөгү принциптерге таянылды:*

1. «Манас» эпосунун сюжети. Өзөк окуялары. Манастын төрөлүшү. Баатырдын балалык чагы. Алтайдан Ала-Тоого көчүү. Алмамбеттин окуясы, Баатырдын үйлөнүшү. Көз камандар окуясы. Көкөтөйдүн ашы. Чоң казат. Кичи казат. Манастын өлүмү. «Манас» эпосунун темасы жана идеясы боюнча окуучулардын билим, билгичтик, көндүмдөрүн конкреттештирүү;
2. «Манас» эпосунун сюжеттик мазмунунун окутууда интерактивдүү методдорду колдонуп үйрөтүүгө жетиштирүү;

3. Окуучулардын эпосту окуп үйрөнүү менен аны турмушта колдоно билүүсүнө үйрөтүү жана аны өркүндөтүү.

**Сыноо –тажрыйба иштеринин жүрүшү жана анын жыйынтыктары**

Жогорудагы кемчиликтерди жоюу максатындагы принциптерге таянылуу менен педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Тажрыйбалык база катары:

1. Баткен областтык гимназия жатак- мектеби, Мугалими: Нарматова Гүлхан Даминовна 8-класстар 96 окуучу.

2.Ноокат районундагы Көк –Жар инновациялык гимназия билим беруү комплекси, Мугалими: Дербишова Жумагул Абдиназаровна 8-класстар 83 окуучу

3.Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы Мугалими: Абдижапарова Айгул 8-класстар 148 окуучу

4.Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон районундагы Ж.Сулайманкулов атындагы орто мектеби Мугалими: Сатыбаева Давлат 8-класстары 62 окуучу алынды

Эксперименттик сыноо иштерибиз аныктоочу, изденүүчү-окутуучу жана жыйынтыктоочу 3 этаптан турду.

1-сынообуз ( 2019-2020-ж) абалды аныктоочу мүнөздө болуп Баткен, Ноокат, Ош, Жалал-Абад аймагындагы жогоруда белгиленген мектептердин 8-класстарынын а) эксперименттик класс 230 окуучу б) текшерүүчү класс 153 окуучу арасында жүргүзүлдү.

*Ал эксперименттерибиз бул критерийлерге таянылды:*

1. Окуучулардын «жамаат» жана «жоопкерчилик» деген терминдердин маанилерин түшүнүшүнө.

2. «Манас» эпосундагы «жамаат» жана «жоопкерчилик» түшүнүгүн сюжеттик мазмун менен байланыштырып жана аны туура талдап бир түшүнүк катары кабылдай билиштерине.

3. «Манас» эпосунун мазмунундагы бөлүктөрдөн жамааттык жоопкерчиликтин чагылдырылышын таап туура анализ жүргүзө билиштерине.

4. Залкар манасчылар Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарынан жамааттык жоопкерчиликтин сүрөттөлүшүнүн маани-мазмунун анализдеп, туура талдай алышына.

5. «Манас» эпосунун идеялык-тематикалык, сюжеттик мазмундагы жамааттык жоопкерчилик аркылуу окуучулардын патриоттук сезимдеринин калыптанып тарбияланышына түшүнө билүүсүнө басым жасалуу менен өткөрүлдү.

Эксперименттин *биринчи этабы* (2019-2020) жогорку маселени чечүү эки багытта жүрдү. Биринчиси «жамаат», «жоопкерчилик» терминдеринин маани-маңызын окуучуларга түшүндүрүү болсо, экинчи багытта «Манас» эпосунун идеялык тематикалык мазмунундагы аталган түшүнүктөрдү кантип окутуунун формалары жана методдору аныкталды. Кыргыз орто мектептеринде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методологиялык негиздери изилденүү менен аталган темага байланыштуу илимий-теориялык, методикалык булактар үйрөнүлдү жана «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн окутуунун теориялык, практикалык жолдору, формалары аныкталып такталды.

*Экинчи этабында*: (2020-2021) «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун жолдору, ыкмалары, окутуунун формалары такталып, интерактивдүү окутууга коюлган талаптар так аныкталды. Пландалган окуу материалдары атайын сунуш кылынган методика менен экспериментте текшерилди. «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин күтүлүүчү натыйжаларынын жыйынтыктары алынды. Аларга атайын илимий-педагогикалык жактан анализ жасалып,

изилдөөлөрдүн корутундулары чыгарылды жана натыйжада илимий методикалык сунуштар берилди.

*Үчүнчү этапта* (2021-2022-ж) жүргүзүлгөн экспериментибиздин жыйынтык натыйжалары анализге алынып, алгачкы жана окутуп-үйрөтүп изденүүдөн кийинки материалдар менен салыштырылып, анализденди. Жыйынтыгында айрым толуктоолор киргизилип, кайрадан дагы текшерүүдөн өткөрүлүү менен жалпы жыйынтыкка келинди. Алынган жана жүргүзүлгөн тажрыйба экспериментибиздин натыйжалары төмөндөгү таблицада чагылып көрсөтүлдү.

Биринчи «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча 8-класстын окуучуларынын билим, билгичтиктерин текшерүү максатында окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыктап сурамжылоо анкетабызды жүргүзгөнүбүздө алардын жыйынтыгын үч багытка бөлүүгө туура келди: 1-толук түшүнүгү барлар, 2-жарым-жартылай түшүнүгү барлар, 3-такыр түшүнүгү жоктор.

Бул экспериментибизде: 1. Баткен областтык гимназия-жатак-мектеби 8-класстардан 96 окуучу;

2. Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык гимназия билим берүү комплекси 8-класстардан 83 окуучу;

3. Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы 8-класстардан 148 окуучу;

4. Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району Ж.Сулайманкулов атындагы орто мектеби 8-класстардан 62 окуучу катышты.

1. Адегенде жүргүзүлгөн экспериментибиз оозеки түрдө «Манас» эпосундагы жамааттык жоопкерчилигин сүрөттөлүшү Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевде кайсы бөлүктөрдө чагылдырылгандыгы боюнча билишин.

2. «Манас» эпосунун сюжетин кыскача айтып берүүлөрүн.

3. «Манас» эпосунун сюжеттик өзөк окуялары боюнча суроо жана тест түзүү көндүмдөрү текшерилди.

4. Эпостун тарбиялык маанисине дил баян жазылды.

5. «Манас» эпосундагы башкы каармандардын образдарындагы жамааттык жоопкерчиликтин күчтүүлүгүнө карата талдоо жүргүзүү деңгээлдерине байкоо жүргүзүлдү.

Натыйжада, жогоруда каралган маалыматтардын алкагында эксперименттин багыттар боюнча төмөнкүдөй пайыздык жыйынтыктары алынды (3.2.1-таблица):

**2.2.1-Таблица. 8-класстын окуучуларынын «жамааттык», «жоопкерчилик» терминдерин билүү деңгээли. Текшерүү класстары боюнча**

| Катар № | Мектептердин аталышы | Окуучунун саны | Толук түшүнүгү барлар, % менен | Жарым жартылай түшүнүгү барлар, % менен | Такыр түшүнүгү жоктор, % менен |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Баткен областтык гимназия-жатак мектеби | 32 | 30 | 50 | 20 |
| 2. | Ноокат районундагы Көк–Жар инновациялык гимназия билим берүү комплекси | 30 | 20 | 60 | 20 |
| 3. | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | 53 | 25 | 50 | 25 |
| 4. | Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району Ж.Сулайманкулов атындагы орто мектеби | 22 | 20 | 60 | 20 |
| | ***Жалпы:*** | ***137*** | ***20*** | ***50*** | ***30*** |


**2.2.2-Таблица. 8-класстын окуучуларынын «жамааттык», «жоопкерчилик» терминдерин билүү деңгээли. Эксперименттик класстары боюнча**

| **Катар №** | **Мектептердин аталышы** | **Окуучунун саны** | **Толук түшүнүгү барлар, % менен** | **Жарым жартылай түшүнүгү барлар, % менен** | **Такыр түшүнүгү жоктор, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|
| | Баткен областтык гимназия –жатак-мектеби | 64 | 10 | 60 | 30 |
| | Ноокат районундагы Көк–Жар инновациялык гимназия билим берүү комплекси | 53 | 20 | 60 | 20 |
| | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | 95 | 25 | 50 | 25 |
| | Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон району Ж.Сулайманкулов атындагы орто мектеби | 40 | 20 | 60 | 20 |
| | ***Жалпы:*** | ***252*** | ***50*** | ***36*** | ***14*** |

**2.2.3-таблица. 8-класстын окуучуларынын «жамааттык», «жоопкерчилик» терминдерин билүү деңгээли боюнча өзгөрүүлөрү, пайыздык көрсөткүч менен**

| **Баалоо жыйынтыктарынын багыттары** | **Катышкан жалпы саны** | **Пайыздык көрсөткүч, текшерүүчү класстар** | **Пайыздык көрсөткүч, эксперимент класстар** |
|---|---|---|---|
| толук түшүнүгү барлар | 389 | 20% | 50% |
| жарым-жартылай түшүнүгү барлар | 389 | 50% | 36% |
| такыр түшүнүгү жоктор | 389 | 30% | 14% |

2.2.1-диаграмма




«Манас» эпосундагы жамааттык жоопкерчилигинин жогорулашы боюнча жогорудагы суроо тапшырмалар менен экинчи жолу анкета алганыбызда (эксперименттин 2-этабында) окуучулардын саны биринчи этаптагыдай эле 383 окуучудан турду. Эксперименттик класстарында 252 окуучу жана текшерүү класстарында 137 окуучу. Окутуу, үйрөтүү тажрыйбадан кийин дагы бир жолу анкета алынганда жогоркудагыдан башкача натыйжага ээ болунду.

Ошентип, «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча оозеки иштеринин жыйынтыктары боюнча алынган натыйжадагы сапаттык өсүшү 15%- 20% жогорулагандыгы байкалды. Тилекке каршы мындай деңгээлдеги окуучулардын аз санда экендиги байкалып, анын себептери төмөнкүлөр экендиги аныкталды.

1. Элдик оозеки чыгармачылыктын океаны болгон «Манас» эпосу байыртадан жаш өспүрүмдөрдүн эле эмес окуучулардын ал эмес студенттердин жана кыргыз атуулдарынын патриоттук-жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун негизги каражаты экендиги тууралуу жетишээрлик деңгээлде маалыматтарынын жоктугу.

2. Элдик оозеки чыгармалардагы анын ичинде «Манас» эпосунун идеялык-тарбиялык, эстетикалык баалуулугу боюнча түшүнүктөрүнүн начардыгы.

3. Мектепте «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгү боюнча алган билимдеринин жетишсиз деңгээлде экендиги.

4. Орто мектепте өтүлгөн класстык сааттарда, маданий-массалык уюштуруу иштеринде окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатууга багыттап тарбиялоодо «Манас» эпосуна басымдын жасалбагандыгы.

5. Атайын орто мектептин окуучулары үчүн ушул багытта иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолордун аз санда экендиги.

Андан кийинки экспериментибиз «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу процессинде окуучулардын эпостун сюжеттик мазмунунан алынган термин-түшүнүктөрдү кандай деңгээлде кабыл алып, ал түшүнүктөрүн кандай денгээлде талдап, анализдей ала тургандыгына басым жасалды. Бул процессти төмөндөгү суроолорду берүү менен аныктоого туура келди.

1. «Манас» эпосунун идеялык мазмуну тууралуу эмнелерди айтаар элең?

2. Эпостогу жамааттык жоопкерчиликтин күчтүүлүгүн кайсы бөлүктөрдөн байкадың?

3. Өзгөчө кайсы каармандардын образдарында жамааттык жоопкерчилик күчтүү дээр элең? Эмне үчүн жана кантип?

4. Мисал келтире аласыңбы?

5. Сенин оюңча бүгүнкү замандын окуучуларында жамааттык жоопкерчилик кандай деңгээлде?

6. Деги эле эпостун мазмунунан кандай идеялык-тарбиялык таасир ала алдың?

7. Келечекте эпостун идеялык мазмунунан алган билимиңди турмушта колдоно алууга күчүң жетеби?

8. Эгер жетсе башкаларга кандай сунуш берээр элең?

Оозеки формада алынган жогорудагы жооптордун мындай деңгээлди түзүп калышына окуучулардын билим билгичтиктери жана алардын логикалык ойлоо жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлдик даражасы тоскоол болгон. Анткени окуп, билип, кабыл алган түшүнүгүн ой чеңеминен өткөрүү

үчүн берилген суроолордун маңызын эпостогу турмуш чындыгы менен канчалык деңгээлде байланыштуу болгондугун ажыратып, салыштырып, анализдеп алуулары керек эле. Ошондо гана окуучулардын берилген тапшырма боюнча билими өз деңгээлинде болмок.

Жогорудагы 1-суроо аркылуу окуучулардын эпостун сюжеттик мазмунун канчалык деңгээлде билишээрин жана «Манас» эпосунун идеялык мазмуну аркылуу окуучулардын ички психологиясында кандай компотенттүүлүктөрү калыптанып, ага тарбиялангандыгын билүүгө аракеттер жасалды.

2-суроодо окуучулар эпостун сюжети менен канчалык даражада тааныш экендигин билүүгө туура келди.

3-суроо боюнча окуучулар эпостун сюжетиндеги каармандардын образы менен тааныштыгына, өзгөчө образдардын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнө, алардын жамааттык жоопкерчилигинин күчтүүлүгүнө кандайча кабылдап, кандайча талдай билишээрине карата бааланды.

4-суроодо «Манас» эпосунун бөлүктөрүн толук кандуу окуп, билип, талдай алышын аныктадык.

5-суроодо ар бир окуучунун ички психологиясында жамааттык жоопкерчиликтин канчалык даражада калыптангандыгын өз көз караш, пикирлери аркылуу далилдеп бере билүүсүнө карай бааланды.

6-суроого эпостун идеялык- сюжетин окуу менен ички дүйнөмдө мекенге болгон сүйүү, аны көздүн карегиндей сактоо, жаратмандык, керек болсо Манас атабыздай өзүн курмандыкка чалуу, каармандык, боорукердик, тайманбастык жана башка ушул сыяктуу сезимдер пайда болгондугу менен сыймыктанам.

7. Ооба, болгон ички мүмкүнчүлүгүмдөгү, моралдык оң сезимдерди жашоомдо колдоно билгенге психологиялык дараметим жетет, жана аны колдоно алам деп ишендире алам.

8. Ошондуктан бардык кыргыз жамааттарын жана классташтарымды, жалпы мектеп окуучуларды жамаат үчүн болгон аруу сезимиңерди Ата-

мекен, эл-жер, ата-эне, тууган-уруктардын жыргалчылыгы үчүн жумшагыла деген сунушту берээр элем деген түшүнүк, жыйынтыктарына карай бааланды. Алынган натыйжага карай төмөндөгүдөй жыйынтык болду.

**3.2.4-таблица «Манас» эпосун окуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигинин жогорулашы боюнча өздөштүрүү деңгээли.**

| | | Эксперименттик класстар | | | Текшерүүчү класстар | | | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Темалары | классы | саны | | классы | саны | | |
| 1 | Манастын төрөлүшү. Баатырдын балалык чагы | 8-кл. | 35 | 14% | 8-кл. | 16 | 12% | |
| 2 | Алтайдан Ала-Тоого көчүү. Алмамбеттин окуясы. Баатырдын үйлөнүшү. | 8-кл. | 40 | 16% | 8-кл. | 15 | 11% | |
| 3 | Көз камандар окуясы. Көкөтөйдү ашы. | 8-кл. | 43 | 17% | 8-кл. | 18 | 13% | |
| 4 | Чоң казат. Кичи казат. Манастын өлүмү | 8-кл. | 43 | 17% | 8-кл. | 18 | 13% | |
| 5 | Манас эпосунун темасы жана идеясы. | 8-кл. | 50 | 20% | 8-кл. | 21 | 15% | |

Жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөй 2-этабынын жыйынтыгында эксперименттик класстар 1-тема боюнча 14%, 2-тема боюнча 16%, 3-тема боюнча 17%, 4-тема боюнча 17%, 5-тема боюнча 20% өздөштүрүшкөндүгү байкалды. Демек бул эксперименттин натыйжасында эксперименттик класстардын «Манас» эпосунун сюжети, андагы каармандардын образдары, ал образдардын ички психологиясындагы жамааттык жоопкерчиликтердин канчалык даражада экендиктерин өз алдынча билишип, ал билгичтиктери менен бирге көндүмдөрү да өскөндүгүн байкоого болот.

Жыйынтыктоочу экспериментти өткөрүү үчүн эксперименттик класстарга коюлган талаптар:

1. Экспериментти жүргүзүүдө максатын, формасын аныктап, аны өткөрүү үчүн колдонулуучу интерактивдүү методдордун технологиясын иликтеп чыгып, колдонуу.

2. Ага үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүлүү менен андан жыйынтык чыгаруу.

3. «Манас» эпосун окутуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн эксперименттерди жүргүзүүдө окуучулар өздөрүнүн психологиясында жамааттык жоопкерчилиги канчалык деңгээлде өнүгүп жогорулагандыгына мугалимдин жардамы менен ар кандай формада байкоо, талдоо, анализ жүргүзүшү, андан жыйынтык чыгара алышы.

Жогорудагы талаптардын аткарылышынын натыйжасында окуучулардын «Манас» эпосун окуутуу менен жамааттык жоопкерчилигинин жогорулаш көрсөткүчү төмөнкүдөй болду.

**Таблица 2.3.5. «Манас» эпосун окуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигинин жогорулашы боюнча жыйынтык көрсөткүч деңгээли.**

| | Эксперименталдык класстар | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу этап | | | | | | | | Жыйынтыктоочу этап | | | | | | | |
| Мектептер-дин аталышы | Баткен облустук жатак гимназия мектеби | | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | | Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык | | Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы | | Баткен облустук жатак гимназия мектеби | | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | | Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык | | Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы | |
| Деңгээлдер | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % | Окуучулар | % |
| Төмөнкү | 20 | 31,25 | 23 | 31,25 | 11 | 31,25 | 8 | 31,25 | 6 | 9,25 | 9 | 9,25 | 5 | 9,25 | 4 | 9,25 |
| Ортоңку | 37 | 57,85 | 50 | 57,85 | 32 | 57,85 | 24 | 57,85 | 40 | 61,85 | 59 | 61,85 | 33 | 61,85 | 25 | 61,85 |
| Жогорку | 7 | 10,9 | 22 | 10,9 | 10 | 10,9 | 8 | 10,9 | 18 | 28,9 | 27 | 28,9 | 15 | 28,9 | 11 | 28,9 |

**Таблица 2.3.6. «Манас» эпосун окуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигинин жогорулашы боюнча жыйынтык көрсөткүч деңгээли.**

| | Текшерүүчү класстар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу этап | | | | Жыйынтыктоочу этап | | | |
| Мектептер-дин аталышы | Баткен облустук жатак гимназия мектеби | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык | Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы | Баткен облустук жатак гимназия мектеби | Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы | Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык | Жалал-Абад облусунун Базар-Коргон районундагы |

| Деңгээлдер | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Төмөнкү | 6 | 18,75 | 13 | 24,5 | 6 | 20 | 5 | 23 | 6 | 18,75 | 13 | 24,5 | 6 | 20 | 5 | 23 |
| Ортоңку | 16 | 50 | 27 | 51 | 18 | 60 | 13 | 59 | 16 | 50 | 27 | 51 | 18 | 60 | 13 | 59 |
| Жогорку | 10 | 31,25 | 13 | 24,5 | 6 | 20 | 4 | 18 | 10 | 31,25 | 13 | 24,5 | 6 | 20 | 4 | 18 |

**Таблица 2.3.7. «Манас» эпосун окуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигинин жогорулашы боюнча 8-класстын окуучуларынын жалпы жыйынтык денгээлдеринин пайыздык көрсөткүчү.**

| Деңгээлдер | Эксперименталдык класстар | | | | Текшерүүчү класстар | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | | Аныктоочу этап | | Жыйынтыктоочу этап | |
| | Окуууочулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуучулардын саны | % | Окуууччлуардын саны | % |
| Төмөн | 81 | 32 | 25 | 10 | 46 | 33,3 | 41 | 30 |
| Орто | 100 | 40 | 111 | 44 | 54 | 39,5 | 55 | 40 |
| Жогору | 71 | 28 | 116 | 46 | 37 | 27,2 | 41 | 30 |

Жогорудагы эксперименталдык таблицада белгиленгендей тажрыйбанын жыйынтыгында жогорку деңгээл 18%га, ортоңку деңгээл 4% жогорулап, төмөнкү деңгээл 22% кыскарган. Ал эми текшерүүчү класстарда олуттуу өзгөрүүлөр дале байкалбаган.

Ошентип, орто мектептердин 8-класстарында «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча өткөрүлгөн эксперименттик иш аракетибиздин натыйжасында окуучулардын «Манас» эпосу боюнча билим, билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн сапаттык натыйжаларына анализ жүргүзүүнүн негизинде төмөнкү жыйынтыктар алынгандыгын белгилөөгө туура келет.

1. Орто мектептердин 8-класстарында «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн колдонулган изденүүчү, окутуучу экспериментибиздин натыйжасында окуучулардын окурмандык, ишмердүүлүк, патриоттук, гумандуулук сезимдери жогорулады. Анын негизинде эксперименттик класстардагы билим берүүнүн мазмуну тереңдеп, сапаты жогору көтөрүлдү.

2. Орто мектептерде «Манас» эпосун окутуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн өткөрүлгөн тажрыйбалардын негизинде окуучулардын коомдук аң-сезимдери, моралдык ички сапаттары; а) идеялык-коомдук;б) адамдын тууралыгынын мүнөздөмөлөрү; в) өзүнө жана башка адамдарга карата мамилелери; г)эмгекке жана жеке менчикке карата мамилелери; д) моралдык ички активдүүлүктөрү өнүгүп, этикалык, эстетикалык маданияттары жогорулады.

Мындай натыйжанын негизинде белгиленген (2019-2022-ж.ж.) мөөнөттөгү өткөргөн эксперименттик тажрыйбабыз толук кандуу окуу-тарбия процессинде жайылтууга негиз боло алат деген ишенимдерге келдик.

**Экинчи бап боюнча корутунду**

Экинчи бапта «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору каралды. Педагогикалык тажрыйбалык жол менен биз иштеп чыккан методикалык сунуштар канчалык оптималдуу, окутуу процессине туура келерлиги текшерилди, эксперименттин материалдары, уюштурулушу жана жыйынтык натыйжалары чагылдырылды.

Илимий ишибиздин ушул бабында темабыздын негизинде орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу маселесин ишке ашыруу үчүн атайын эксперимент өткөрүлдү. Окутуучуга коюлган педагогикалык, анын ичинде методикалык талаптар төмөнкүлөр болгондугун изилдөөдө белгиледик:

1. Экспериментти жүргүзүүдө анын максатын, формасын аныктап, аны өткөрүү үчүн колдонулуучу интерактивдүү методдордун технологиясы иликтенип чыгып, колдонулду.

2. Экперименттерди өткөрүүдө коюлган талаптарды аткаруу пландалган максаттын негизинде ишке ашты. Ага үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүлүү менен андан жыйынтык чыгарылды.

3. Аныктоочу эксперименттен кийин «Манас» эпосун окутуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу үчүн атайын

изденүүчү жана окутуучу эксперименттерди жүргүзүүдө окуучулар өздөрүнүн психологиясында жамааттык жоопкерчилиги канчалык деңгээлде өнүгүп жогорулагандыгына мугалимдин жардамы менен ар кандай формада байкоо, талдоо, анализ жүргүзүшүп, андан жыйынтык чыгара алышты.

4. Экспериментти өткөрүү процессинде максатталган тапшырмаларды толук аткаруу жана андан жыйынтык чыгаруу, ага баа берүү талаптары жогоруда белгилеп өткөн зарыл шарттарга ылайык иш жүзүнө ашырылды.

2019-жылы башталган эксперименттин алгачкы этабында «Манас» эпосун орто мектептерде окутуунун жана окуучулардын эпос боюнча алган билимдеринин жалпы деңгээли аныкталды Баткен областтык гимназия жатак- мектеби, Ноокат районундагы Көк –Жар инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарындагы №2 Карл Маркс атындагы мектеп гимназиясы Жалал-Абад облусу, Базар-Коргон районундагы Ж.Сулайманкулов атындагы орто мектебинде «Манас» эпосунун окутулуш абалы үйрөнүлдү. Ушул эле бапта педагогикалык эксперименттин этаптары, максаты, милдети жана натыйжалары көрсөтүлдү. Эксперименталдык (тажрыйбалык) топтор менен текшерүүчү топторунун окуучуларынын «Манас» эпосу боюнча билим деңгээли адегенде негизинен бирдей эле болсо, биз тажрыйба жүргүзгөн топторго өз технологияларыбызды сунуштадык. Анын натыйжасында биздин методикалык ыкмалар, каражаттар жана окутуу жолдорубуз орточо 15-20%га жогорулагандыгы математикалык статистикалык жол менен таблицаларда чагылдырылды.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. «МАНАС» ЭПОСУН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАМААТТЫК ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИНИ ЖОГОРУЛАТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

## 3.1. «Манас» эпосун окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатууга багыттап окутуунун методологиялык негиздери

Окутуу процессинин ийгилиги көбүнчө окутуу методдорун колдонуу чеберчилигине көз каранды болот. Окутуу методдору − бул окуучулар менен окутуп жаткандардын билим максаттарына жетүүгө багытталган биргелешкен иш-аракеттеринин ыкмалары. Окутуу методдору окуу максаттарына жетишүүдөгү окуучулардын окуу иш-аракеттери менен мугалимдин үйрөтүүчү иштеринин спецификасы менен өз ара байланышуу ыкмаларын чагылдырат. Дидактикада «окутуу ыкмалары» жана «окутуу эрежелери» деген түшүнүктөр кеңири колдонулат.

Окутуу ыкмалары − окутуу методунун өзүнчө бир жагы же курамдык бөлүгү, башкача айтканда, «Метод» жалпы түшүнүгүнө салыштырмалуу жеке түшүнүк. Булардын ортосундагы чек ара − өтө кыймылдуу жана өзгөрмөлүү. Кээ бир учурларда метод педагогикалык милдеттерди чечүүдө өз алдынча жол катары чыгат, башка учурларда − жеке милдетке ээ ыкма катары чыгат. Алсак, эгер мугалим жаңы билимди сөздүк метод менен (түшүндүрүү, аңгеме, аңгемелешүү) кабарлап, бул процесстин жүрүшүндө көрсөтмө куралдарды демонстрацияласа, анда бул көрсөтмөлүүлүк ыкма болуп саналат. Эгер көрсөтмө курал үйрөнүүнүн объектиси болсо жана негизги билимди окуучулар мына ошону көрүү аркылуу алышса, анда сөздүк түшүндүрүү ыкма, ал эми демонстрациялоо окутуунун методу болуп калат. Ошентип, метод өзүнө бир канча ыкмаларды камтыйт, бирок ал өзү ыкмалардын жөнөкөй эле суммасы болуп саналбайт. Ыкмалар окуучу менен мугалимдин иштөө методдорунун өзүнчөлүгүн аныктайт, алардын иш-аракеттерине индивидуалдуу мүнөз берет.

Окутуу эрежелери (дидактикалык эреже) − окутуу процессинин типтүү педагогикалык жагдайында эмне кылыш керектиги жөнүндөгү конкреттүү

көрсөтмө. Аныкталган милдетти чечүү үчүн эрежелердин системасы − бул методдун нормативдүү-сүрөттөөчү модели.

Окутуу методу тарыхый категория. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү менен өндүрүштүк мамилелердин мүнөзү педагогикалык процесстин максатына, мазмунуна жана каражаттарына өзүнүн таасирин тийгизет. Коомдук өнүгүүнүн алгачкы этаптарында жаш муундарга социалдык тажрыйбаларды берүү балдар менен чоңдордун биргелешкен иш-аракеттеринде жүзөгө ашырылган. Тууроого негизделген окутуу методдору басымдуулук кылган. Чоңдор аткарганды аткарышкан балдар тамак-ашты табуу, отту сактоо, аңчылык кылуу, кийим даярдоо ж.б. ыкмалары менен ыктарына ээ болушкан. Мунун негизине окутуунун репродуктивдүү методу («мен жасагандай жаса») жаткырылган. Бул метод − эң байыркы методдордон.

Мектептердин ачылышы менен  окутуунун сөздүк методдору пайда болду. Мугалим даяр маалыматтарды балдарга айтып берип, алар аны өздөштүрө башташты. Жазуунун, андан соң китептин пайда болушу менен билимди белги түрүндө топтоо жана берүү мүмкүнчүлүгү жаралды. Сөз маалыматты алып жүрүүнүн эң башкы каражатына, китеп боюнча окутуу окуучу менен мугалимдин өз ара биргелешкен аракетинин массалык ыкмасына айланды. Китептер болсо ар түрдүү ыңгайда колдонулуп келди. Орто кылымдагы мектептерде негизинен диний мазмундагы тексттерди окуучулар механикалык түрдө жаттап алышкан Догматикалык, же катехизистик, окутуу методдору ушинтип пайда болгон. Мунун бир аз өркүндөтүлгөн түрү − суроолор коюу жана даяр жоопторду айтып коюу болгон.

Улуу ачылыштар менен ойлоп чыгаруулардын доорунда сөздүк методдор окуучуларга билим берүүнүн жападан-жалгыз ыкмасы катары өзүнүн маанисин акырындык менен жогото баштаган. Окутуу процессине байкоо, эксперимент, өз алдынча иштөө, көнүгүү иштөө деген сыяктуу

окуучулардын демилгелүүлүгүн, аң-сезимдүүлүгүн, активдүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган методдор кире баштаган.

19-20-кылымдардын чегинде сөздүк методдун варианты катары эвристикалык метод маанилүү орунду ээлей баштады, бул метод баланын керектөөлөрү менен кызыгууларын бир топ толук эске алуу менен анын өз алдынчалыгынын өнүгүшүнө жагымдуу жагдай жараткан. Окуунун «китептик» методу «табигый» методдорго, башкача айтканда, окутуунун жүрүшүндө чындык менен түздөн-түз байланышына каршы келип калды. Педагогдордун кызыгуусун окутуунун практикалык методдорун колдонуучу «иш-аракет аркылуу окуу» концепциясы жаратты. Мындагы негизги басым окуучулардын ар түрдүү иш-аракеттерине, көркөм адабияттар менен иштөөсүнө коюлуп, бул процессте окуучулар өздөрүнүн жекече тажрыйбаларын колдонуу менен негизинде өз алдынчалыктарын, чыгармачылык ойлорун өнүктүрүшкөн. Маселе, бул жерде окуучунун ар бир тема боюнча кайтарым билимдерин талаптагыдай алыш үчүн алгач алардын берген билимди эске тутуусун калыптандыруу зарыл. Себеби психология илиминдеги эске тутуунун классификациясында көрсөтүлгөндөй, адам баласынын, анын ичинде окуучунун эске тутуусу канчалык жакшы болсо, анын алган билими боюнча ой жүгүртүүсү ошончолук жогору болот. Ой жүгүртүү канчалык күчтүү болсо, окуучунун чыгармачылык активдүүлүгү ар кандай методдорду колдонуу процессинде жогорку ишкердикке чейин өсүп жетип, оң натыйжаларды берет. Ал үчүн албетте окуучулардын таанып-билүүсүн жогорулатуубуз керек. Анткени, таанып билүү адамдын аң сезиминде чындыктын кайра элестетилген көрүнүшү катары объективдүү дүйнөнү чагылтып көрсөтүүдөн башка эч нерсе боло албай тургандыгын көңүлгө тутуу менен адамдын аң сезиминдеги нерселер, алардын касиеттери, мамилелери болот. Адамдын психикасы жогорку даражада түзүлгөн материянын, мээнин бир касиети болуп саналат. Мунун өзү таануу, ойлоо менен материалдык дүйнөнүн ортосунда эч кандай принципиалдык, өтө

алгыс чек жок болушу да мүмкүн эмес деген тыянакка алып келе тургандыгы анык.

Анткени жалаң гана материалдык объектилер эмес, рухий, психикалык көрүнүштөр да таанып- билүүнүн сынагын эч кандай даражада өзгөртпөйт. Себеби, көрүнүштөрдүн аң сезимден тышкары турган объективдүү реалдуулуктун чагылып көрүнүшү экени талашсыз. Анткени, узак өнүгүүнүн натыйжасында өнүгүп андан кийин ойлоо өркүндөп өсөт. Анткени, адам баласы сезген нерсесин ойлоо аркылуу экинчи бирөөгө жеткирет. Деги эле өзүнүн психологиялык табияты боюнча сезимдер ал адамдын аң сезиминдеги туруктуу шарттуу – рефлектордук түзүлүштөрү болуп саналат да, ар кайсы жагдайлардагы анык эрктик – аффектик жооп кайтарууларынын эмоцияларынын жана каалоолорунун негизин белгилейт. Өзүнүн социалдык мазмуну боюнча жоопкерчилик сезимдер адамдын коомдук турмуштун айрым көрүнүштөрүнө, же жалпы коомго карата субъективдүү мамилесин көрсөтөт.

Ушул позициядан алганда жамааттык жоопкерчиликтер биз максаттаган «Манас» эпосунда инсандын (Манастын) өзүн аңдоочулугунун мазмунун түзүүчү парз, жоопкерчилик, ар намыс, кадыр-барк, уят-сый сыяктуу эмоциялык таасирденүүлөрүнөн байкалат. Башкача айтканда кытайлардын караканы баштаган Алооке сыяктуу адилетсиз душмандардын үстөмдүгүн сезүү менен өздүк ички ынанымына жараша Манас баатыр ал жагдайды талдоого алып, ошонун негизинде бир чечимге келгендигинин натыйжасында Манас баштаган калың журт Ала-Тоону көздөй көчө баштагандыгын бир сабактын мисалында берүүгө аракеттендик. 8-класстын бир жылдык окуу планында кыргыз адабияты сабагына 68 саат бөлүнгөн анын 11 сааты «Манас» эпосуна тиешелүү. Кыргыз рухунун туу чокусу болгон эпосту мектеп окуучуларына окутуу менен алардын ички жан дүйнөсүндөгү жамааттык сезимдерин ойготууну мугалимдин педагогикалык чеберчилигине жараша ар бир мугалим биз жогоруда белгилеп өткөн окутуунун ар кандай методдорун колдонуу менен ишке ашырат.

Анткени эң жогорку квалификациялуу профессионалдуулукту, компетенттүүлүктү, натыйжалуу профессионалдык жөндөмдүүлүктү, машыгууларды алынуучу негизги чечимдерди, жаңы алгоритмдерди үйрөтүүнү кесипкөйлүк деңгээлде чечүү аны эң жогорку стабилдүү ишке ашыруунун негизи болуп саналат. Мындан мугалимдин профессионалдык ишкердигинин эки жагы бири-бири менен диалектикалык карым-катнаштагы кубулуштардан экендиги келип чыгат. Ошол эле мезгилде мугалимдин профессионалдык натыйжалуулук жана майнаптуулук менен мүнөздөлөт. Себеби натыйжалуулук-жемиштүү ишенимдүү эң жогорку тактык, ыңгайлуулук, интенсивдүүлүк, уюштуруучулук, туруктуулук сыяктуу социалдык мааниге ээ болуу менен алдын ала көрө билген максаттуулугу менен өзгөчөлөнөт. Ошондуктан бул жерде ишкердик проблемасын чечүүдө адегенде инсандын дүйнө таануусуна кошуп, ички өздүк билимдеринин өнүгүүсүнө, өзүн-өзү аңдай билүүсүнө, инсан катары калыптануусуна өбөлгө, булак болгон жогоруда биз белгилеп өткөн окутуу методдоруна таянышыбызга туура келет.

Кандай гана мектеп окуучусу болбосун анын ички жан дүйнөсүндөгү жамааттык жоопкерчиликти ойготуу жана ага калыптандырып өнүктүрүү үчүн ар бир өтүлгөн адабият сабагы жогорку деңгээлде уюштурулушу керек.

Анткени алардын ички жамааттык жоопкерчилигин калыптандыруу индивиддин психикасына, ал эми өнүктүрүү жалпы коомго тиешелүү.

А бул маселе мектепте мугалимдин ишмердигине башкача айтканда өткөн сабагынын деңгээлине байланыштуу. Анткени сабак окуу ишин уюштуруунун негизги формасы жана мугалимдин жетекчилигинде белгилүү бир программага ылайык билим жана тарбия берүү. Ошол эле мезгилде мугалимдердин жана окуучулардын туруктуу курамы системалуу түрдө белгилүү бир убакыттын ичинде окутуунун, тарбиялоонун жана окуучуларды өнүктүрүүнүн милдеттерин чечүүгө багытталган ишмердиктерин уюштуруунун формасы болуп саналат. Өз позициябызды далилдөө үчүн бир сабактын моделин сунуш кылалы.

Мисалы: **Сабактын темасы:** Алмамбеттин окуясы.

**Сабактын максаты:** 1. Алмамбеттин төрөлүшүндөгү укмуштуу окуялардын болушунан анын кандайдыр бир өзгөчө касиетке ээ боло тургандыгын; 2. Чоңоюп такка отургандан кийин адилет калыстыкты туу туткан башчы болгондугун; 3.Калыс, адилеттүүлүктү талап кылган Алмамбеттин; 4. Алоокенин уулу Коңурбай менен чатакташып уруштун аягы Коңурбайдын качышы менен аякташын; 5. Эсенкандын тукурушу менен Алмамбетке Нескара, Жолой, Бөрүкөз, Канжаркол, Коңурбайдын каршы чыгышын; 6. Эжеси Алтынайдын уулуна жардамга келиши; 7.Көкчөгө Алмамбеттин жолугушун; 8. Ызгыч куштун жолугушун. 9. Манастын Алмамбетти тосуп чыгышын жана анын 1-2-3-сыноосу тууралуу маалымат берүү; 10. Окуучуларды кыргыз элинин улуттук биримдигин чыңдоодо эпостогу баатырлардын ички жан дүйнөсүндө жамааттык улут катары сактап калуу, алардын бекем эрктик, парзды ыйык тута билүү, жоопкерчилик, улуттун ар намысын, кадыр-баркын сактай билүү сезимдеринин күчтүү болушуна тарбиялоо жана аларды турмуштук жашоосунда колдоно билүүсүнө жетиштүү.


**Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү

**Сабактын формасы:** жеке, жупта, топто иштөө

**Колдонулган ыкма:** Синквейн, кластер, Венндин диаграммасы

**Сабактын жүрүшү:**

Мугалим класстан тышкары окууга аталган теманы берет. Үйдөн окуп келген тапшырманы класска келгенде адегенде жалгыздап эстерине салуу үчүн убакыт берет, убакыт аяктаганда ар бир окуучу өзүнүн өнөктөшү менен тема боюнча пикирин бөлүшкөнгө багыт берилет. Андан кийин өзүлөрүнчө бөлүшүп аткарып келген тапшырмаларын презентациялоого өтүшөт. 1-тайпага кластер, 2-тайпага венндин диаграммасы, 3-тайпага баяндоо, 4-тайпага синквейн жана эссе жазуу тапшырмасын үйдөн аткарып келгендерин презентациялоолорун өтүшөт. 1-тайпанын кластеринде гүл тартылып, теманын мазмуну төмөндөгүчө берилген:




**2.2.1-сүрөт**

1-тайпа өз кластерин төмөндөгүчө презентациялашты. «Алмамбеттин окуясынын» мазмунун айтып бериш үчүн гүл тартканыбыздын себеби гүл-сүйүүнүн, назиктиктин символу. Бул символду биз Алмамбет менен Манастын бири-бирине болгон достук сезимдеринин күчтүүлүгүнөн, жамааттын биримдиги, ынтымагы үчүн өз жандарын аябаган патриоттук

сезимдеринин бийиктигинен көрүп, сезип, ал сезимдерин өтө назиктигин байкадык. Аны баaладык.

Биз да досторубуз менен Манас менен Алмамбеттей ынак, бири-бирин сыйлап, урматтаган адамдардан болууну шерттештик. Ал эми гүлдүн идишин «Манас» эпосу дегенибиздин себеби Алмамбеттин окуясы эпостун бир бөлүгү болуп саналгандыгынан ошентип жаздык. Гүлдүн сөңгөгүнө бүгүн өтүлүп жаткан сабагыбыздын башталышын, 1-жалбырагын Алмамбеттин төрөлүшүндөгү кереметтүү окуяларды, 2-жалбырагында Алмамбеттин балалык чагында алган билимдерин жана анын өзгөчө билим экендигин өзгөчө ажыдаардан көптөгөн өнөрдү, анын ичинде күн жаадырган жайчылыкты үйрөнгөндүгүн белгилегибиз келди.

Гүлүбүздүн таажысындагы темада Алмамбеттин атасы- Азизхан-Соорондук, эжеси –Экзер-Алтынай болгондугун, эрезеге жеткен баласын Азиз хан такка отургузгандыгы, ал адилеттүү кара кылды как жарган хан болгондугу бир күнү агасы бир кездерде Алоокенин баласы Коңурбай Канжайлак деген жерин тартып алгандыгын айтып, эми ошону кайра кайтарып алууга жумшайт. Жакшылык менен түшүндүрсө да Коңурбай уккусу келбей: «Өтүңдү жарып, көзүңдү оюп, каныңа тоюп, өлүгүңдү Эсенканга жөнөтөм» -деп жаалданганда экөө сайыша кетишет. Коңурбай найза жейт. Ызасына чыдабаган Коңурбай Эсенканга барып: -Коломтодон кор чыкты. Алмамбет деген зор чыкты. Аттан сайып түшүрүп, как жөткүрттү өзүмдү. Эми кыям дейт сенин башынды, кыйратат аягын тагыңды. Ниети бузук жери бар, бул арам иттин бурутка «(кыргызга)», кирип кетер чени бар-деп, көкүтөт. Ошо кезде ордого кирип келген Алмамбет да:

-Коңурбай журтту азапка салды, бечаралардын башын койдой кесет, ичин коендой жарат. Деги аны кой деп айтаар жан барбы? –десе Эсенкан үн катпайт. Коңурбай ичкери кирип келет.

Бул окуяны көрүп турган Эсенкандын Бурулча кызы Алмамбетти жактырып калгандыктан:

-Ух Алмамбет. Атам Эсенкандын буйругу менен сени өз атаң өлтүрөт. Ошон үчүн бара турган эл камда, бата турган жер камда. Балтырың сыяр жер тапсаң, алты жылы жолуңду күтөм- дейт.

Эсенкандан жооп укпаган Алмамбет үйүнө келсе атасы бакырып:

-Жайлоому айрып бер десем, Коңурбай менен Каңгайдын түп каны Эсенканга неге күч көрсөтөсүң. Каралык бар ниетиңде. Чымындай кыям жаныңды. Айттырбай кесем тилиңди. Азыркы жолдон кайт балам! -деп опурулганда айласын таппаган Алмамбет апасы менен коштошуп бурутка кирип кетүү чечимине келет. Кылжейренди минип жолго чыгат. Аны уккан Эсенкан Алманбетти кармап келүү үчүн Коңурбай баш болгон баатырларын артынан жөнөтөт.

Нескара, Жолой, Бөрүкөз, Канжаркол, Коңурбай баштаган жети баатыр Алмамбеттин артынан келип, кармаш башталат. Айыгышкан жалгыз салгылашууда Нескара, Жолой баштаган жети баатырды аңтара сайып Алманбет алдан таят. Ошол мезгилде баласына жардам берем деп келген баласынын абалын көрүп, анын аркасынан кууп келе жаткан Коңурбайды Алтынай буйткадан тосуп алып Алгараны саят. Жаза тийген найза кар жиликтин булчуң этин жырып кетет. Жөө калган Коңурбай качып жөнөйт. Бир аз тыныккан Алмамбет Кылжейренге минип Коңурбайдын аркасынан барып саят. Коңурбайдын артынан келген калмактар кууп келе электе Алмамбетти Мажик келип кынтып алып кетет.

Келишсе тору бээ бош калып өлгөн апасын кытайлар качырга жүктөп, Бээжинге алып кетип жаткан болот. Алмамбет кытайлар менен салгылашып апасынын сөөгүн ала качып барып токойго коет.

Аркасынан келе жаткан эсепсиз колдон дубалдан аша секире качып, бөксөгө мөндүр жаадырып, түзөңгө туман каптатып, дарыяларды ташкындатып кутулат.

Кайгыга батып, Кылертиштин боюнда келе жаткан Алмамбет көк ала ат минген айбаттуу казактардын баатыры Көкчөгө жолугат. Салам берип жөн сурашкандан кийин Алмамбеттин дайынын билген Көкчө улак таптырып

садага чаап, ак боз бээ сойдуртуп кабыл алат. 6ай Көкчөдө туруп калат. Ошол арада Алмамбет душмандары Жолой менен Коңурбайга барып жылкысын тийип келип, казактар байып жатып калат. Калыстыгы менен калк оозуна алынат. Бирок аны көрө албастар Көкчөгө чагыштырып ушактап келишет. Мас болгон Көкчө Акеркечти менден тартып алганы жүрөсүң деп катуу жаман сөздөр менен намысына тиет. Ошондо Алмамбет намысына чыдабай Көкчөгө эли менен кошо кыргын салууну ойлоду. Бирок акыл калчап: «Өлөңдүү жерди өрттөбөй өзүм жүрүп кетейин»- деп кетип жатканда Акеркеч алдын тосуп. «Таластагы көк жал Манаска жолукпай артыңа кайтпа»-деп кеңеш берет. Алмамбет шашкелик жерге барып жаңгактуу токойго атын тушай, Масы тараса Көкчө келээр деп 2 күн күтөт. Көкчө да масы тарагандан кийин Алманбетти издейт. Бирок таппайт.

Андан кийин 5-окуя Ызгыч куш менен Алмамбеттин окуясы жүрөт. Өзү жарадар кылып, кайра өзү айыктырып Ызгыч кушту учуруп отурган кезде, 6-окуя Ызгыч куш учкан тарапты караса түшүндө аян берип Алмамбеттин кайсы тараптан келээрин күтүп отурган Манас Бото-Мойноктун белинен агынын мойну бир кулач, алаңгыр жаа асынып, арстан эр золкоюп келе жаткан болот. Манаста Бото-Мойноктун белинен Алмамбетти көрөт да ага: «Кызыл түктүү пил экен, кыраакы эрдин бири экен, алыскы ишти ойлогон акылман, айбатына жан бүтпөс баатыр экен»-деп баа берет. Чоролоруна: Алмамбет –сунса колду узарткан, жумулса көздү ачкан баатыр, өжөрлүк кылса, өткөрүп, кейишке салса кечиришип, кетирбей алып калалы»-деп макулдашып, Манас Алмамбетти сындан өткөрмөкчү болуп анын акылы боюнча Чалыбай, Ажыбай, Сыргак, Кутунай, Чубак күтүлбөгөн жерден чыга калышып, мылтык атып, добул согуп, жеп ийчүүдөй бакырышып Алмамбетти качырып сала беришкенде алардын чабуулуна чил учкандай селт этип да койбогондо беш баатыр катыла албай коет. Манастын Алмамбетти биринчи сыноосунда эмнени билгиси келген деген суроо туулат. Бул пикирге биз Манас баатыр Алмамбеттин чыныгы баатырдыгын билгиси келген. Эгерде чалабарман, эмоцияга алдырган баатыр болгондо беш

баатырдын чабуулуна кылыч найзасын көтөрүп айгай салмак. Андай болгон жок. Алмамбет сабырдуу, токтоо, ар кандай кырдаалга акыл калчап мамиле жасай турган тайманбастыгы, алысты көрө билген сезимталдыгы билинди. Себеби сезимталдык –адамдын ар кандай кырдаалга кыраакылык мамиле жасоосунун негизин түзөт. Манас баатыр Алмамбеттин мүнөздүк касиеттеринде бул моралдык сапатын байкап билди.

Экинчи жолу сынаганда эч нерседен бейкапардай Алмамбет төрт төбөлүү сынатамда 40 чатырды бастырып келе жатканда 12 жигит анын атын алмакчы болгондо: «Тарт колуңду наадан!»-деп тизгинди кармаган жигитти кагып салып, андан ары бастырат. Мурда сүйлөшүлгөндөй эч бир жан ага көңүл бөлбөйт. Бул мамилени көргөн Алмамбет Манас отурган 4 төбөлүү көк чатырды көздөй бет алып, аттан түшпөй туруп салам берүүнү ниет кылат. Ошондо алдын тоскон Ажыбай: «Улук болсоң, кичине бол. Каары катуу каныбыз, ат менен салам берсеңиз, тирүү калбас жаныбыз. Аттан түшүп алалык, ыгы болсо көк жалга ызаат кылып баралык»-деп Алмамбетти жылоолоп аттан түшүрөт. Бул сунушту туура көрүп аттан түшүп, аста басып барып салам берет. Бакай менен Манас алик алып, төрдөн орун беришет. Аңгыча бал чайкаган кымыз келип Алманбетке сунулганда, канчалык чаңкап, ачка болуп турса да албайт: «Абакеме сунгун» дейт. Бакай ооз тийип, кайра аякты Алмамбетке жылдырат. Бал кымыздан аз гана жутса да өзөгүнө түшүп шылк этип жыгылат. Бир топтон кийин ойгонуп тамак ичет.

Манас баатырдын Алмамбетти экинчи сыноосу баатырдагы адамгерчилик сезиминин канчалык деңгээлде экендигин билгиси келгендиги болсо керек. Бул жерде Алмамбет алдынан 12 жигит тосуп чыкса да ат тизгинин карматпагандыгынан ар кандай сый көрсөтүүнүн баары чыныгы жүрөгү менен эмес экендигин (Көкчөнүн мисалында) башынан өткөргөндүктөн өзүн абайлоо сезиминин күчтүлүгү. Баарынан да ал кандай болбосун башчынын кызматын сыйлоону биринчи орунга коюп, атынан түшүп ийилип салам айтып киргендигинен сый-урматты өз ордуна коюп сезими күчтүү экендигин, улууну урматтоо сезимин кымызды Бакай ооз

тиймейин жүткүнүп жутуп ийбегендигинен көрүп, Алмамбеттин ички дүйнөсү, тарбиясы, аруу сезимдери артык экендигин байкап текшергендигин көрдүк.

Үчүнчү сыноодо Манас Алмамбеттин чоо-жайын сураганда Алмамбет: «Оң караган киши издеп, өтүп жүргөн бир жанмын, карсак жүрбөс калыңда карайлаган бир жанмын, чылбырын үзгөн тулпармын»-дегенде Манас: «Аркайган бийик Ала-Тоо, ак марал кууп ким ашпайт, айкын талаа, узун жол адашса жолун ким баспайт»-деп, Алмамбетке Аккуланы, Аккемени, сырнайзаны, Аккүбө тонду тартуу кылат. Серектин акылы менен ат чабыш уюштурулуп, биринчи келген Сарала атты Алмамбетке беришет. Манас эми кетсең боло берет, жалгыз жүргөн жарабайт, жаныңа 7 баатырды ала кет-дегенде Алмамбет ойлонуп: «Өлсөм, өлүгүмдү талаада калтырбай турган тууган таптым, ынтымактуу жүрмөккө бата кылалы?» дегенде 40 баатыр бул чечимге ыраазы болуп, Алмамбет кала берет.

Бул жерде 3-сыноо аркылуу Манас Алмамбеттин өз камын ойлобогон боорукер, келечегин алдын ала көрө билген кыраакы сезимталдыгын көрүп, ага ыраазы болду- деп бүтүрүшөт кластерин 1-тайпанын окуучулары. Чындыгында эле презентацияда «Боорукерлик- адамгерчиликтин формаларынын бири; башка адамга карата анын таламдары менен кызыкчылыктарынын закондуулугун сезе билүүгө негизделген мамиле; башка адамдын сезимдери менен ой-пикирин түшүнүүдөн, анык максат умтулууларына моралдык колдоо көрсөтүүдөн жана аларды ишке ашырууга жардам берүүгө даяр туруучулуктан көрүнөт». Алмамбеттеги бул сезимдин күчтүүлүгүнөн улам ал Кытай жериндеги хандыктардын:

«1.Улуктун урматына адамды курмандык чалуу салтына каршы болуп, аны токтотууга өкүм кылат. Бул аракет ага көп душманды таап берген.

2. Алмамбет жаш бала менен кыздын боорунан жашартуучу дары жасоо адатына тыюу салат. Бул аракет анын каршылаштарын ого бетер көбөйткөн.

3. Алмамбет мусулман динин кабыл алат. Атасын мусулман бол десе, болбой коет, ошондо ал энесин, Мажикти, кырк жигитин ээрчитип качып чыккан» [72, 75].

Ал эми Алмамбеттин кыраакылыгы жалпы жамааттын кызыкчылыгын жактоо башкача айтканда адамдык өз парзын эл алдында аткаруу иретинде көрсөтүлүп, Алмамбеттин ички жан дүйнөсүндө анын аракеттерин багыттап турган каалоо, эрктик күчү катары сезими көрүндү. Туюнулган кызыкчылык сезимдери анын себеп, ниеттенүү, аң-сезимдүү өзүнө коюлган максаты катары иш-аракетинде жүзөгө ашты. Ал –Алмамбет кайсы окуяда болбосун жамааттын кызыкчылыгын өздүк кызыкчылык сезимдеринен жогору койду. Ошон үчүн баатыр ар дайым жеңиштин үлгүсү боло алды. Алмамбет менен Манастын мүнөзүндөгү сезимдер окуучуларды жамааттын кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору коюу сезимине тарбиялады.

Ал эми 2-тайпа өз диаграммаларын мындайча презентациялашты.

**Алмамбет менен Коңурбай 2.2.2-сүрөт**



-деген ойлору менен 2-тайпа өз диаграммаларын аяктады. 2-тайпага: 1-жамааттык жоопкерчилик кайсы каарманда күчтүү берилген?-деп берилген суроого Албетте Алмамбетте күчтүү. Анткени өз элинин Кытайдын Азизхан жетектеген жамаатынын (хандыктын жалпы эле кытайдын башкы хандыктарынын) саясаты боюнча хан көтөрүлгөндө тирүү кишини курмандыкка чалуу, жаш бала менен кыздын боорунан жашартуучу дары жасоо, мусулман динин кабыл алуу сыяктуу адилеттүү сунуш аракетине кирип чыгып, өзүнө душман ашырышынан, адилетсиз бийликке каршы адилеттүү, ыймандуу күрөш жүргүзүүсүндө Алмамбеттин образында гумандуу сезимдердин күчтүү экендигин көрөбүз. Өзгөчө 40 үйлүү кыргыз жамааттын башчысы баатыр Манастын:

Калың кара эл үчүн,

Атадан калган жер үчүн.

Кан төгүлүп журт өлүп,

Так ошентип өлгүлө [95,88] деген сөзүн жерге калтырат, Манас менен эмчектеш болгон күндөн тартып, өзүндө болгон бардык өнөр-билимди кыргыз элинин- 40 үйлүү жамааттын намысын, эркиндигин жат душмандардан коргоого арнаган жоопкерчиликтүү каарман экенин билебиз деп жооп беришти.

3-тайпа –аңгемелешүү методу менен аталган теманы төмөндөгүдөй презентациялашат башкача айтканда бул презентация фронталдык-формада ишке ашты.

Мугалим 3-тайпага: 1. Алмамбеттин баяны канча бөлүктөн турат? Ар бирине мүнөздөмө бере аласыңарбы? 2. Ар бир окуянын бөлүгүндө катышкан каармандардын ички сезимдеринен жамааттык кандай сезимдеринин күчтүүлүгүн байкадыңар? 3. Ал сезимдерге мүнөздөмө бере аласыңарбы? 4. Алмамбеттин Кытайдан качып чыгышынын 4 себебин көрсөтө аласыңарбы? 5. Алмамбеттин жан дүйнөсүндөгү кандай сезимдердин күчтүүлүгү өз элинен кетишке түрткү болду деп ойлойсуңар? 6. Манастын үч сыноосунан Алмамбеттин мүнөздүк сапатында кайсы сезимдер күчтүү

экендигин байкадыңар? 7.Манас эмне үчүн Алмамбет менен эмчектеш бир тууган болду? Кайсы сезимдеринин күчтүүлүгүнөн? -деген суроолор жазылган баракты жазып таркатат да убакыттын бүтүшү менен ал тайпанын төмөнкү пикирин угат.

1. Эпостон алынган Алмамбеттин баяны 6 бөлүктөн:

1) Алмамбеттин төрөлүшү. 2) Чатак 3) Эне. 4) Көкчөдө 5) Ызгыч куш 6)Манастын Алмамбетти тосуп чыгышынан тураарын белгилешип, ар бир бөлүктү баяндап аңгеме куруп беришет.

2. Бул бөлүктөгү катышкан каармандар: Эсенкан, Коңурбай, Нескара, Жолой, Бөрүкөз, Канжарколдордун арам ой, куу, амалкөй, бузуку, зордукчул, арсыз караөзгөйлүгү менен адилетсиз экендигин байкашкандыгын окуядагы баяндар аркылуу далилдеп аңгемелешишет.

3. Мисалы, «амалкөй» деген –амалкеч, амалдуу, илелүү, митаам дегенди билдирсе, арам ой-нээти бузук, кытмыр, кыянатчылыгы бар; арсыз-намыссыз, намысы жок, ары жок, бузуку-жаман ойлуу, бузуп-жарган, куйту, азгыргыч, зордукчу-зордоп күчкө салуучу, зордоп тартып алуучу, зордук көрсөтүүчү, куу-аркы беркини байкаган, оңой менен алдыра койбогон амалдуу, митаам, шум, айлакер деген моралдык терс мүнөздүк сезимдери Манас баштаган жоокерлердин ортосундагы өз ара мамилелердин субъективдүү-психологиялык чагылышы болгондугун аларга жогорудагыдай мүнөздөмө берүү менен байкадык.

4. Алмамбеттин Кытайдан качып чыгышынын 4-себебин 1-тайпа белгилеген пикирине кошулуу менен Алмамбеттин жан дүйнөсүндөгү кең пейилдүүлүгүнөн башкача айтканда гумандуулугунан башкалардын таламдары үчүн өзүнүн таламдарын курман кылуусунан; жаман жорук жасаганды же зыян келтиргенди жазалоо талабынан баш тартуусунан; жеңилүүгө гумандуу мамиле кылуу сезимдери күчтүү экенин көрдүк. Ал Кытайдан качууга түрткү болгон 4 себеп болуп саналат. (ватманга 4 себепти жазып көрсөтүшүп окушат).

5. Манастын *биринчи сыноосунан* ал Алмамбеттин мүнөзүндөгү токтоолугун, туруктуулугун, өзүн тута билүүсүн, айланадагылардын (5 баатырдын) каршылык көрсөтүшүнө кабылганда өзүндөгү кыжырдануунy, пессимистик же тескерисинче авантюристтик ой-максаттарды басып таштай билүүсүн; бул сезим жалаң гана Алмамбеттин эрктүүлүгүнүн көрсөткүчү эмес, ошону менен бирге Алмамбеттин аракетинин максималдуу максатка ылайыктуулугун жана кол салган баатырларга гумандуу мамиле жасай билген улуу сезимин көрдү. Андай сезимдерге удаалаш Алмамбеттен тууралыкты- башкача айтканда чабуул койгон баатырлардын алдында ак ниет болуу сезимин басымдуулугун байкадык.

*Экинчи сыноосунда* жашоонун жаман-жакшы сыноосуна чыдамкай мамиле кылуу (эч ким көңүл бурбаса да, ага терикпеди), биринчи кезекте жакшы тарбия –адамдын күзгүсү экендигин билдирип, байкамаксан болгон Манас менен Бакайга салам айтып, сунулган кымызды жулкунуп жутпай, улуулата ооз тийгендигинен Алмамбеттин мүнөздүк сапаттарында «Улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо жоопкерчилигинин күчтүүлүгүн сезип, ага муюду.

*Үчүнчү сыноосунда* Манас купулуна толгон Алмамбетке Аккуланы, Аккелтени, Сырнайзаны; Аккүбө тонду тартуу кылганда баарын алып Аккуланы кайра бергенинен баатырдын атын тартууга алуу эч кандай акылга сыйбай турган бейадептикти билдирээрин ачыктайт. Өзүнүн чыныгы акылга дыйкан, ишеничтүү баатырдык сезимдерге жык толгон жан дүйнөсү аруу экенин сезип эмчектеш тууган, түбөлүктүү жан жолдош катары кабыл алат. Манастын Алмамбетке жасаган мамилесинен анын айкөл баатыр экенин сезип билебиз-деп өз тапшырмаларын презентациялашты.

3-тайпанын презентациясынан окуучулардын Манас баатыр менен Алмамбет баатырдын ички мүнөздөрүндөгү гумандуу асыл сапаттарын анализдешүү менен окуучулар өзүлөрүнүн кулк-мүнөзүндө жамааттык жоопкерчиликтерин калыптандыргандыгына ынанабыз.

Анткени ынануу-адамдын аң-сезимине терең сиңип калган адептик иш аракетинин ага тигил бул жорукту аң-сезимдүү, белгилүү бир жүрүм-

турумдун зарылдыгын жана максатка ылайыктуулугун туура түшүнүү болуп саналат. Ал адептик өзүн аңдоо сезим формаларынын бири болуу менен адамда белгилүү бир эрк сапаттарын кайраттуулукту, туруктуулукту, өзүн кармай билүүчүлүктү, сабырдуулукту, демилгелүүлүктү көздөгөн идеалдарга берилгендикти өнүктүрүү үчүн идеялык-психологиялык негиз болуп саналгандыгын баяндап окуп, талдоо менен сезимдеринде туюшту.

Ынануу чыныгы аң-сезимдүүлүккө тарыхый-социалдык принциптерди, жамааттын же баатырлардын мүдөөлөрүн, алардын турмушка ашыруучу адептик талаптарынын маанисин терең түшүнүүгө негизделгенде гана чыныгы ынануу болушун эки баатырдын мисалында көрүп, билип, окуп, талдай алууга жетишишти. Мунун өзү 3-тайпанын билимди кабыл алуу сезиминин калыптангандыгынан кабар берет жана сөздүк методдордун окутуу процессинде чоң орду бар экендигин тастыктайт.

Анткени окуучулар окуу процессинде текстти окуп, түшүнүп аңгемелеше албаса мугалимдин иш-аракеттери, дидактикалык максаты текке кетет.

Бул жерде окуу дискуссиялары окутуу методу катары аныкталган проблема боюнча көз караштарды алмашууга негизделип, бул көз караштар дискуссияга аңгемеге катышуучулардын пикирлерине таянылды. Окуу дискуссиясынын эң башкы кызматы − таанып-билүүчүлүк кызыгууларын стимулдаштыруу болгондуктан, Аңгеме- дискуссиянын жардамы аркылуу анын катышуучулары -окуучулар жаңы билимдерге ээ болушту, өздөрүнүн пикирлерин бекемдешти, өзүлөрүнүн позициясын коргоого үйрөнүштү, башкалардын пикирлери менен эсептешишип, сыйлап-урматтоого көнүгүштү.

Анткени көркөм текст менен иштөө сөздү окутуу методдорунун негизгилеринин бири болуп саналып, бул методдун башкы артыкчылыгы − окуучунун өзүнө жеткиликтүү темпте жана өзү үчүн ыңгайлуу учурларда окуу маалыматына-окурмандыгына кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээлиги.

Бул позициядан алганда көркөм текст менен өз алдынча иштөөнүн бир канча ыкмалары бар:

*конспектилөө* – окулган көркөм текстин мазмунун кыска баяндоо, кыска жазуу, бүт маалыматты тандамалуу, толук жана кыска конспектилөө деп ажыратылат. Материалды конспектилөө биринчи жак (өзү) же үчүнчү жак аркылуу жүргүзүлөт. Биринчи жактан конспектилөө артыкчылыктуу, анткени мында окуучунун өз алдынча ойлонуусу өнүгөт. Ошондуктан аталган теманы конспектилеп, окуп келүү тапшырмасын берсе да болот.

Ошол эле мезгилде негизги идеяларды аныкталган ырааттуулукта кыска баяндоо- тезис түзүүгө багыт берүү менен окуучулардын чыгармачылык ойлоосунун активдешүүсүнө негиз болот.

Же болбосо *реферат жазуу* − тема боюнча айрым булактарды алардын мазмуну жана формаларына карай өзүнүн көз карашын билдирген обзордук редактирлөөдө оң натыйжасын берет.

Көркөм тексттин планын түзүүдө – көркөм текстти бөлүктөргө ажыратуу жана ар бирине ат берүү; план жөнөкөй жана татаал болушу ыктымал;

М: *цитирлештирүү* – көркөм текстти сөзмө-сөз берүү. Иштин мындай ыкмасында төмөндөгү шарттарды так сактоо талап кылынат: а) маанисин бузбай, корректүү цитирлөө; б) кайдан, кимден алынгандыгын так жазуу (авторун, иштин аталышын, чыккан жерин, басмасын, жылын, бетин);

*аннотирлөө* − окулгандын маанилүү маңызын жоготпой, кыска, жыйынтыктуу баяндоо;

*рецензирлөө* − рецензия жазуу, тактап айтканда, окулган көркөм текстке же материалга болгон өзүнүн мамилесин туюнтуу менен кыска пикирин билдирүү;

*идеялардын матрицаларын түзүү* − ар түрдүү авторлордун эмгектериндеги эпостун варианттары боюнча салыштырма мүнөздөгү таблицаларды формасында түзүү иретинде берген тапшырма да эпостун

бардык бөлүк варианттары боюнча алган маалыматтарын топтоштурганга жардам берет.

Ал эми 4-тайпа өз синквейндерин мындайча презентациялашты. Алардын тапшырмаларынан төмөнкү мисалды келтирели:

2.2.1-таблица

| №1. | №2. | №3. |
|---|---|---|
| 1. Манас.<br>2. Күчтүү, айкөл.<br>3. Урушат, коргойт, башкарат.<br>4. Манас элин терең сүйөт.<br>5. Баатыр. | 1. Алманбет.<br>2. Күч-кубаттуу, намыскөй.<br>3. кеңеш берет, коргойт, тайманбайт.<br>4. Манастын оң колу.<br>5. Акылман. | 1.Окуялар<br>2.Көркөмдүү,так<br>3.Ой-жүгүртүүнү өстүрөт,өз оюн толук айтканга жардам берет,таасирлентет<br>4. «Манас» эпосундагы окуялар көркөмдүү<br>5.Көрүнүш |

**3.2. «Манас» эпосун окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатууга багыттап окутуунун каражаттары (тексттер)**

Эпосту же айрым бөлүктөрүн биз мисалга алган «Алмамбеттин баянындай» бөлүктөрдү көрсөтмөлүү методдор менен окутуу процессинде көрсөтмө куралдарды, схема, таблица, сүрөт, модель, прибор0лор, техникалык каражаттарды колдонуу кирет. Аталган методдор шарттуу түрдө демонстрациялоо жана иллюстрациялоо методдору деп ажыратылат. *Демонстрациялоо методдору* көбүнчө үйрөнүлүп жаткан кубулуштардын динамикасын ачуу үчүн кызмат кылуу менен предметтин сырткы түрүн, анын ички түзүлүшүн тааныштырууда да колдонулат. *Иллюстрациялоо методу*. предметтерди, процесстер менен кубулуштарды плакаттардын, карталардын, портреттердин, фотографиялардын, сүрөттөрдүн, схемалардын, репродукциялардын, символдук сүрөттөлүшүн көрсөтүүнү билдирет. Демонстрациялоо жана иллюстарциялоо методдору бири-бири менен тыгыз байланышта, бири-бирин толуктоо жана күчөтүү деңгээлинде колдонулат, ал процессти же кубулушту жалпысынан толук кабыл алууну талап кылса, ал эми кубулуштун маңызын, анын компоненттеринин ортосундагы өз ара байланыштарын аңдап-сезүүдө иллюстрациялоо методу колдонулат. «Манас»

эпосундагы максаттаган проблеманы чечмелөөдө эки методдун колдонулушу натыйжалуу. Көбүнчө иллюстрациялоо методу жакшы натыйжа берет.

Мисалы; «Бакай, Алмамбет, 40 чоро, аялдар, уруш эпизоддору. Семетей Манастын ишин улантуучу каарман» темасын окутууда жогоруда аталган каармандар боюнча тартылган сүрөтчүлөрдүн портреттери доскага илинип коюлат. Досканын экинчи жагына эпосто чагылдырылган жогорудагы каармандардын портреттерин чагылдырылып сүрөттөгөн эпостон тексттер жазылган кагаздар илинет. Максат: Каармандардын портретин сүрөттөгөн ыр саптарынын мазмунунан кайсы каарман экендигин окуучулар басып сейилдегендей эркин жүрүшүн таап, тартылган портреттердин алдына жармаштырышат. Мисалы; Л.А.Ильинанын тарткан «Алмамбеттин» сүрөтүнүн алдына:

**1.** Көкчөдөн көргөн күнүм бул,
Көсөмгө кантип барамын?
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Көсөмгө кантип барамын?
Аарынан качып пилине
Барган менен нетейин
Башымды алып кутулуп,
Башка бир жакка кетейин - деген үзүндүнү тандашып, илишет. Бакайдын портретин тарткан Л.А.Ильинанын сүрөттөрүн катар илип, Манастын:

**2.** Туура караан маа болуп,
Кара жаак айбалта
Кайкалатпай аштаңыз.
Казак менен кыргыздын
Жолун өзүн баштаңыз
Бирдикти колго алыңыз
Билген жолго салыңыз-[100,187] же «Чоң казат» мезгилинде чалгынга кеткен Алмамбетке атаандашып, чыр чыгарган Чубакка:

**3.** Ак талааны жараткан

Албан түрдүү кушу бар

Канаты менен учуп жүр

Калкылдап көктө кушу жүр.

Куйругу менен конуучу,

Манастын Манас болмогу

Экөөбүздөн болуучу.

Бурулуш бизден чыккан соң

Бутунан тартып жыккан соң

Билда болсок жыгылдык

Миң да болсок кырылдык

Баштап колду жөнөгөн

Бала деймин өзүңдү

Байкагын Чубак сөзүмдү

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,

Бөлүнүп калды кыргыз деп,

Бөлөк элге кеп кетет.

Жарылсаң ууру алуучу,

Жай уксаң акыл нак ушу- [99,195]

**Манасты тарткан сүрөтүнүн алдына**

**4.** Башыма дөөлөт конгону,

Алчайып атка мингени,

Ак олпок тонду кийгени

Сан жыйынга чок элем,

Жөөгө топор жок элем

Ат үстүнө келгенде,

Найзакерден ыктуу элем,

Азаматтан мыктуу элем,

Айтыша чыккан доого сал,

Найзалашкан жоого сал. [94,41] же

**5.** Атадан не үчүн тубамын?

Алда билет өлүмдү

Ааламга канча турамын?

Аманат жаным чыкканча

Намыс жолун кубамын

Атамдан калган жеримди

Алдырып коюп кытайга

Аңкайып кантип турамын?

Атым өчүп калбайбы

Атамдан калган Нааманды (Наманганды)

Алты айга чейин албасам,

Түркстан барган кытайды

Түгүн койбой кырбасам. (С.Каралаев КФ, 575-инв. 75-бет)

**6.** Шүмшүңдөгөн басыктар

Түрк уулунун мойнуна

Сүйрөткөн экен арканды.

Моюндан аркан чечиңер,

Алалбасаң кытайды

Аманат жандан кечиңер.

Кытайга кыргын салалы

Кыйратып жерди алалы

Кызыктуу жерди алдырып,

Кыянатта жүргөнчө

Кыргыз уулу болгону

Кырылып жатып калалы. (С.Орозбаков КФ, 575-инв. 79-бет)

**7.** Ушундай эле саптар:

Узун чачтын ыктуусу,

Ургаачынын мыктуусу.

Кең көйнөктүн тазасы,

Ургаачынын паашасы. (С.Каралаев КФ, 539-инв. 217-бет) Же

**8.** Жоргонун белин аша албай,

Боздоп ыйлап баса албай.

Күйүктүн белин аша албай,

Күрмөлүп ыйлап баса албай

Балтырдан кара кан кетип»-деген сөздөр катар тизилген сүрөттөргө бул эпостон алган тексттер катарлаш иретсиз илинет. Окуучуларга илинген сүрөттөрдүн маанисине кайсы тексттер жооп берээрин эркин сейилдеп жүрүп презентация жасаганга көрсөтмө берилет. Негизги мазмундук басым мисалга алынган баатырлардын образындагы жамааттык жоопкерчиликтин күчтүүлүгүнө коюлат.

Мисалы, Т.Герцендин Каныкейинен *7-мисалда* анын сырткы сулуулугу менен ички сезимдеринин сулуулугу төп келгендигин байкасак, *8-мисалда* Манас өлүп, анын дүнүйөсүн Абыке, Көбөш, Көлбай, Чыйбыт, Кочкор калыпта ченеп бөлүшүп, Каныкейди Абыке алам деп Ырамандын ырчы уулун жибергенде, кечээ эле Манастын 40 чоросунун бири болуп жүргөн ырчы уулду Каныкей шамшар менен уруп «Арага келчү сен белең? Алуучу алты арам беле?»-деп кайтарат. Эртеси эртең менен Абыке, Көбөш келип Каныкейдин эмчегин жара чаап, алдында турган бешикти бөлө чаап кетишет. Ошондон кийин Кайыпчынын кара үңкүрүнө бекиткен Чыйырды менен Семетейди алып, Чыйырдыны Айдалыга мингизип, Алмамбеттин сыр бараңын алып, атасы Темирканга кетип бараткан жеринин сүрөттөлүшү. Биз бул ыр саптарынан Каныкейдин кайраттуу, эртеңки кыргыз элинин тагдырын ойлогон, ал үчүн кам көргөн камкор эненин энелик сезимдеринин күчтүүлүгүн көрөбүз.

Ал ички касиети Чакмактын белинен аларга минээрине унаа, жээрине азык камдап келген Бакайга айткан: -Ушул жетимди алып барып таятасы Темирканга берейин. Атасын тарткан эр болсо, чоңойгондо элин-кыргыз жамаатын душмандардан бошотуп «алты арамдан» өчүн алаар. Жаман болсо «кул болуп өлөөр» деген кайраттуу, адилет айткан сөздөрүнөн көрөбүз.

Чынында эле Каныкейдин образы эпосто Манас кандай негизги мааниге ээ болсо, Каныкей да ошого барабар образ деп өз пикирлерин жыйынтыкташат.

1- Л.А. Ильинанын тарткан Алмамбеттин сүрөтүнүн алдына Көкчөнүн жалган жаманаттысына чыдабай кетип бара жатканда Көкчөнүн аялы Акеркеч көсөм Манас Баатырга баргын деген кеңешине намыстанган Алмамбеттин ички арманы деп, текстти алып барып илишет.

Ал эми Л.А. Ильинанын тарткан «Бакай» аттуу портретинин алдына 2-текстти «Манас» үчилтигинде тең катышкан, 40 чоронун ичинен эң жакын тууганы, кеңешчиси, акылманы Бакайдын атасы Бай менен Манастын атасы Жакып бир тууган. Саякбай Каралаевдин вариантында Бакай бир жашка толо элегинде кытайлардын колуна түшүп өлүп, жетим калган Бакайды Олуя ата багып алат. Ал эрезеге жеткенде Манасты таап, экөө түбөлүк бирге болууга антташкандагы Манастын сөзү. Анда эки баатырдын ички психологиясында жамаатты бириктирүү, ынтымакта жашоого үндөө жоопкерчилиги байкалат дешсе 2-мисалда «Чоң казат» мезгилинде чалгынга кетпей Алмамбетке атаандашып чыр чыгарган Чубакка айткан сөзүнөн Манасты Манас кылган биздин ортобуздагы ынтымактан, эгер «бурулуш бизден чыккан соң (ынтымаксыздык), Бутунан тартып жыккан соң, Бил (пил) да болсок жыгылдык, Миң да болсок кырылдык» деп акылман сөзү менен Чубакты сабырдуу, токтоо, ынтымак болуу жоопкерчилигине чакырат деп Бакайдын портретинин алдына алып келип илишет.

Ал эми 4-текстте Л.А. Ильинанын «Манас» портретинин алдына «Көкөтөйдүн ашында» Жолойго балбанга түш деген Кошойго Манас, канчалык дөөлөттүү болуп, аколпок тонду кийип өзүм пааша, баатыр болсом да жөөгө (жөө кармашка) жок экендигин мойнуна алгандыгынан Манастын ак, кең пейил сезими даана байкалат. Анткени Манастын кең пейилдүүлүк баатырдын моралдык оң сапаты болуу менен адамдардын күндөлүк өз ара мамилелеринде адамгерчиликти көрсөтүү жаман жорук жасаганды же зыян келтиргенди жазалоо талабынан баш тарткандыгы менен айкындалат.

5-текстте Манастын ата-журтка болгон сүйүү сезими, керек болсо жанын андан аябоо, намыскөйлүк анын жоокердик мүнөзүндө жетектөөчү роль ойногондугун Кытайлар басып алган ата-журтту бошотуу жөнүндөгү жамааттык кеңеште айткан 5-мисалдагы сөздөрүнөн көрүнөт.

Ал эми 6-текстте ошол эле мезгилде бул элдик ишке ар түрдүү элдерден куралган жамаатты шыктандырып алардын патриоттук сезимдерин ойготуп, өзүнүн артынан аларды эрчитип алууга чакырган сезимдеринин жалындуу учкундары чачыраган сөздөрү жазылган.

Көрсөтмөлүү метод бул сабакта «Акыл сейили» усулунун жардамы менен ишке ашты. Натыйжада окуучулар:

-Эпостун тексти менен тааныш болушту.

-Портреттерди тарткан авторлорду билишти.

-Эпостогу сүрөттөлгөн каармандардын образдарын эпостун мазмунунан таап, портреттин мазмуну менен салыштырганда үйрөнүштү.

-Көркөм окуганда манасчылардын айтуу мотивине түшүп айтканга үйрөнүштү.

-Окурмандык табиттери артты.

-Жамааттык жоопкерчилиги жогорулады.

«Манас» эпосун окутуунун практикалык методдору окуучулардын практикалык иш-аракеттерине негизделет. Мунун эң негизги милдети − практикалык ык менен көндүмдөрдү калыптандыруу. Мындай методдорго көнүгүү, лабораториялык жана практикалык иштер кирет. Ал эми көнүгүүдө − окуу аракеттерине (акылдык же практикалык) ээ болуу менен же анын сапатын жогорулатуу максатында көп жолку кайталоо аталат. Ал оозеки, жазма, графикалык жана окуу-эмгектик көнүгүүлөр деп ажыратылат.

Оозеки көнүгүүлөрдө окуучулардын кеп маданиятынын, логикалык ойлонуусунун, эске сактоосунун, көңүл буруусунун, таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Эпос боюнча жазма көнүгүүлөрдүн эң башкы максаты билимдерди бекемдөө, зарыл ыктарды иштеп чыгуу жана аны колдонуу көндүмдөрүн өздөштүрүү болуп саналат.

Графикалык көнүгүүлөр (кластер, «Т» схемасы, диаграмма, блок системасы ж.б.) жазмага окшош болуп, аны колдонуу окуучуларга окуу материалын кабыл алууга, эске сактап калууга жана ой жүгүртүүлөрүнө жардам берет, мейкиндик элестетүүсүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт. Жогорулардан башка графикалык көнүгүүлөргө графиктерди, чиймелерди, схемаларды, технологиялык карталарды, зарисовкаларды түзүү да кирет.

«Манас» эпосун окутуу процессин активдештирүү, окуу тапшырмаларын аң-сезимдүү аткаруу үчүн комментарийленген көнүгүүлөр колдонулат. Анда окуучулар өздөрү аткарган иш-аракеттерине комментарий беришет, натыйжада алар аны аңдап-сезишет жана мыкты өздөштүрүшөт. Маселен, 8-класста «Көз камандар окуясын» өтө турган болсок, аталган тема үйгө окуп келүү үчүн берилет да аны окуучулар ар кандай графикалык ыкмаларды мугалимдин берген көрсөтмөсүн колдонуу менен баяндап, окуяны талкуулап беришет. Мисалы: Синквейн эссе

Биз белгилегендей көбүнчө практикалык иштер жалпылоочу мүнөзгө ээ болгондуктан, чоң темаларды, бөлүмдөрдү үйрөнүүдөн кийин өткөрүлгөнү натыйжалуу болот.

Албетте мындай практикалык иштер эпостун ар бир бөлүгүн окутууда окуучулардын таанып-билүү иш-аракетинин мүнөзү катары окуучулардын ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн деңгээли аныкталат. Мындай классификациялоо боюнча окутуу методдору: түшүндүрүүчү-иллюстративдүү (маалыматтык-рецептивдүү), репродуктивдүү, проблемалык баяндоо, жеке-изденүүчү (эвристикалык) жана изилдөөчүлүк деп бөлүнөт.

*Түшүндүрүүчү-иллюстративдүү* (маалыматтык-рецептивдүү) методдун маңызында мугалим ар кандай каражаттар аркылуу эпос боюнча даяр маалыматтарды кабарлайт, окуучулар аларды кабыл алышат, аңдап-сезишет жана эске сактап калышат. Эске салуучу жагдай бул методдо окуучулардын

таанып-билүү иш-аракеттери даяр билимдерди эске сактоо менен чектелет да, окуучунун билимди аңдап-сезилгени же аңдап-сезилбегени анчалык эске алынбайт, тактап айтканда окуучулардын, ой жүгүртүү активдүүлүгүнүн деңгээли бир топ төмөн болот.

*Репродуктивдүү методдо* да мугалим теманы кабарлайт, маалыматты даяр түрүндө түшүндүрөт, ал эми окуучулар болсо аны өздөштүрүшөт жана мугалимдин тапшырмасы боюнча аны кайра калыбына келтиришет. Өздөштүрүү критерийи болуп билимдерди туура калыбына келтирүү (репродукция) эсептелет. Бул методдун эң башкы артыкчылыгы, түшүндүрүүчү-иллюстративдүү (маалыматтык-рецептивдүү) методдогудай эле – үнөмдүү болуп саналат. Бул методдун артыкчылыгы − кыска убакытта жана анчалык көп тырышуусуз эле көлөмдүү билимди, ыкмаларды берүүнү камсыз кыла алгандыгы. Билимдин бекемдиги алардын көп жолу кайталангандыгына байланыштуу бир топ жогору болушу мүмкүн. Жогорудагы эки метод тең эпос боюнча окуучулардын билим, көндүмдөрүн байытат, өзгөчө окуучулардын ой жүгүртүү операцияларын калыптандырат, бирок окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө кепилдик бербейт. Бирок ал максат проблемалуу баяндоо методу аркылуу жүзөгө ашырылат. Анткени проблемалык баяндоо методу аткаруучулуктан чыгармачылык иш-аракетке өтүүнүн өткөөл методу болуп эсептелгендиктен, анын маңызы мугалим маселени коюп, аны таанып-билүү процессиндеги ойдун жүрүшүн көрсөтүү аркылуу өзү чечет. Окуучулар жөн эле кабыл алышпай, даяр билимди, тыянактарды аңдап-сезишип, эске сактап калышпай, болгону далилдөөнүн логикасына, окутуп жаткан ойдун кыймылына же аны алмаштыргандын эпостун окуясынын (кинодогу, теледеги, китептеги, видеодогу ж.б.) аракетине гана көз салышып байкашат. Мындай методдо окуучулар катышуучу эмес, мугалимдин ой жүгүртүүсүнүн жүрүшүн жөн гана байкоочулары болушса да, алар проблеманы чечүүгө үйрөнүшөт.

*Жеке-изденүүчү (эвристикалык) методдо* проблемалык баяндоого караганда чыгармачылык таанып-билүү иш-аракетинин жогорку деңгээлин

камтып, окуучулар эпос боюнча белгиленген теманы татаал окуу проблемасын өз алдыларынча башынан аягына чейин чечпестен, анын бөлүгүн гана чечишет болгону мугалим издөөнү айрым кадамдарын аткарууга окуучуларды тартат.

*Изилдөөчүлүк методдо* окуучулардын билимди эпостук материалды чыгармачылык менен алуусуна түрткү болуп, окуучулардын өз алдынча билим алууларына, предмет же кубулушту изилдөөлөрүнө, тыянактарды чыгара билүүлөрүнө жана алынган ык менен көндүмдөрдү турмушта колдоно билүүлөрүнө өбөлгө болот. Кемчилиги − убакыт менен күчтү көп талап кылгандыгында. Бирок алынган билим натыйжалуу болот.

Учурда *окутуу методдорун активдүү жана интенсивдүү окутуу методдору* деп бөлүштүрүп жүрүшөт**.** Окутуунун традициялык технологиясында – окуучу мугалимдин берген тапшырмасын угат, эске сактайт, мугалим айтканды кайталайт андыктан− окуучулардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгү бул жагдайда өтө начар өнүгөт. Бул багытта өзгөчө жемиштүү, натыйжалуу интенсивдүү метод эсептелет. Анткени, окутуунун активдүү методдорунда – жогоруда белгилегенибиздей окуучулардын иш-аракеттери өндүрүмдүү, чыгармачыл, изденүүчү мүнөздө болот. Активдүү методдорго: дидактикалык оюндар, конкреттүү жагдайды талдоо, проблемалык маселени чечүү, алгоритм боюнча окутуу, мээ чабуулу, түшүнүктөр менен жасалуучу контексттен тышкаркы иш-аракеттер ж.б. кирет.

Педагогикада «Педагогикалык технология» термини өтө кеңири колдонуу менен ал дидактиканын багытын− технологиялык жактан иштелип чыккан үйрөтүүчү системаны, кайсы-бир мугалимдин ыкмалары менен методдорунун системасын, тарбиялоонун жеке методдору менен методикасын (мисалы, группалык иш-аракеттерди уюштуруу технологиясы) билдирет. Технологиянын жардамы менен чечүүчү эң башкы проблема − окутуу процессинин башкаруучулугу. Традициялык окутуунун «технологиялык эмес» методикасынын мүчүлүштүктөрү «өтө жайылып»

кеткендиги, аныкталбагандыгы, так коюлган максатка багытталбагандыгы жана окуу процессинин өтө аз башкарылгандыгы, өздөштүрүлгөндүгү текшерүүнүн субъективдүүлүгү менен эпизоддуулугу болуп саналат.

Ар кандай окутуу процесси педагогикалык (дидактикалык) системанын чегинде жүзөгө ашырып, анын компоненттеринин байланыштарынын курамы, структурасы окуучу менен мугалим тарабынан аңдап-сезилиши керек. Бул позициядан алып караганда В.П.Беспальконун сунуштаган системасы боюнча, окуучуларды окутуунун максаты, окутуунун мазмуну, дидактикалык процесстер, мугалимдер же окутуунун техникалык каражаттарын уюштуруунун формалары жана бүтүрүүчүлөр (окуп чыккандар) көзгө тутулат. Окутуу технологияларынын милдети билим берүү системасынын бардык элементтерин үйрөнүүдөн жана окутуу процессин проектирлөөдөн турат. Анткени, мына ушунун жардамы аркылуу мектептеги окуу-тарбиялык иш-аракеттердин анчалык тартипке келтирилбеген жыйындысы максатка багытталган процесске айланышы керек. Бул үчүн окутуу технологияларынын спецификалуу белгилерин: диагностикалуу коюлган максатты, окуу процедураларынын максаттарына жетишүүсүнүн кепилденишин, туруктуу кайра байланыш (натыйжаларды күндөлүк жана жыйынтыктап баалоо), окуу циклдеринин кайра калыбына келтирилишин – билүү зарыл. Мына ушуга байланыштуу окутуу технологиялары иштеп чыгуунун талап кылган окутуу проектисинин негизги компоненттери: окутуунун максатын коюу; окуу материалдарын даярдоо жана үйрөтүүчү процедураларды иштеп чыгуу; күндөлүк жана жалпылап баалоо менен окутуунун натыйжаларын коррекциялоодон турат.

*Традициялык мамиледе* мугалим максатты «инстурменталдуу эмес» коюп: теорияны үйрөтүү, аракеттердин принциптери менен тааныштыруу, ырга талдоо жүргүзүү, квадраттык теңдемени чыгаруу жана башка ушул сыяктууларды көңүлгө алат. Тилекке каршы бул максаттар окуучулардын аракеттерин сүрөттөй албайт.

Окутуу технологияларынын максаты – окуучунун абалын: анын билимин, оюн, жөндөмдүүлүгүн, сезимин, жүрүм-турумун өзгөртүү катары аныкталат. Ошондуктан окуу предмети боюнча үйрөтүүчү системасындагы окутуунун жалпы максаттарын иштеп чыгуу конкреттештирүүнү талап кылат. Окутуу технологиялары идеяны толук өздөштүрүү менен максатка жетүүнүн кепилденишине ориентир жасайт. Окутуунун максатына жетүү окутуу процедурасынын, окуу процессинин мүнөзүн эске алуу менен мугалим үчүн окуу материалдарын иштеп чыгуу аркылуу кепилденет. Алар мына булар: предмет боюнча диагностикалуу коюлган максат аныкталгандан кийин материал фрагменттерге – өздөштүрүүнү талап кылган окуу элементтерине ажыратылат;

8-класстарда «Манас» эпосун окутууда *Чыгармачыл окуу менен Эвристикалык методду колдонуу натыйжалуу.* Чыгармачыл окуу методун төмөндөгүдөй ырааттуулукта уюштуруу максатка ылайыктуу:

1. Мугалимдин кириш сөзү;
2. Эпосту манасчынын айтуусунда угузуу;
3. Эпосту өз алдынча ичтен окутуу;
4. Укканын жана окуганын айттыруу;
5. Окуган эпизоддун планын түздүрүү;
6. Чыгармадан үзүндүнү үйгө жаттоого берүү;
7. Дилбаян жазууга даярдануу тапшырмасын берүү.

Эвристикалык методду колдонуунун ык-жолдору:

1. Уккан үзүндү боюнча суроолорду берүү;
2. Окуучуларды бири-бирине суроо бердирүү;
3. Топторго бөлүштүрүп иштетүү;
4. Топтордун жоопторун комментариялоо;
5. Бири-биринин жоопторун окуучулардын өздөрүнө толуктатуу;
6. Окуган үзүндүнүн сценарийин жаздыруу;
7. Жоопторду мугалимдин жана окуучулардын өздөрүнүн баалоосу.

«Манас» эпосун окуучуларга окутуунун материалдары болуп төмөнкүлөр саналат: Негизи, бир эле эпосту үйрөнүүдө эмес, жалпы эле көркөм чыгарманы үйрөнүүнүн өзөгүн чыгарманын темасы, идеясы, идеялык мазмуну, сюжети, композициясы, эң негизгиси образдар системасы түзөт.

Тема тар жана кең мааниде колдонулат. Тар мааниде чыгарманын аталышы, мисалы, «Манас» эпосу, «Жамийла», «Сынган кылыч» дал ушул сыяктуу кең мааниде чыгармада сүрөттөлгөн турмуштук көрүнүштөр. Ошондуктан мекенди коргоо темасы, эмгек темасы, достук темасы, сүйүү темасы жана башка деп, көркөм чыгарма темаларга бөлүнөт. Ал эми идея − мына ушул темалар аркылуу жазуучунун, акындын, манасчынын окурмандарга, угармандарга жеткирейин деген негизги ою. Чыгармадагы тема, идея, образдар – баары биригип идеялык мазмунду түзөт. Чыгарманы чыгарма кылган бул – сюжет менен композиция. Жазуучу жараткан образдар сюжетте (окуялардын өнүгүшүндө), белгилүү бир ырааттуулукта жайгашуу аркылуу ачылып берилет. «Манас» эпосунун сюжети менен композициясы жөнүндө жогоруда сөз кылдык. Эпостогу негизги каармандар Манас, Бакай, Акбалта, Кошой, Чубак, Сыргак, Алмамбет, Каныкей, булардын антиподдору Коңурбай, Нескара, Жолой, Көзкамандардын образдары аркылуу чыгарманын сюжети курулган. Окуялар белгилүү бир композицияга ээ.

«Манас» эпосундагы образдар жөнүндө сөз кылганда Акбалта, Бакай, Кошой, Каныкейлердин образдарына 11-класстын окуучусу Нурболдун жазган төмөнкү эссесин мисалга алуу абзел.

«Акбалта − нойгут уруусунун аксакалы, «Көк ырапыс тон кийген, Көгала сындуу ат минген» эр жүрөк Чубактын атасы. Ал Алтайга Жакып менен бирге айдалып келген. Кандай гана кыйын күнгө туш келбесин, келечекке болгон ишенимин жоготпогон кайраттуу карыя. Манастын эл кызыкчылыгын ойлогон баатыр болуп өсүшүнө да Акбалтанын түздөн-түз салымы бар. Нойгутту Алооке чаап алганда, Каракандын Жакыбы менен Улакканга качып келип, алар менен биргеликте душмандарга каршы күрөшүүгө аракет кылат. Бүт дүнүйөсүнөн кол жууп, жылаңач калган 40

үйлүү кыргыз жамаатына дыйканчылык кылууну сунуштап, дыйканчылык менен жан сактоого шарт түзөт. Жакыптын түшүн жоруганда да Акбалтанын келечекти көрө билген көсөмдүгү ачык байкалат. Ал:

Кырк үйлүү кыргыз, жакыр журт,
Сары адырмак шыбыргак
Белди табат экенбиз.
О, кудай, киндик кесип, кир жууган
Жерди табат экенбиз.
Паана берип Жараткан
Элди табат экенбиз», − деп жоруйт. Чынында эле анын айтканы келип, Манас баш болгон кыргыз эли Ала-Тоого, Ата-Журтуна көчүп келишет. Манаска кытайлар кордук көрсөтүп койбосун деп, аны «Чоӊ жинди» деп атаган – мына ушул Акбалта болгон.

Бакай Манастан жашы улуу, көптү көргөн кыраакы, даанышман, көсөм аксакал катары ар дайым аны менен акылын бөлүшкөн «Алдыда жүрсө ак жолтой, артта жүрсө сан колдой, капилеттен сөз тапкан, караӊгыда көз тапкан» карыя. Ал Манастын жакын тууганы да. Бакайдын атасы Бай менен Жакып бир тууган. Манас да Бакайга өзгөчө жылуу мамиле кылат. Ошондуктан:

О дүйнөгө кеткиче,
Уйпаланып кайран жан
Топуракка жеткиче,
Тулпардын оозун буруп бер,
Туйгун аба, эр Бакай
Ата болуп өзүмө
Туу башына туруп бер.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эл бийлигин алыӊыз
Эдене-тайтаӊ өзүмдү
Эптеп жолго салыӊыз.

...Кара жаак айбалта

Кайкалатпай аштаңыз.

Казак менен кыргыздын

Жолун өзүң баштаңыз.

Бирдикти колго алыңыз

Билген жолго салыңыз!– деп казак, кыргыз жамаатын өзүн башкарып оң жолго салып, биримдигин ашырып бериңиз деп суранат.

Бакай кыраакылыгы, акылмандыгы, көрөгөчтүгү менен алты ай келер азапты алдын ала көрүп, аны болтурбай, Манасты ар түрдүү кырсыктардан сактайт.

Бакайдын ички психологиясындагы боорукерлик, калыстык, адилеттүүлүк сезими бир гана кыргыз элине эмес, жоолашкан элдерге жасаган сезимтал мамилесинен да байкалат. Ал жоокерлерди:

«Союштан артык албаңар,

Бүгүн душман, эртең эл

Бүлүндүрүп салбаңар», − деп жоокердик жамаатын жеңилген жоого кордук көрсөтпөөгө чакырат. Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө да Бакай себепкер болгон. Ал Манаска:

«Каныкей алсаң, оңосуң,

Калкка пааша болосуң.

Каныкей келсе Таласка

Кадыр түн келет жолуңа...

Качканың келет колуңа», − деп кеңеш берет. Мындан Бакайдын алысты көрө билген кыраакы, даанышман мүнөзү даана көрүнөт.

Манас өлгөндөн кийин да, ага берилген бойдон калат. Каныкей менен Чыйырдыны Семетейди алып качышына жардам берет. Абыке, Көбөштүн кордугуна чыдап, Семетейдин келишин күтөт.

«Бакай» деген атты окумуштуулар мына мындай чечмелешкен: «бага» байыркы инди тилинде «господин», «дөөлөт таратуучу», ал эми славян тилинде «бог» «кудай» деген түшүнүктү билдирсе, «акай» «ага, ака» дегенди

түшүндүрүп, бага менен акай биригип, «Бакай» деген аталыш жаралган деп белгилешет. Демек, Бакай кудай сүйгөн төрө дегенди билдирерин ырасташат. Бакайдын эпосто өлбөй, кайып болуп кетишинин себеби да ушундан болсо керек. Андан да бир ууч кыргыз жамаатынын Сары-Колдон Алтайга, Алтайдан кайра Ала-Тоого келишине чоң себепкер болгон Бакайдын патриоттук сезиминин күчтүүлүгү десем жаңылышпаймын».

Ал эми Кошой жөнүндө жазган Айгүлдүн эссесинин мазмуну төмөндөгүчө:

«Кошой − элдин башын кошуп, туура жолго багыттаган акылман карыя бир гана кыргыз элинде эмес, кас душмандардын арасынан да теңдеши жок балбан, баатыр адам. Ал кайраттуу кол башчы, теңдешсиз баатыр, ошондуктан кытайлар кыргыздарды чаап, камчыга ченеп бөлүп, «Бирин айдап Эренге, бирин айдап көз көрбөгөн теренге» туш-тушка бытыратып таратканда да, душманга бой бербей, Теч-Төбөнү жердеп калгандыгы анын бир далили. Эпосто Кошой «калк атасы», «эл атасы», «элдин уюткусу», «олуя», «даанышман», «акылман» деген эпитеттер менен сүрөттөлөт. Анын биз жогоруда белгилеген балбандыгы, кара күчүнүн молдугу Жолой менен күрөшкөндө да ачык көрүнөт. Бул жерде эки адамдын күрөшүүсү эмес. Байкаган адамга эки келишпес жоолордун күрөшү, кармашы катары сезим калтырат мага. Кошойдун Жолойду күрөштө жыгышы кыргыз элинин жылдызынын бийик жанышы катары кабыл алсак болот. Бул каарман кыргыз жамаатынын эркиндиги үчүн өз күч аракетин аябаган акылман жаратмандык сезими күчтүү образ деп билем жана мен да Кошойдой баатыр боло албасам да өз Кыргызстанымдын эркин жашоо келечеги үчүн салым кошо билген күчтүү сезимдеги инсан боло алам деп ишеним бере алам».

Жогорудагы эки окуучунун жазган эсселеринен заманбап сабакка коюлуучу жалпы чен-өлчөмдөрдүн аткарылгандыгы байкалды.

*1. Натыйжалуулук* алдыңкы мугалимдердин тажрыйбаларында жогорку деңгээлде, натыйжалуу өтүлгөн сабактардын айрым негизги белгилери катары баамга урунгандыгы:

2. Окуучулардын эпосту өз алдынча чыгармачылык активдүүлүгү менен таанып-билүү кызыкчылыктарынын жогорку деңгээлде экендиги;

3. Окуучулар ээ болушкан таанып-билүүчүлүк маалыматтарынын бекемдиги;

4. Окуучулардын инсандык сапаттарынын, эң биринчи кезекте, окуй билүүсүнө өбөлгө түзүүчү инсандын өзүн-өзү башкаруу механизмдеринин, калыптангандыгы;

5. Окуучулар менен мугалимдин билимди кабыл алуусунда инсандык өз ара мамилелеринин эң жогорку оң деңгээли, бири-бирин толук түшүнүүсү. Мындан биз сабактын натыйжалуулугу сабактын убактысын максатка ылайыктуу жана үнөмдүү пайдалануу, методдордун ар түрдүү арсеналдары менен окутуунун каражаттарын колдонуу аркылуу жетишилгендигин байкадык. Бул жерде эң чоң ролду мугалимдин инсандык сапаты ойнойт, ал эми бул өзгөчөлүк Л.Толстойдун ою боюнча «окуучуга жана өз ишине болгон сүйүү» болуп саналат.

Демек, бул жагдайдан мугалим окуучулар менен мамилешүүнүн белгилүү демократиялык стилин билүүгө тийиш жана ал сабактын структуралык элементтерине коюлуучу негизги дидактикалык талаптарды аткаруунун устаты болуусу да зарыл. Мына ушул талаптардын биримдиги инновациялык окутуунун дидактикалык негизин түзөт жана ал окутуунун (сабактын) теориясы менен методикасы жөнүндөгү базалык билимдерди мугалимдин милдеттүү түрдө өздөштүрүүсүндөгү минималдуу − зарыл деңгээлди, мамлекеттик стандарты аныктайт. Буга байланыштуу традициялык жана жаңы технологияларды колдонуп инновациялык окутуудагы сабактардын салыштырмалуу талдап көрөлү.

**3.2.1-таблица**

| **Традициялык сабактагы** | **Инновациялык сабактагы** |
|---|---|
| **Мугалим−окуучу**: мугалим окуучуну анча барктабайт, окуучунун мүмкүнчүлүгүнө, күчүнө ишенбейт, окуучунун жекече | **Мугалим−окуучу**: окуучуну барктайт, окуучунун мүмкүнчүлүгүнө, күчүнө ишенет, окуучулардын жекече |

| | |
|---|---|
| өзгөчөлүктөрүн билбейт.<br><br>**Мугалимдин аракети:** мажбурлайт, буйрук берет, жазалайт, тил тийгизет, орой соз айтат. Окуучу мугалимди сыйлабайт, мугалимге ишенбейт, мугалимге каршы ачуулуу, окууну жаман көргөнү байкалат. | өзгөчөлүктөрүн жакшы билет, баалайт.<br>**Мугалимдин иш-аракеттери:** кеңеш берет; жардам көрсөтөт; окуучунун инсандыгын кадырлоо менен андан талап кылат; кызматташат; жолдоштугун көрсөтөт; окуучунун иш-аракетиндеги оң көрүнүшкө таянат; боорукерлик кылат; кошо кайгырып, кошо кубанат; алдын ала сактайт; мактайт; ынтызар кылат; стимулдаштырат; ишендирип ынандырат; кызыктырат; көңүлүн көтөрөт; чоңоюуга, эркиндикке умтулууга, есүп-өнүгүүгө болгон муктаждыктарды канааттандырууга таасир этет; окуучунун инсан болуп калыптанышына чыдамкайлыкты көрсөтөт; баланын айланасындагы чөйрөнү адамдаштырат.<br>Окуучу мугалимди кадырлап сыйлайт, ага ишенет. |
| **Окуучунун аракети:** пассивдүү, мугалимдин талаптарын эч кызуусуз аткарат, чыгармачылыкты көрсөтпөйт, мугалимге чечилбейт. | **Окуучунун аракеттери:** кызыгып окуйт, чыгармачылыкты, демилгелүүлүктү көрсөтөт, мугалимге толук ачылып барын айтат, мугалим менен кызматташат. |
| **Окутуунун кыймылдаткыч күчү:** коркутуу, буюруу, тыюу салуу, жазалоо. | **Окутуунун кыймылдаткыч күчү:** мугалим менен окуучунун биргелешкен натыйжалуу, продуктивдүү ишмердүүлүгү. |
| **Сабактын максаттары:** Сабактын максаттарын жана милдеттерин пландап иштеп чыгууга окуучулар тартылбайт. Негизинен билим берүүчүлүк максаттар гана (билимдерди билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү) пландаштырылат.<br>Сабактын тарбиялоочулук жана өстүрүп өнүктүрүүчүлүк максаттарына анча көңүл бурулбайт. | *Сабактын максаттары*:<br>Сабактын максаттарын аныктоону жана аларга жетишүүнүн процессин мугалим окуучулар менен бирдикте иштеп чыгат. Сабактын билим берүүчүлук, тарбиялоочулук жана өстүрүп-өнүктүрүүчүлүк милдеттери окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн жана класс |

| | |
|---|---|
| Сабактын максаттары окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө жана класстын мүмкүнчүлүгүнө жараша жетиштүү конкреттештирилбейт. | коллективинин мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен бирдикте, комплекстүү чечилип ишке ашырылат. Сабактын максаттары жана милдеттери так көрсөтүлөт; сабактын бардык элементинин максаттарга баш ийүүчүлүгү орун алат; максаттардын орундалышынын жогорку деңгээли байкалат. |
| *Сабактын окуу материалынын мазмуну*. <br> Мугалим тарабынан кээде теориялык каталыктар, фактыларды бурмалоолор кетирилет; окуу материалынын тарбия берүүчү мүмкүнчүлүктөрү жетишерлик ачылып көрсөтүлбөйт; турмуш менен жасалма байланыштыруучулук орун алат, жалпылоочу корутундуну жасоонун ордуна айрым фактыларга жана кубулуштарга убакыт көп сарп кылынат; кээде сабактын мазмуну анын максаттарына туура келбейт; таяныч билимдерди аныктап алып аларды актуалдаштыруу (жаңыны түшүндүрүүгө пайдалануу) жок; окуу материалынын мазмунунда перспективдүү жана уланмалык, предметтик ички жана предметтер аралык байланыштар жетишсиз аныкталат. | *Сабактын окуу материалынын мазмуну*. <br> Мугалим окуу материалын эң мыкты билет. Сабактын мазмунуна коюлуучу дидактикалык талаптар (максаттарга баш ийүүчүлүк; программалык талаптарга жооп берүүчүлүк; башкыларды, өзөктүү-негизгилерди ажыратып көрсөтүүчүлүк; жеткиликтүүлүк; мазмундагы ар түрлүү өз ара байланыштарды (теория менен практиканын, уланмалык менен перспективалык, предметтик ички жана предметтер аралык) ишке ашыруу. <br> Окуу материалы көбүнчө ири блоктор менен өтүлөт; материалдын мазмуну боюнча корутунду чыгарууга жана жалпылоолорго өзгөчө көңүл бурулат; таяныч билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр аныкталып актуалдаштырылат. |
| *Окутуунун методдору жана формалары.* <br> Сабактын максаттары жана милдеттери, материалдын мазмуну окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрү ар кандай болушуна карабастан окутуунун көнүмүш болуп калган методдорунун жана формаларынын белгилүү стереотибин пайдаланууга | *Окутуунун методдору жана формалары.* <br> Окутуунун методдору жана формалары мында сабактын максаттары орундалгандай болуп аныкталат. Мугалим менен окуучунун өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн көп кырлуу формаларына артыкчылык берилет. Окутуунун топ, тайпалык |

| | |
|---|---|
| артыкчылык берилет. Окутуунун репродуктивдик методдору көп пайдаланылат. *Окутуунун методдору жана формалары:* «уктуң, көрдүң, эстеп калдың, кайталап айтып бересиң» деген схемада окутулгудай болуп тандалып алынат. Начар окугандарга жана даярдыгы абдан жогору болгон окуучуларга дифферендиалдуу мамиле жасоо жокко эсе. | формаларына, окутууну түгөйлөштүрүп иштетүү жана башка активдүү формаларда өткөрүүгө көп көңүл бурулат. Окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен максималдуу билим берүүгө, тарбиялоого жана өстүрүп-өнүктүрүүгө керектүү шарттар түзүлөт; начар окугандарга жана даярдыгы эң мыкты окуучуларга дифференциалдуу мамиле жасоо камсыз кылынат. Демек, негизги элементтерине (максаттарына, мазмунуна, методдоруна жана окутуу формаларына) инновациялык технология киргизилген сабак инновациялык сабак деп аталат. |

Демек, бул жерде традициялык сабак менен инновациялык сабактын артыкчылык жана кемчиликтерин көрсөтүүгө аракеттендик, көрсө, интерактивдүү окутуу коллективдүү (мугалим - класстагы окуучулар), группалык (окуучу - окуучулар), жекече (окуучу - репетитор; окуучу – окуучу; окуучу - окутуучу;) ж. б. формада болушу ыктымалдыгы жана бардык учурда окуучу сөзсүз окутуу процессинин объектиси гана эмес субъектиси да болуп кызмат өтөй тургандыгы башкача айтканда, окуучу жалаң эле окуучулук кылбастан, окутуучулук милдетти да аткара тургандыгы айкындалды. Андай болсо биз жогоруда белгилеп өткөн окутуунун методдорунун кайсынысында интерактивдүү окутуу орун алат? − деген суроого жооп издегенде

**1.** *Түшүндүрүп-иллюстрациялоо методу* менен иштөөдө интерактивдүү окутуу жок, бирок жогоруда биз мисалга алгандай интерактивдүү ыкмаларды кошуп пайдаланып өтсө натыйжалуу болот.

**2.** *Репродуктивдик метод* менен иштөөдө да ал жок.

**3.** *Изденүү методу* менен иштөөдө интерактивдүү окутуу бар.

**4.** *Изилдөө-чыгармачылык методу* менен иштөөдө (эгерде изилдөө

жумушун окуучулардын тобу аткарса, анда интерактивдүү окутуу бар, ал эми изилдөөнү ар бир окуучу жеке өзүнчө жүргүзсө, анда интерактивдүү окутуу жок).

**5.** *Окуу материалын проблемалуу баяндоо методу* менен иштөөдө да түшүнүктүн толук маанисинде алып караганда, интерактивдүү окутуу жокко эсе, экендиги байкалды. Ошондуктан, эпосту окутууда инсандыкка багыттап окутуу башкача айтканда ар бир мектеп окуучусунун жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутуу да натыйжалуу.

Билим берүү азыркы кезде кризиске туш келүүдө. Анын кризистик абалын эмнеден көрүүгө болот?

Анткени, инсандыкка багыттап окутуу сабагынын негизги идеясы өтүлүп-каралып жаткан тема боюнча окуучулардын субъектик (таанып билүүчүлүк) тажрыйбасынын мазмунун ачып, аныктап, аны үйрөнүлүүчү билим менен байланыштырып, туура келтирип, тиешелүү илимий мазмунга өткөрүү жана ошонун негизинде материалдын өздөштүрүлүшүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Ал үчүн жекече жана топтук тапшырмалар иштөө керек. Маселен, 11-класстын 4-чейрегинде «Манас» эпосунун сюжети: негизги өзөк окуялары, башкы образдар, эпостун негизги идеясы жана адеп-ыймандык маани-маңызы» деген темага болгону бир саат берилген. Бир сааттын ичинде жогорудагы теманы ишибиздин максатына ылайык түшүндүрүп берүүгө дегеле мүмкүн эмес. Ошондуктан, бул теманы окутууда классты топторго бөлүү менен максатка жетүүгө болот. Бир топко «Манас» эпосундагы «негизги өзөк окуяларда жамааттык сезимдердин чагылышы», экинчи топко «Эпостогу негизги каармандардын образдарындагы жамааттык сезимдер», үчүнчү тобуна «эпостун негизги идеясында чагылган жамааттык сезимдер», төртүнчү топко «Эпостогу адеп-ыймандын маани-маңызы-кыргыз жамаатынын сезимдеринин натыйжасы» деген теманы берип, 1-топ лекторлор, 2-топ сүрөтчүлөр, 3-топ окуучулар, 4-топ жазуучулардын ролдоруна кирип түшүндүрүп берүүгө мугалим тарабынан көрсөтмө багыт берилет. Берилген убакыт бүткөндөн кийин ар бир топ өздөрүнүн ролдорун

аткарууга киришет.

1-топ Бизге «Манас» эпосундагы негизги өзөк окуяларда жамааттык сезимдердин чагылышы деген тема бөлүнгөн 1-лектор өз сөзүндө эпос негизинен 70тен ашык манасчылардын варианттарында тең негизги беш өзөк окуялардан турат. Алар 1-Манастын төрөлүшү жана балалык чагы. Анда кытайлардын «Сары-Колдогу» кыргыздарга чабуул жасап, анын каны Ороздуну өлтүрүп 8 уулун 8 жакка таратып бөлөт. Ошондо 40 үйлүү кыргыз-жамаатты Алтайга 6 өгүз, 1 качыр, 6 эчки, 3 уй менен айдайт. 6 айда Алтайга араң жетишет.

Айдалып барган кырк үйлүү
Баштыгы Жакып, Акбалта
Кырк үйлүү кыргыз курган журт
Саанчы кирип, сүт ичип,
Минтип жанып бакты эми,
Антип жаным бакты эми.
Кара калмак, манжуудан
Эчкинин тоңгон майын жеп,
Эбин таап кысыр тайын жеп
Минтип жанын бакты эми.
Эптеп өлбөстүн күнүн көрүшөт [103,73]
Кыйналып жүргөндө Акбалта өз журтуна:
Капанын баарын чачалы
Кайгырсак кыргыз табылбайт
Алтындын кенин казалы

Кетмендеп жерди оёлу – деп элин жамааттык эмгек кылууга үндөп, кара калмак манжуу журт, бул аштык билбес эл экен» - деп өз жамаатын эмгек кылууга үндөп, баарысы кызматка кирип, алтын кенин казышып, казып алган алтынын, төрт түлүк малга сатышып, эгин айдап, жай болуп, эсепсиз кыргыз бай болуп, Ак буудай данын чайнашып, эшигинин алдына, алтыдан тулпар байлашып, айдап алган эгинин койго сатышып, табагын тайга

сатышып, жан аябай жарышып, сан кара күтүп бай болуп, байышкандыгынан Акбалтанын ошондой кыйын күндөрдө өз элине жамаатына туура акыл айтып, кайрат берген акылга дыйкан даанышмандык сезимдерин ачык көрөбүз. Акбалтанын бул өзгөчө мүнөзүн, касиеттерин Манас өзгөчө баалагандыгын ага кыргыз, калмак, манжуга баш болууга кылган сунушунан да көрөбүз-деп бүтүргөн. 1-лектордун оюн экинчи лектор улап эпостогу 1-өзөк окуя- Манастын туулушу жана балалык чагы тууралу баян этип, баатырдын төрөлүшүнө чейин Жакып менен Чыйырдынын бала тилеп, барбаган сыйынбаган жерлери калбагандыгын акырында кудай тилектерин берип аян-түш аркылуу кыргыз жамаатына күн тийип баатырдын кереметтүү белгилер менен төрөлүшү. Кыргыз элинин эзелтеден келе жаткан салты боюнча ат коюлушу, аяндуу дубана тууралуу баяндап берет. 3-лектор 2-өзөк окуя –Манастын алгачкы эрдиги боюнча 8ге чыкканда 40 бала топтоп, калмактын 80 баласы 40 баланын жалынганына карабай токмоктой баштаганда 2 калмак баланы өлтүрүп, калганын урушу, 2-эрдигинде Жакыптын жылкыларын Алтайлык калмактар айдап кетип жатканда башчысы Кортукту өлтүрүп салат. Кун кууп 300 манжу, 400 калмак, топтолуп, эки жаат урушуп баштаганда өлгөн Кортуктун баласы Шакум өз элин сактап калуу үчүн Жакыптын алдына келип кечирим сурайт. Кыргыздарга кошулушат. Шакум манжуларга хан шайланат. Өлгөндөргө Жакып мал-мүлкүнөн бөлүп берет. 3-эрдигине Эсенкан жиберген соодагер тыңчылар менен болгон согушу, 4-эрдигине Нескаранын 6 миң аскери менен болгон согушу, 5-эрдигине он бир дуу-дуу (11хандыктын башчы балбандары) менен болгон согушу кирет. Ушул беш эрдигинен кийин Манасты хан шайлашат. Бул жерде Манас хандык даражага өзүнүн ички психологиясындагы тайманбастыгы, адилетсиздик менен келише албастыгы, өз жамаатынын биримдиги, жакшы жашоосу үчүн жан аябаган сезимдерин жашоодо адилеттик үчүн күрөштө көрсөтө алган эрдиги үчүн жетти. Баатырдагы бул мүнөздүк сапаттар бизди да эрктүү, адилеттүү, намыскөй болууга тарбиялайт-деп бүтүрөт өз сөзүн.

3-лектор 3-өзөк окуя «Манастын Каныкейге үйлөнүшүндөгү эркек балага кыз издөө, жуучу түшүү, калың берүү, той өткөрүү салттарынын эпосто Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевде да кеңири, өзгөчө Сагымбай Орозбаковдо өтө кенен сүрөттөлгөн.

Кыргыз эли жашап турганда бул улуттук улуу каада салттар элибиздин аруу сезиминде түбөлүккө сакталып, урпактардан урпактарга улана берүүсү жалпы биз жаш муундар ал салтты улап сактоо парзыбыз болуп эсептелет деп өз оюн жыйынтыктаган.

4-лектор Эпостогу өзөк окуя «Көкөктөйдүн ашы» боюнча окуучулар баяндама жасашып, анда Көкөтөй 84кө чыкканча көп катын алып, арманы калбаганын, алардан 11 кыз, Бокмурун деген жалгыз уулдуу болгонун, жалгыз уулун ырымдап, киши көзүнө түшпөгөн, адам көөнүнө албаган ат койгонун, ага ар кимдин эскисин кийгизип чоңойтконун ошондой бир күндөрдө ооруп калгандыгын баяндап, өлөөрүн билген карыя жакшы көргөн беш аялын, жакшы көргөн байдын уулу Баймырзаны жанына алып керээзин айтат-дейт. Көкөтөйдү керээзи боюнча түрк балдарына, өзгөчө Манаска, казак ханы эр Көкчөгө кабар айттырат. 36 күндөн кийин кеч уккан келип 40 ашына карашат. Ашта ар кандай оюн-зоок болот. Жолой менен Кошой ошол ашта күрөшкө түшүп, Жолой жеңилет.

13 хан Көкөтөйдүн ашында Манаска каршы жоболоңду баштамак болгондо акылман Кошой аларды сөзү менен тизгиндейт.

7 хан Кошойдун тилин алып Манаска катылбас үчүн сөз беришет. Береги 6 хандын жөн жүрбөсүн сезген хан Кошой ичтен тынып улуктугун билдирип, аларды бирден өргөөгө киргизип коноктоп, тай союп, кымыз арагын тартып нарк менен тосот.

Кетээрде 6 хан жыйын куруп Көкөтөйдүн ашында Манаска наараазы кегин башташканда Эр Үрбү –Манасты асили күрөшүп жеңе албайбыз, ага дарманыбыз жок. Андан көрө ала көөдөн Манаска айталы; «Кыргыз кыргыз болгону качанга дейре качып, коргонуп өтөбүз» дешип көптөгөн айла – амалдарды жасашат, бирок чоң казатта дагы эле Манас баштаган кыргыздар

жеңишет. Ошондо ал хандыктар баары бир эч бири Манаска тең келе албасын түшүнүшөт –деп жыйынтыктайт.

5-лектор «5-өзөк окуя Көз камандар окуясы» «Манас» бөлүмүнүн кульминациясы. Кыргыздар туш-тушка тараганда Ногойдун Үсөн деген баласы Жууша деген жердеги «Дөнгө» деген айылга 24 жашында келип жашап калат. Ал чоңоюп, үйлөнүп, андан Чагалдай, Арбалдай, Дөргөлдөй, Агалдай, Бегалдай, Тоголдой деген 6 уулдуу болот. Убакыттын өтүшү Үсөндүн аты унутулуп калмактардын арасында жашагандыктан калмакча Көзкаман деген атка конуп кетет. Үсөн-Көзкаман 74 жашка чыкканда иниси Жакыптын уулу Манастын кабарын угуп, жөө жалаңдап жүрүп Алтайга көчүп келет. Аларга Манас үй жай, энчи бөлүп берет. Сагымбай Орозбаковдо Манастын келе жатканын уккан Көз камандар өз ара бычакташып өлүшөт. «Көзкамандарга бычакташкан» деген сөз ушундан калган дешет. Эпосто Манас элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн элдик баатыр болгондуктан, ага каршы турган адамдар жеке Манаска эмес элдин эркиндигине биримдигине каршы күрөшүүчүлөр коркунучтуу душман катары кабылданат. Ошондуктан алардын ички жан дүйнөсүндөгү чыккынчылык сезими бизди иренжитип ага каршы болууга бизди тарбиялайт-деп бүтүрөт өзүнүн сөзүн 5-лектор.

Ал эми «Сүрөтчүлөр» болгон 2-топ эпостогу башкы каармандар Манас, Бакай, Жакып, Алмамбет, Көкчө, Каныкей жана башкалардын сүрөттөрүн тартып алардын ар биринин образындагы жамааттык сезимди эпостогу окуялардан үзүндүлөрдү келтирүү менен далилдешти.

3-топ «Окуучулардын» ролуна кирип эпостун сюжеттеги мазмунунан алынган 7 идеяны төмөндөгүчө презентациялашты.

Улуу эпостун ички мазмунунда улуттун биримдиги алдыңкы планда сүрөттөлүп, анда кыргыз элинин түзүмү ар кандай кыйынчылык болбосун бир жамаатка биригип, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып «Улуттун биримдигин» сактап келишкен. Бул идеяны Бакай ар дайым Манаска: Бөлүнсөң бөрү жеп кетет. Бөлүнүп калды кыргыз деп, Бөлөк элге кеп кетет. Жарылсаң ууру алуучу, жарылып калды кыргыздын, жаманатты кылуучу»-

деп эскертип келген. Анын натыйжасына Манастын балалык кезиндеги алты эрдиги ага күбө. Ал эми эпостогу «Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтыкты бекемдөө» идеясында жогоруда белгилеп өткөнүбүздөй кыргыз жамааты ар кандай уруулардан турган менен баары ынтымакта жашашкандыгы, алардын кантип Манаска кошулушкандыгын «Лектордун» баяндамасынан көрдүк. Кортуктун баласы Мажик манжулуктарга хан шайлангандан кийин алардан чыккан чыгаан Маңгул, Күлдүр, Жайсаң уулу Чаган Манаска кошулушуп:

Өлүп калсак кырылып,

Бир чуңкурга тололук.

Тирүү болсок жыйылып,

Бир дөбөдө бололук-дешип ант беришип, шерттешип ынтымактуу бир элге айланышынан жамааттык сезимдин күчтүү улуу сезимге айлангандыгын көрдүк. Мындай күчтүү сезим Кытай баатыры Догондун аскерине каршы күрөштөн да көрүнөт. Демек, мындан «Эр достугу-эгиз, эл достугу –деңиз»-деген накыл сөз элибизде бекер жеринен чыкпагандыгына жогоруда биз келтирип өткөн мисалдар далил.

Эпостогу дагы бир идея «Улуттук ар намыс жана патриоттук сезим». Ар-намыс – ар бир инсандын жүрүш-турушу, адат-сапаты, жорук-жосуну, тарбиялык деңгээли, мүнөзү, ички-сырткы адамдык касиети, абийирин таза сактоосу булганыч, бузуку, пас, терс ишке барбоосу, адамгерчиликтен чыкпоосу, адамдык кадыр-баркын кетирбөөсү аталат. Ушул мүнөздүк касиеттердин бардыгы атуулдук түшүнүгүнө өтүп, ал жалпы элге, жамаатка пайда келтирип, кызмат кылууга түрткү болсо анда патриоттук ар намыска айланат, Мындай мүнөздөгү ар намыс, патриоттук улуу сезим Манаста Ала-Тоону кытайлардан бошотуу үчүн жолго аттанаарда айткан:

Атадан не үчүн тууламын,

Аманат жаным чыкканча.

Намыс жолун кубамын!

Атамдан калган жеримди

Алдырып коюп Кытайга

Аңкайып кантип турамын (Саякбай Каралаев Манас) же

«Көкөтөйдүн ашында» эптеп Манаска тийише албай Бокмурунду Мааникер атыңды бер, болбосо элиңди чаап жок кылам деп зордогон. Коңурбайдын бул кылыгы кыргыздарды басмырлап, кордогондук деп Манас Кошойго;

Аттигине абаке,

Акылыңыз канаке?

Мааникер берем дегиче,

Манасты өлдү десеңчи!

Күлпөңүм күндөй турганда,

Күлүгүм кантип берейин.

Күчөгөн экен бул чочко

Күрпөңдөшүп көрөйүн!- деп, бүткүл кыргыз элинин намысы үчүн кытайларга каршы чыгат. Коңурбай күрөштө жеңилгенден кийин өз кемчилигин сезип Манаска ат тартуулашып кечирим сурашат:

Алтымыш жаң-жуң баарысы,

Кылкара атып кыйдырып,

Астына тартуу кылышты.

Ат алам деп пат берип,

Абийири кетип калышты

Абыдан кетти намысы.

Мындай ар намыс улуу патриоттук сезим Кошой, Бакай, Алмамбет, Каныкей жана 40 чородо да күчтүү. Аны эпостун мазмунунан билебиз.

«Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр, билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу» идеясы эпосто өзгөчө эмгек темасында өтө күчтүү. Анткени Алтайга айдалганда эч нерсеси жок кыргыздар эмгек кылып, жер айдашып, алтын казышып «бай» атакка конушса, Манас да 8 жашынан козу, 12-13 жашынан жылкы багат. Бул жамааттын мындай иш-аракети аларда бакубат жашоого, түгөнбөс байлыкка, эл суктанган мансапка, бакытка жетүүгө

кажыбас эмгек гана жеткирет деген сезимдин күчтүүлүгү негиз болгондугун көрөбүз. Ошондой эле Манасты баш кылып 40 чоросуна чейин кийминен баштап курал жарагына чейин камдап берген Каныкейдин чаалыкпас эмгегин, өнөрүн мисалга келтирсек болот. Мындай өнөр куштун учканы менен конгонун көрбөй туруп билген, ар кандай түскө кубула алган, 60 уруунун тилин билген- Ажыбайды, тил билги чечен, төлгөчү –Каратөлөктү, караңгыда жол жүрсө изинен тайбаган –Шутуну, душмандардан сактануу үчүн 99 дубаны окуп жеңишке жетишкен-Алмамбетти, оозунан ыры төгүлгөн Жайсаңды кошсок болот. Муну менен биз эмгек, билим, өнөр бири-бири менен жуурулушуп, бекемделгенде гана бакубат жашоого жетебиз деген ишенич, бийик идея жана бийик сезимге эгедер кылды деп айта алабыз.

Ал эми «Гумандуулук, айкөлдүк, кечиримдүүлүк идеясында» Манас баш болгон кыргыздар өздөрү согуш ачпаса, дайыма коргонуу аракетинде болушун, согуштан кийин ар уруу эл-жамаат бытырабастан кайра биригип, жеңилген эл да өздөрүнчө кала берген. Алар душман болсо да «согуштан артык сойбоңор, бүгүн душман, эртең эл, бүлүндүрүп койбоңор»- деп талоончу, зордукчулукту тыйып, «катын кызга катылба, жолго зыян болот» - деп, улуусу жашын тыйып, жашы улуунун сөзүн угуп, аны сыйлап, жол көрсөткөндүн багытына түшүп, баатырлары баатырдын нарк-насилди катуу сактап, согуштук аракеттерди адилеттүү, гумандуу жүргүзүп, айкөлдүк, кечиримдүүлүгүн көрсөткөндүгү эпосубуздун сюжеттик өзөгүнөн көрөбүз. Мисалы ага «Чоң казат» окуясы, Коңурбайдын чыккынчылыгы, ал эми айкөлдүккө, Чыйырдынын Кошой Жолойду жыкканда, ат чабышта Аккула чыкканда Каныкейдин байгелерди жетим-жесирлерге, жете таратып бергендиги жөнөкөй боорукердик эмес, гумандуулуктун, адамгерчиликтин, айкөлдүктүн, кечиримдүүлүктүн белгилери десек болот.

Эпостогу «Табигат менен таттуу мамиледе болуу» идеясы да бизди кайдыгер калтырбайт. Анткени кыргыздар байыртадан көчмөн калк болгондуктан, алардын жашоосу табигат менен тыгыз байланышта болуп, аны сүйүп, аздектеп ыйык тута билген эл болгондуктан, табигат менен жаны

бирге элбиз. Табигаттын көрүнүшүн анын жашоого ыңгайлуулугун чагылдыруу ар бир бөлүктө кайсы Манасчыда болбосун кенен сүрөттөлөт. Мисалы, Ала –Тоого көчүп келгенде кыргыздардын анын көрүнүшүнө суктангандыгын:

Будурунда Бугу бар,
Теңиринде Теке бар,
Тоосунда кары бар,
Токтогондо чары бар,

Жан күткөндүн баары бар- деп сүрөттөлөт. Ошондуктан ар бирибиз ушундай кооз Ала-Тообузду сактап, анын улуулугун байкап, ага ошондой керемет сезим менен мамиле кылууга милдеттүүбүз.

Ал эпостогу «Кыргыз мамлекетин көздүн карегиндей сактоо» деген идея аркылуу ар бирибиз өз мамлекетибиздин улуттук дараметин чыңдап, уюмдашкан ынтымакты бекемдөө менен аны чыңдоо аркылуу мамлекетибизди көздүн карегиндей сактай турганыбызга көзүбүз жетти. Ошондуктан «Манас» эпосунун мазмунунан алынган бул идеялар-эл камын көрүү, элге кызмат кылуу, өз эл, жерин көздүн карегиндей сактоого тарбиялаган көөнөрбөс сезимдеги элдик мурастардан болуп саналарын тааный билдик деп көз караштарын презентациялашты.

4-топ «Жазуучулук» ролго кирип, эпостун сюжети боюнча эсселерин окуп беришти. Баткен областтык гимназия жатак-мектебинен Айзат аттуу кыз өзүнүн эссесинде «Манас» эпосу менен терең таанышкандан кийин менин мекенге болгон патриоттук сүйүүм алоолонуп жанды» деп минтип жазып олтурат.

«Дүйнө жүзүнө кыргыздын атын тааныткан – «Манас». дүйнөнү дүңгүрөткөн, дүйнө элин таң калтырган – «Манас». Кыргызды «кыргыз» кылган - «Манас». Дал ушул «Манас» эпосунда кыргыздардын «кыргыз» атынын маңызы катылган.

Кыргыздар үчүн кыйын кезеңде, кыйын маалда, ар бири туш тарапка жан соогалап, ооп, чыркырап качып, каардуу душмандардын аёсуз эзүүсүндө

кыйналганда, Жакыптын уулу Манас, качкын кыргызды тамчылап чогултуп, көлдөй болгон эл кылды. Көздүн карегиндей сактап, жашоосун, пилдикиндей күчүн кыргыз элине, аны коргоого арнады. Баатыр Манассыз, кыргыз эли, азыр өз элин «түндүктөгү» казак дээр эле, «чыгыштагы» кытай дээр эле, «батыштагы» өзбек дээр эле! Жок! Кыргыз эли – кылым кырларын ашкан эл, анын жоголуп кетпөөсүнө баатырыбыздын кошкон салымына миң алкыш! Бул баатыр – кыргыздын баатыры, өчпөс ишеничи, күчү-деми, күч-кубаты, тиреги, асманга тете сыймыгы! Айкөл Манастын көрсөткөн эрдиктери кыргыздын башын бириктирип, кытай, грек тарых барактарында «күчтүү аскер» делип, эскерилген да, андан өтүп, баалуу кендерге бай «Теңир-Тоо», дүйнөнүн эң бир өзгөчө өзөн-суусу бар, жашыл жайыты бар Эне-Сай деген жерлерин жердеген, мекендеген байыркы кыргыз элинин тукумун уланткан. «Манас» эпосу байыркы элдин кылым карыткан тарыхын өзүнө камтыйт.

«Манас» эпосун окуп бүткөнүмдөн соң, мурдагы сыймыктанууларга окшобогон, башкача сыймыктануу сезими пайда болду: кыргыз болгонум үчүн сыймыктандым, ак куудай сулуу, март жана акылдуу-жүйөлүү Каныкей эненин, Айкөл Манас атанын улан-кызы болгонум үчүн сыймыктандым! Бул сыймыктанууну ар бир кыргыз атуулу, улан-кызы сезип, көрүүгө милдеттүү!

Дүйнөнүн сегизинчи керемети – «Манас» эпосу. Тилекке каршы, эпос баракка жазылбагандыктан, Манас-«эпос» болгондугу үчүн, бул пикир ишке ашпады. Арийне, кыргыздардын башы жер карап, капаланды, анткен менен билет, кыргыз кандуу инсан «Манас» эпосунун сыйлуулугун, кадырын, улуулугун, жүрөктөгү ордун, тарыхтагы ордун, Баатыр көрсөткөн эрдиктердин кадырын сезип, туят.

Мына, кыргыз элибиздин бир нече миң жылдык тарыхынын жыйындысы – «Манас» эпосун ар бир эл «өзүнүкү» кыла алууга каршы эмес. «Манас-биздин баатыр» деп, жүзү кызарбаган кошуна элдердин эпостун бир бетин ачып, окубай туруп сүйлөгөнү – жарага туз сепкендей, денеңе чок баскандай, алар жан дүйнөңдү ызага салат, намысына шек келтирет! Кыргыздын тарыхын Манас баатырдын окуяларысыз элестете албаганымдан,

жогорудагы талаш сөздөрдү кулагым чалганда,өзүмдү тарыхы жок белгисиз элдей, кароосуз калгандай сездим – мусаапырдай! Ошондуктан, эгер биз коргобосок, биз – Манастын урпактары тарыхыбызды сактабасак, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, кылыч үзө албас ынтымактуу, душман бөлө албас биримдигибизди чыңдабасак, тарыхыбыздын тамырларын бөлүп, жулуп алууга даяр турган көз арткандар бар!

Эпосто биз түшүндүрө албаган нерселер – мифтер да кездешет,ошол себептүү кээ бири Манас Баатырдын чындыгында жашагандыгына шек келтиришип, ишенбөө сезимдерин билдиришет. Анткен менен мен буга түк макул эмесмин. Эгер эпос жалган болсо, анда кылымдар бою суукка да, жамгырга туруштук берип, урабай турган, Таластагы күмбөз кантип курулган? Качан курулган? бул суроого эпос жооп бере алат: күмбөз Манас Баатырдын атына курулган, ал жамгырга, ылайга аралашкан майдын (эчкинин) шыбалгандыгы үчүн туруштук берип, ураган эмес. «Эпос – жалган!» Эгер жалган болсо, манасчылар неге күн көрүп, не суу ичти?! «Манас» чын окуялардын жыйындысы болгондуктан, анын өз күчү, адамга бериле турган шыгы, кубаты болгондуктан, манасчыда «Манас» айтуу шыгы аян аркылуу берилет да, адам талантын түшүнүп, «Манас» айта баштайт – манасчы болот.(Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, Жусуп Мамай ж.б.)

«Манасты»- «жалган» дегени – тарыхыбызды «жок» дегенге барабар, адамгерчиликке жатпайт да, намысты козгойт, патриоттук сезимиңе шек келтирет!

Ойлосом, ушул сөздөрүмдү мурунку XX кылымдын орто ченинде сүйлөсөм, өз элимди суйгөнүм үчүн, каада – салттарыбызды, кыргыздын тарыхын – «Манас» эпосун сактаганым үчүн, коргогонум үчүн, патриоттук дем менен сүйлөгөнүм үчүн «улутчул» дешсе, макулмун, мен – улутчулмун!

«Манас» эпосунун тарбиялык мааниси – орундуу, таасирдүү. Мында ынтымак, биримдик, патриотизм темалары козголуп, жеке эмес, жалпы элди ойлоого, «мен» эмес «биз» дегенге да үйрөтөт.

Ар дайым алга сүрөп, ураан менен,

Алга уч, кыргызымдын албандары!

Алга уч , Манас Бабам урпактары!»

Бул жерде ар бир окуучунун жана топтун окурмандык табитин, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүп, жогорулатууга басым жасалды.

1-лектор Алмаздын «Манастын туулушу жана балалык чагында» качып тозгон кыргыз жамаатынын эч кандай жамандыктарга моюн сунбаган бекем кайраты эмгекчилдиги, биримдиги кичинекей 40 үйлүү жамааттын ички сезимдерин окуядан көрдүк.

Ал эми 2-лектор Нуртилектин «Манастын алгачкы эрдиктери» деген 2-эпостогу сюжеттик окуядан жаш Манас баштаган 40 баланын эрдиктеринен алардын ички психологиясындагы кайрат, тайманбастык, эр жүрөктүүлүк, ар намыстуулукка толгон сезимдер бир эле кырк үйлүү жамаатты кытайлардан коргобостон, манжу, Алтайлык калмактарды да алардан коргоп калуусуна себепкер болгонун көрдүк. Аларды эпостун өзөк окуяларында катышкан боюнча тартылган каармандар сүрөттөр аркылуу түшүндүрүп беришкенибиз да патриот болууга үндөдү.

3-лектор Баямандын «Манастын Каныкейге үйлөнүшүндө» кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан кудалашуу, калың берүү, той түшүрүү сыяктуу салттары жөрөлгөлөрү менен аткарылат. Каныкей Манаска баш кошкондон тартып анын мүнөзүндөгү асыл сапаттары ачылат. (эпостун 1-бөлүмүндө). Мисалы, Чубактын Букарды kаматканында, Манастын сөөгүн коюуда, көз камандар окуясында, Көкөтөйдүн ашында, Чоң казатта акылмандыгы, кыраакылыгы, сарамжалдуулугу, колунан көөрү төгүлгөн уздугу, алдыда боло турган окуяны көрө билген көзү ачыктыгы, саяпкерлигинин баары Каныкейдин Манастын жардамчысы экенин далилдебестен Алтай журтунун биримдигин ойлоп, ал үчүн Манаска жакындап жардамчы сезимтал образ экенин көрдүк. Ошондуктан Каныкейдин образын биз идеял кылып, анын жамаат үчүн жасаган иштерин сезимибизге уютуп, тарбияланабыз.

Мына ушул жерде мугалимдин ишинин натыйжалуулугу жана сапаты

анын өз ишине: өткөргөн же өткөрүүчү сабагына, тарбиялык ишине психологиялык анализ бере билүүсүнө байланыштуу. Мугалимдин өз сабагын өзү анализдөөсү же анын жетекчи тарабынан анализдениши сабакта пайдаланылган сырткы ыкмаларды жана методдорду кароо менен гана чектелбейт. Сабактын сапатын жана окутууну чындап өркүндөтүү үчүн алардын психологиялык мазмунун терең өздөштүрүү зарылдыгына барып такалат. Ошондой эле дидактикалык методдордун психологиялык маанисин баамдап билүүгө, андан пайдалануунун чараларын белгилөөдө окуучуларга жекече мамиле жасоого жана окуутудагы формалдуулукту болтурбоого мүмкүнчүлүк берет.

Психологиялык негиздөөсүз башка бирөөнүн ыкмаларын туш келгендей пайданалууга умтулуу жакшы методду да жокко чыгарат иштин майнабы текке кетет. Бир эле окуу материалын бирдей метод менен түшүндүрүп өтүү түрдүү класстарда ар түрдүү деңгээлде өздөштүрүлгөндүгүн, ал гана эмес кээ бир окуучулар аны түшүнбөй да кала тургандыгын байкоого болот.

Эгерде мугалим бир жолу жакшы натыйжа берген методдун сырткы жактарына гана кызыга турган болсо, анда ал метод экинчи жолу эч бир маанисиз болуп чыгышы мүмкүн. Ошондуктан тандалып алынган методду колдонуунун психологиялык шарттарын эске алуу мугалимдин ишинин ийгиликтүү болушунун ишенимдүүлүгүн бекемдейт. Дидактикалык анализ менен тыгыз байланышта жүргүзүлгөн психологиялык анализ гана мектеп жетекчисине сабактын сапатын туура аныктап, мугалимдин ишин анын устаттыгынын өркүндөшүн көздөй баарынан мурда тигил же бул педагогикалык кубулушту туура кабылдап башкаруу үчүн, башкача айтканда: окутууну, тарбиялоону кантип жакшыртуу керек, балдарга кандайча жакшы таасир этүү керек, алардын жаратылышындагы жана мамилелериндеги эмнелерди эске алуу керек? − деген суроолорго жооп берүү үчүн пайдаланылат.

**Үчүнчү бап боюнча корутунду**

Бул бап «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчиликтерин жогорулатуунун методикасы деп аталып, «Манас» эпосу боюнча окуу программаларына, окуу китептерине, сабак өтүүдөгү пайдаланылган методдорго анализ жүргүзүлдү.

Окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандырууда «Манас» эпосунун ролун аныктоо үчүн андан ары «окутуу ыкмалары» жана «окутуу эрежелери» деген түшүнүктөр такталды. Окутуу ыкмалары − окутуу методунун өзүнчө бир жагы же курамдык бөлүгү, башкача айтканда, «Метод» жалпы түшүнүгүнө салыштырмалуу жеке түшүнүк катары булардын ортосундагы чек ара − өтө кыймылдуу жана өзгөрмөлүүлүгү кээ бир учурларда метод педагогикалык милдеттерди чечүүдө өз алдынча жол катары чыга тургандыгы, башка учурларда − жеке милдетке ээ ыкма катары чыгышы окутуу эрежелери (дидактикалык эреже) − окутуу процессинин типтүү педагогикалык жагдайында эмне кылуу керектиги жөнүндөгү конкреттүү көрсөтмөлөлөр аныкталган милдетти чечүү үчүн эрежелердин системасы − бул методдун нормативдүү-сүрөттөөчү модели экендиги каралды.

Мектептердин ачылышы менен окутуунун сөздүк методдору пайда болгондугу, мугалим даяр маалыматтарды балдарга айтып берип, алар аны өздөштүрө башташы, жазуунун, андан соң китептин пайда болушу менен билимди белги түрүндө топтоо жана берүү мүмкүнчүлүгү жаралгандыгы, сөз маалыматты алып жүрүүнүн эң башкы каражатына, китеп боюнча окутуу окуучу менен мугалимдин өз ара биргелешкен аракетинин массалык ыкмасына айландыгы жөнүндө маалыматтар берилди. «Манас» эпосунун мазмунун, андагы болуп өткөн окуялар аркылуу кыргыз элинин тарыхын аңдап түшүнүүлөрү үчүн бир нече сабактын пландары көрсөтүлдү. Кыргыз рухунун туу чокусу болгон эпосту мектеп окуучуларына окутуу менен алардын ички жан дүйнөсүндөгү жамааттык жоопкерчиликти ойготууну мугалимдин педагогикалык чеберчилигине жараша ар бир мугалим биз ушул

бапта белгилеп өткөн окутуунун ар кандай методдорун колдонуу менен ишке ашыра тургандыгы белгиленди.

**Жалпы корутунду.**

Жер жүзүн каптаган экологиялык жана адеп-ахлак кризисинин контексинен караганда Кыргызстандагы жеке менчикке негизделген рынок экономикасынын шарттарында жеке кызыкчылыктардын, индивидуалисттик башталмалардын, өзүмчүл умтулуштардын арааны жүрүп, турмушка коммерциялык-прагматикалык, бухгалтериялык мамиле баш көтөрүп, мурдатан келе жаткан салттуу адеп-ахлак, элдик баалуулуктар, чыныгы рухий нарктар арткы планга сүрүлүп отургана реалдуу чындык. Материалдык кызыкчылыктарды туу туткан эгоисттик мүдөөлөрдү аркалаган өзүмчүл багыттагы терс тенденциялар окуучулардын аң сезиминде да, психологиясында да пайда болгондугун атайын социологиялык изилдөөлөр ачып көрсөтүп отурат. Ушундай шартта кыргыз элинин руханиятында илгертен жашап келе жаткан патриоттук, жарандык-атуулдук, коллективисттик менталитетти келечек муундардын жан дүйнөсүнө трансформациялоонун зарылдыгы келип чыгууда. Жарандык-атуулдук, мекенчил духта балдарды социалдаштырууда өлкөбүздүн президенти Садыр Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлыгындагы «коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы, билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий – адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсү» жөнүндөгү идеялар бүгүнкү күндөгү тарбия системасына методологиялык багыттама болуп эсептелет. Биз өзүбүздүн изилдөөбүздө муундарда жамааттык-коомдук, жоопкерчиликтүү ой сезим, түшүнүктөрүн калыптандырууда жана өстүрүүдө Ата Журттун, ак калпак кыргыздын мүдөөлөрүн жана кызыкчылыктарын жогору койгон моралдык-этикалык мазмунга бай, мекенчил, пафосу күчтүү «Манас» эпосун таалим-тарбиянын кубаттуу

фактору катары эсептеп, улуу мурастын этнопедагогикалык потенциялын мектеп окуучуларына ачып берүүнү максат кылдык.

«Манас» эпосунун «чачылганды жыйнаган, үзүлгөндү улаган, жоголгон жокту тапкан, бузулганды кураган, кулаалы жыйып куш кылган, курама жыйып журт кылган», элдин мекендин эркиндиги үчүн каруусун казык, башын токмок кылган мекенчил руханиятын, патриоттук пафосун жарандык-атуулдук, жамаатчыл адеп-ахлактык баалуу мазмунун окуучуларга ачып берүү изилдөөбүздүн чордонун түздү. Манас сабагын окутууда окуу китеби, методикалык колдонмо, окуу хрестоматиясы көрсөтмөлүүлүк, (Манас боюнча кино, театр, мультфильм, аудио-визуалдык куралдар, радио телевидение материалдары, иллюстирациялар, сүрөттөр, фотолор, музыкалык чыгармалар, компакт дискилер ж.б.) сыяктуу каражаттардын комплексин пайдалануу, сынчыл ойлом, мээге чабуул, интерактивдик, эвристикалык иликтөө изилдөөчүлүк усулдары океандай эпосубуздун жогоруда белгиленген руханиятын мектеп окуучуларынын жан дүйнөсүнө трансформациялоодо өзүнүн эффективдүүлүгүн көрсөттү. Окуучулардын жазган эсселеринде алардын рухунда жана аң сезиминде жамааттык, мекенчил жоопкерчиликтери жогорулап өскөндүгү ачык көрүндү. Мүнөздүү мисал катары келтирсек: гимназия мектептен Айзат аттуу кыз өзүнүн эссесинде «Манас сабагы менен терең таанышкандан кийин менин мекенге болгон патриоттук сүйүүм алоолонуп жанды» деп жазып олтурат. Ошондой эле изилдөө процессинде жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент окуучулардын жамааттык жоопкерчилиги 15%- 20% жогорулагандыгын ырастады. Биздин диссертациялык экспериментибиздин маанилүүлүгү өлкөбүздүн окуу-тарбия системасында мындан ары карай өсүп келе жаткан муундарда жамаатчыл, коомчул, мекенчил, патриоттук, коллективисттик-корпоротивдик аң сезимди жана адеп-ахлакты түптөө, калыптандыруу, өстүрүү педагогикалык стратегиясын бекем кармануунун зарылдыгын тастыктаганында жана бул боюнча багыттама берип тургандыгында. Эгерде турмушта орун алып жаткан өзүмчүл, индивидуалисттик, пайдакечтик жалаң

материалдык байлыкка жүгүрүү, өз кызыкчылыгын биринчи планга коюу тенденциясы көзөмөлгө алынбай стихиялуу түрдө өсүп кете бере турган болсо коомдун руханияты жакырланып, рухий маданиятыбыздын дубалынын урап түшүшү толук мүмкүн. Ушундай жагдайды эске алганда президент Садыр Жапаровдун «улуттук нарк» жөнүндөгү жарлыгында кызыл сызык болуп белгиленген улуттук өзөктөрдү, улуттук нарк баалуулуктарды көздүн карегиндей сактоо туурасындагы философиясы өтө актуалдуу.

Диссертацияда изилдөөнүн максатына, милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жалпы корутундуларды чыгардык

**Биринчи милдетте** изилдөө ишибиздин илимий-методикалык маселелерин анализдөөдө орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилин жогорулатуунун педагогикалык негиздерин аныктоого мүмкүнчүлүк алынды. Бул маселени чечүүдө анын илимий- методикалык негиздери аныкталып такталды. Анын натыйжасында максатталган изилдөөлөрүбүздүн илимий-методикалык мазмунуна ылайык чет элдик жана ата мекендик булактарга анализ жүргүзүлдү.

Орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун принциптери, жолдору (методдору) сабактын максат мазмунуна ылайык тандала тургандыгын аныктай, тактай алдык.

**Экинчи милдетте** Азыркы мезгилде орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандыруу үчүн эпостун залкар манасчылары Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианттарын эч болбогондо коомдук Манас академиясы сунуштаган колдонмодогу Советбек Байгазиев иштеп чыккан бириктирилген «Манастын сюжетинин» кара сөз түрүндөгү вариантын окуп чыгуу. Эпостун окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуудагы негизги идея алардын ички психологиясында кыргыз элинин боштондугу, көз карандысыздыгы, эл-жердин бөлүнбөс бүтүндүгү, кыргыз калкынын бirimдиги, элдердин өз ара достугу, Ата-Журтту коргоо, анын бактысы үчүн

күрөшүү, Мекендин чачылганын жыйноо, үзүлгөнүн улоо, жоголгонун табуу, эл-журтка каруунy казык, башты токмок кылып кызмат кылуу жөнүндөгү патриоттук улуу сезимдерин ойготуу жана ал моралдык сапаттарды жан дүйнөлөрүндө калыптандыруу максаты боюнча тажрыйбалар жүргүзүлдү.

**Үчүнчү милдетте** «Манас» эпосун окутуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин калыптандыруу максатын жүзөгө ашырууда ар кандай интерактивдүү сабактар окутууда колдонулуу менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатууну таануунун ишмердигинде ийгиликке жетүү, аны өнүктүрүүнүн компоненттери катары, мотиви, мазмуну, милдети, максаты, принциптери, методу, формасы колдонгон каражаттарынын моделдери иштелип чыгылды.

**Төртүнчү милдетте** Орто мектепте окуган окуучуларга «Манас» эпосун окутуу аркылуу жамааттык жоопкерчилиги күчтүү жаш муундарды тарбиялоонун ал абалы, шарттары, каражаттары окутулуп, үйрөнүлүп анализденди. Белгиленген маселелер атайын эксперименттик тажрыйбадан өткөрүлдү.

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жалпы жыйынтыктар орто мектептерде «Манас» эпосун окутууда окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуу багытында төмөнкүдөй практикалык сунуштарды айтууга негиз берди:

1. «Манас» эпосунун сюжети менен окуучулардын башталгыч класстардан баштап тааныштыра баштоону колго алуу.
2. Эпостун сюжетин тааныштырууда бир гана залкар манасчылар Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдин варианты боюнча түшүнүк бербестен, 70тен ашык манасчылардын варианты боюнча кыскача болсо да маалымат берүүнү ишке ашыруу.
3. Эки залкар же башка манасчылардын эпосторунун сюжетинин кыскача кара сөз түрүндөгү варианттарын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карай иштеп чыгып, өндүрүшкө сунуштоо.

4. Билим берүү системасында окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуунун жардамы менен окуучулардын жамааттык жоопкерчилигин жогорулатуунун методдорун, тапшырмаларынын үлгүлөрүн иштеп чыгып, өндүрүшкө сунуштоону колго алуу.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абакиров К. Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү. Монография [Текст] / К.Абакиров. – Үрүмчү, Шинжаң «Манас» изилдөө борбору, 2016. – 347-348-беттер.
2. Абдылдаев, Э. Об эволюционном развитии эпоса «Манас» [Текст]: Автореферат дис. на соискание учен. степени канд. филол. наук. 10.07.07 / Э.Абдылдаев. – Фрунзе, АН Кирг. ССР. Ин-т языка и литературы, 1967. – 28 с.
3. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э.Абдылдаев. – Ф.: «Илим», 1981. – 264 б.
4. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынан. Сын макалалар [Текст] / Э.Абдылдаев. – Ф.: «Кыргызстан», 1983. – 96 б.
5. 5. Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун историзми [Текст] / Э.Абдылдаев. – Ф.: «Илим», 1987. – 157 б.
6. Абдымомунова, Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо [Текст]: пед. илим. кан. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01. / Г.А.Абдымомунова – Б.: 2009. – 19 б.
7. Абдыразаков А. «Манас таануу» курсунун жаңы программасы [Текст] / А.Абдыразаков // Кутбилим. – 2008. – 11-апр.
8. Абдыракунов Т. Бабалардан калган сөз. Адабий изилдөө [Текст] / Т.Абдыракунов. – Ф.: Адабият, 1990.
9. Абрамзон, С.М. Современное манапство в Киргизии [Текст] / С.М.Абрамзон// Сов. этнография. – 1931. – №3-4
10. Абрамзон, С.М. Очерк культуры киргизского народа. [Текст] /

С.М.Абрамзон– Ф.: 1946. – 123 с.

11. Айтматов Ч. Асман жана сөз // «Манас» Саякбай энциклопедиясы: Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында [Текст] / Ч.Айтамтов. – Б.: «Принт Экспресс. – 2016. – 6-9-бб.
12. Акматалиев А. «Манастын жети осуяты» [Текст]/ А.Акматалиев. - Изб. 2- том. – Б.: Шам, 1998. – 424 б.
13. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт [Текст] / А.Акматалиев. – Б.: Баласагын, 1993. – 220 б.
14. Алымов Б. Мектеп сочинениеси [Текст] / Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1982. – 111 б.
15. Байгазиев С.О. «Манас» эпосу: Каныкейдин улуу махабаты жана анын образынын рухий-адептик, патриоттук сабактары [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2013. – 84 б.
16. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпосунун улуттук жана дүйнөлүк мааниси. [Текст] / С.Байгазиев. –Алтын тамга, 2013.
17. Байгазиев С. Айкөл Манас атанын руханий-ыймандык жана патриоттук улуу өрнөктөрү. [Текст] / С.Байгазиев. – «Билим» басмасы, 2013.
18. Байгазиев С. Манастаануу: Бакай-чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту. [Текст] / С.Байгазиев. –AS Print, 2015
19. Байгазиев С. Кошой даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин улуу өрнөгү. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын Принт, 2015.
20. Байгазиев С. Манас менен Каныкей мекенчилдиктин идеалы жана рухий сулуулуктун улуу өрнөгү. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын Принт, 2015.
21. Байгазиев С. Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын тамга, 2018.
22. Байгазиев С. Манас жана Чыңгыз. – Бишкек, Алтын тамга, 2018.

23. Байгазиев С. Улуу «Манастын» алтын казынасынан жети нуска. [Текст] / С.Байгазиев. – 2019.
24. Байгазиев С. Манас, Бакай, Кошой- Ата журтка жеңиш жана бакыт алып келген жарандык улуу биримдиктин символу. [Текст] / С.Байгазиев. – 2019
25. Байгазиев С. Айкөл Манас Ата журтка кандайча кызмат кылган? [Текст] / С.Байгазиев. -2019
26. Байгазиев С. Улуу «Манас» эпопеясы- дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, 2015
27. Байгазиев С. Кылым таймашы же Кошой баатырдын улутка утуп берген улуу мөөрөйү. [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, 2016
28. Байгазиев С. «Манас» эпосун интерактивдик усул менен окутуу. [Текст] / С.Байгазиев. – Гүлчынар, 2010.
29. Байгазиев С. «Манас» эпосу: тарыхый эстутумга, антиманкурттук рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын тамга, 2012.
30. Байгазиев С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. [Текст] / С.Байгазиев. –Алтын тамга, 2012.
31. Байгазиев С. Бала Манастын инсан катары калыптанышына эмгек тарбиясынын ролу. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын тамга, 2012.
32. Байгазиев С. «Манас таануу» (Кытайда жарык көргөн), коллектив менен бирге жазылган. [Текст] / С.Байгазиев. – 2016-ж.
33. Байгазиев С. Манас таануу – 40 басма табак, [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, 2017.
34. Байгазиев С. Кыргыз этикалык жана этнопедагогикалык асылнарктары. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын тамга, 2019.
35. Байгазиев С. «Манас» эпосунун педагогикасы. [Текст] / С.Байгазиев. – Алтын Принт, 2021.

36. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, идеаялык-даанышмандык, адептик-ыймандык жана жарандык-патриоттук нарктары. [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, 2022.
37. Байгазиев С. «Манастаануу» Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби [Текст] / С.Байгазиев. –Б.: 2022
38. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2014. – 537- б.
39. Байгазиев С. «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуу: абалы, проблемалары, милдеттери [Текст] / С.Байгазиев // Кутбилим, 2011, 1, 21-июнь
40. Байгазиев С. Гумандуу педагогика [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: Алтын тамга, 2006. – 628 б.
41. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / С.Байгазиев, Б.Жээнбеков // Кутбилим, 2010, 20-авг.
42. Байгазиев С. Улуу Манас улутубуздун дил жана тил бешиги [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: Эркин-Тоо, 1995. – 80 б.
43. Байгазиев, С. «Аялзаттын тунугу, ак жоолуктун улугу» Каныкей – АлаТоолук кыздардын руханий-адептик маягы [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2016. –68 б.
44. Байгазиев, С. «Манас» эпосу: тарыхый эстутумга, антимаңкурттук рухка жана мекенчилдикке тарбиялоо [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012
45. Байгазиев, С. «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012. – 64 б.
46. Байгазиев, С. «Манас» эпосунун биримдик, достук, ынтымак жөнүндөгү улуу идеялары – бүгүнкү жарандык тарбиянын тиреги [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012

47. Байгазиев, С. «Манасты» окутуу боюнча айрым методикалык амалдар [Текст] // Байгазиев С. Гумандуу педагогика. – Б.: Алтын тамга, 2006. 433-446
48. Байгазиев, С. «Манастын» ата-эне жөнүндөгү этнопедагогикалык осуяты [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012. - 62 б.
49. Байгазиев, С. Айкөл Манас [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: Текник, 2002. –168 б.
50. Байгазиев, С. Айкөл Манастын адеп-ахлак кодекси. Осуят китеп [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2018. – 144 б.
51. Байгазиев, С. Ак калпак кыргыздын рух дөөлөтү: этика жана этнопедагогика [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2015. – 126-128-беттер
52. Байгазиев, С. Бала Манастын инсан катары калыптанышында эмгек тарбиясынын ролу [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012
53. Байгазиев, С. Балдарга Манас баатыр жөнүндө [Текст] / С.Байгазиев. –Б.: Гүлчынар, 2008. – 164 б.
54. Байгазиев С. Канткенде адам уулу адам болот? [Текст] / С.Байгазиев. – Бишкек, «Алтын тамга» басмасы, 2020-жыл, 276- бет
55. Байгазиев, С. Улутту сактап келген улуу наркты окуталы: «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы [Текст] / С.Байгазиев// Кыргыз туусу, 2012, 8-май
56. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Бекбоев. Б.: 2003
57. Бекбоев, И. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Бекбоев. – Б.: Бийиктик -2011 100-132-б.б.
58. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н. Волков. – М.: Владос, 1999.– 168 с.
59. Волков, Г.Н. Этнопедагогика [Текст] / Г.Н.Волков. – М.: ACADEMA, 2000. – 176 с.
60. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манаса» [Текст] /В.М.Жирмунский. – Ф.: 1948. – 111 с.

61. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос [Текст] / В.М.Жирмунский. – Л.: «Наука», 1974. – 727 с.
62. Ибраимов К. «Манас» эпопеясы – кыргыз элинин рухий феномени // «Манас» Ааламы: манастаануу-фольклортаануу илимий журналы [Текст] / К.Ибраимов. – 2016. – №1. – 130-б.
63. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогическое воззрение народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / А.Э.Измайлов. – М.: Педагогика, 1991. – 256 с.
64. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.
65. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] /К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 250 б.
66. Иманалиев К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору. 9-10-класстар үчүн [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1966
67. Имаралиева Ж.Р. «Манас» эпосун окутуудагы жамаат жана инсан маселеси [Текст] / Ж.Р. Имаралиева // Известия КАО. – Бишкек, 2023. – №1. №1(59), – 71-77-бб.
68. Имаралиева Ж.Р. «Манас» эпосун окутууда окуучуларды толеранттуулукка калыптандыруу [Текст] / Ж.Р. Имаралиева // Вестник БГУ – Бишкек, 2023. –№:3. – 364-367-бб.
69. Имаралиева Ж.Р. «Манас» эпосун окутуунун методдору жана технологиялары [Текст] / Ж.Р. Имаралиева, Б.К. Үкүева // Наука. Образование. Техника. – Ош, 2022. – №3. – 126-133-бб
70. Исаков Б. Манас сабагы. III-XI класстар үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Исаков. – Б.: 1994. – 650 б.
71. Исаков Б. Манастын жети осуяты [Текст] / Б.Исаков. – Б.: 1997
72. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби. 1-бас., [Текст] / Б.Исаков, Ч.Исакова. – Б.: 2002.

73. Ишекеев Н. История изучения кыргызской литуратуры в школах республики и ее акуальные проблемы на соврменном этапе [Текст]: автореф. дисс. док. пед. наук: 13.00.02. / Н.И.Ишекеев – Алматы, 1994. – 45 б.
74. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятынын окуу программаларынын мазмуну жана проблемалары. [Текст] / Н.Ишекеев. − Б.: «Учкун», 2010-ж. 14-15-б.б.
75. Калинин М.И. Избранные статьи. [Текст] / М.Н.Калинин -М., 1955, 106-б.
76. Керимжанова Б. «Манас» эпосунун элдүүлүгү туура чечилүүгө тийиш [Текст] /Б.Керимжанова // Кызыл Кыргызстан, 1952, 5-июнь
77. Краткий педагогический словарь пропагандиста [Текст] / сост: М.А. Колмакова и В.С. Суров: под.общ.ред. М.И. Кондакова, А.С. Вишнякова. –М.:Полигиздат, 1984.-399стр
78. Краткий словарь по философии [Текст] Издательство политический литературы. Москва 1979.-136стр 1982. -142стр.
79. Краткий словарь по научному коммунизму [Текст] Издательство политический литературы. Москва 1989. -145-стр.
80. Кыдыралиев К. Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы [Текст] / К.Кыдыралиев. – Б.: 2010, 488 б.
81. Кыдырбаева Р.З. Эпос «Манас» [Текст]: Генезис. Поэтика. Сказительство / Р.З.Кыдырбаева. – Б., 1996. – 393 с.
82. Кыдырбаева, Р.З. «Манас» эпосун комплекстүү изилдөө маселелери [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Б., 1984.
83. Кыдырбаева, Р.З. Генезис эпоса «Манас» [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: Илим, 1980. – 278 с
84. Кыдырбаева, Р.З. К проблеме традиционного и индивидуального в эпосе «Манас» [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева. – Ф.: Илим, 1967. – 245 с.

85. Кыдырбаева, Р.З. Специфические особенности варианта эпоса «Манас» в сказании М.Чокморова [Текст]/ Р.З.Кыдырбаева // в книге: «Манас» эпосунун варианттары. – Ф.: Илим, 1988. – 157 с.
86. Кырбашев К. «Манас» эпосунун стили [Текст] / К.Кырбашев. – Ф.: «Илим», 1983. – 174 б.
87. Кыргыз адабияты: энциклопедия [Текст] // Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору. Башкы редактор: Ү.Асанов, жооптуу редактор: А.Акматалиев – Б.: 2004. – 408 б.
88. Кыргыз адабиятынын программасы (Жалпы орто билим берүүчү кыргыз мектептеринин V – XI класстары үчүн). Оңдолуп, толукталып 5-басылышы [Текст] Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов. – Б.: «Билим» басма борбору, 2014. – 48 б.
89. Кыргыз адабияты: терминдердин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Түз.: Шериев Ж., Муратов А. – Б.: 1994. – 158 б.
90. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. [Текст] / –Фрунзе, «Илим», 1987. -341-б
91. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. [Текст] «Avrazya press» Б. 2011-ж 850-б
92. Мамбетакунов Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. 2-бас. [Текст] / Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.
93. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 1-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 187- б.
94. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 2-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1986. – 88- б.
95. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 3-китеп. С.Каралаевдин варианты боюнча академиялык басылышы. – Б.: Кыргызстан, 1998. – 787- б.

96. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 1-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 296- б.
97. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 2-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1978. – 799 б.172
98.Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1981. – 666 -б.
99. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 4-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 195 б.
100. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / 1-китеп. С.Каралаевдин варианты б-ча. – Б.: Кыргызстан, 1999. – 187 -б.
101. Манас. Эпос. Биринчи бөлүк. 1-китеп. [Текст] / Кыскартылып бириктирилген вариант [Текст]. – Б.: Кыргыз китеп борбору, 2014. – 80-б.
102. Манас: 1-бөлүк. Тоголок Молдо-Байымбет Абдыракман уулунун варианты [Текст] / Түз.: О.Сооронов. – Б.: Турар, 2013. – 680- б.
103. Манас: С.Каралаевдин варианты боюнча. 1-т. [Текст] / Түз.: А.Жайнакова, А.Акматалиев. – Б.: «Турар», 2010 – 73- б.
104. Манас: Жүсүп Мамай – Manas: Jusup Mamay [Текст] Ж.Мамай. – Үрүмчү, 2014. – 562 б.
105. Манас. Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / С.Орозбаковдун варианты б-ча. – Б.: «Хан-Теңир», 2010. – 1840 б.
106. Манас: Энциклопедия. 1-2-том. [Текст] / – Б.: КЭ, 1995
107. Манас. Сагымбай энциклопедиясы: Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Бийиктик Плюс. – 2015. – 1416 б.
108. Манас. Саякбай энциклопедиясы: Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: «Принт Экспресс. – 2016. – 1260 б.
109. Манас: кыскартылып бириктирилген вараиант. 4 китеп [Текст] – Ф.:1958

110. Манаска карап түздөнөлү [Текст] / Талас районундагы Арал орто мектебинин мугалими Бектур Исаков менен журналист М.Токторовдун маеги // Кутбилим, 2007. – 2-фев.
111. Манастаануу: Жогорку окуу жайлары үчүн программа [Текст] // Түз.: С.Байгазиев, А.Заркунов / китепте: Байгазиев, С. Гумандуу педагогика. – Б.: 2006. – 612-621-бб.
112. Манастаануу: окуу китеби. Мектептер, атайын орто жана жогорку окуу жайлар үчүн окуу китеп [Текст] / Ред кеңеш: Т.Абдырахманов ж.б. – Б.: 2013.– 384 б.
113. «Манас» сөздүгү [Текст] / Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. – Б.: Бийиктик Плюс. – 2015. – 286 б.
114. «Манас» эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы [Текст] //Алиби, 2010. – 3-дек.
115. Молдобаев И.Б. Эпос «Манас» как источник изучения духовной культуры киргизского народа [Текст] / И.Б.Молдобаев. – Ф.: «Илим», 1989. – С. 148.
116. Молдобаев И.Б. Эпос «Манас» как источник по истории государственности кыргызов. – Б.: 2004. – 174 с.
117. Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02 / С.Момуналиев. – Бишкек, 2011. – 34 б.
118. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2008.– 155б.
119. Момуналиев С. Педагогикалык-психологиялык терминдердин сөздүгү [Текст] / С.Момуналиев. – Б.: 2014. – 294-295.
120. Муратов, А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А. Муратов Ж., Шериев, К. Исаков – Бишкек: Айат, 2014. – 392 б.

121. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Турар, 2011. – 604 б.

122. Муратов, А. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар жана табыркалар. 2-китеп [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Айат, 2016. – 240 б.

123. Муратов, А. Кыргыз этнопедагогикасы. Педагогикалык адистик берүүчү жогорку окуу жайларынын студенттери, магистрлери үчүн окуу китеби. I китеп [Текст] / А. Муратов, Б. Тажикова, К. Акматов. – Ош, 2015. – 264 б.

124. Муратов, А. Саякбай Каралаевдин вариантындагы педагогикалык көз караш // «Манас»: Саякбай энциклопедиясы: Академик А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында [Текст] / А. Муратов. – Бишкек. – 2016. – 942-б.

125. Муратов, А.Ж. «Манас» эпосундагы педагогикалык ойлор [Текст] / А. Муратов // «Цивилизациялардын кесилишиндеги – тил, маданият, коомдук аспектилери» [Текст] / А. Муратов. Япония. Цукуба университети, БГУ. –Цукуба, 2014. – Т.I. – 189-192-бб.

126. Муратов, А. «Манас» жана элдик илим: Эл аралык илимий талкуу жыйындын материалдары [Текст] / А. Муратов. – Үрүмчү (Кытай эл республикасы), Шиңжан «Манас» изилдөө борборунун материалдары 21, 2. –174-177-бб.

127. Муратов, А. «Манас» эпосундагы аскерий билимдер // «Жусуп Мамай жана кыргыз элинин манасчылык салты» аттуу илимий-тажрыйбалык жыйындын баяндамалар жана макалалар жыйнагы [Текст] / А. Муратов. –Бишкек, 2016. – 346-351-бб.

128. Муратов, А. «Манас» эпосундагы элдик тарбиялык салттар: К.К. Юдахиндин 125 жылдыгына карата илимий конференциянын материалдары [Текст] / А. Муратов. – ОшМУнун Жарчысы. – 2015. – №4, 3-чыг. – 197-203-бб.

129. Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Турар, 2013. – 554 б.
130. Муратов, А. Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы педагогикалык көз караш // «Манас» Сагымбай энциклопедиясы [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Бийиктик Плюс. – 2015. – 1089-1093-бб.
131. Муратов, А. Сагымбай Орозбаковдун вариантындагы элдик билимдер // «Манас» Сагымбай энциклопедиясы [Текст] / А. Муратов. – Бишкек: Бийиктик Плюс. – 2015. – 1147-1150-бб.
132. Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст] Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редакциясы Фрунзе – 1986 156-бет
133. Педагогическая поддержка ребенка в образовании [Текст] /Под ред. В.А.Сластенина, И.А.Колесниковой. –М.: Академия, 2006.
134. Психологический словар [Текст] «Педагогика» Москва, 1983г. 152-153стр.
135. Рахимова М.Р. Т.В. Панкова, Кыргыз элдик педагогикасы [Текст] / М.Р.Рахимова, Т.В. Панкова, // - Бишкек, 1993
136. Рыскултегин К. Нурмолдо жана биздин таржымалыбыз. Китепте: -Нурмолдо. [Текст] / К. Рыскултегин. –Бишкек, «Учкун», 2003, 540-541-беттер
137. Рожков М. «Развитие самоуправления в детских коллективах» [Текст] / М.Рожков М.-ВЛАДОС, 2002
138. Романов Б. Кыргызстан жаштарынын социалдык бейнеси [Текст] / Романов Б., Исаев К., Сыргабаев С. – Бишкек, 2012, 47-бет
139. Саалиева, Д. «Манас» эпосун окутуу эмнеге муктаж? [Текст] / Д. Саалиева // Мугалимдер газетасы. – 1989. – 3-фев.
140. Саалиева, Д. «Манас» эпосунун текстин үйрөнүү жумуштары [Текст] / Д. Саалиева // Мугалимдер газетасы. – 1990. – 11-май.

141. Саалиева, Д. Мектепте «Манас» эпосун үйрөтүүнүн методикасы [Текст]: пед. илим. канд. дис. автореф.: 13.00.02 / Д.Т. Саалиева. – Бишкек, 1995. – 21 б.
142. Советтик энциклопедиялык сөздүк, [Текст] Кыргыз совет энциклопедиясынын башкы редакциясы Фрунзе – 1985 362-бет
143. Сухомлинский, В.А. Избранные педагогические сочинения [Текст] / А.В. Сухомлинский. – М.: Педагогика, 1979. - Т. 3. -107 с.
144. Сухомлинский, В.А. О Педагогической культуре родителей. Избранные педагогические сочинения [Текст]: в 3 т. / В.А. Сухомлинский. М.:
145. Сухомлинский, В.А. Формирование коммунистических убеждений молодого поколения. [Текст] / В.А. Сухомлинский. –М.:, 1961 – М.:
146. Сухомлинский, В.А. Сердце отдаю детям [Текст] / В.А. Сухомлинский. Киев, 1988. 269 с.
147. Сухомлинский, В.А. Как воспитать настоящего человека [Текст] / В.А. Сухомлинский. // Киев, 1975. 63 с.
148. Түлөгабылов, М. Кыргыз элдик оозеки чыгармалардын балдарга арналган ырлары жана алардын түрлөрү [Текст] / М.Түлөгабылов // Эл агартуу. – 1984. - №12. – 34-40-бб.
149. Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] / М.Түлөгабылов. – Б.: «Мектеп», 1991. – 272 б.
150. Ушинский К.Д. Избранные педагогические произведения [Текст] / К.Д.Ушинский. –М.: 1968. – 557с.
151. Ушинский К.Д. Избранные педагогические сочинения[Текст] / К.Д.Ушинский.– М.:Педагогика, 1988. – 414 с.
152. Ушинский К.Д. Человек как предмет воспитания. Опыт антропологии [Текст] / К.Д.Ушинский. – М.: 1948. – 774 с.

153. Ушинский, К.Д. О народности в общественном воспитании [Текст] / К.Д.Ушинский //Избр. пед. соч.: В 2томах. –т. 1. – М.: Педагогика, 1974. –51- 123 с.
154. Философский словарь, [Текст] / Издательство политический литературы Москва 1972. -181стр.
155. Философский энциклопедический словарь [Текст] / Издательство политический литературы Москва 2001. 214-215стр.
156. Философиялык энциклопедиялык окуу куралы [Текст] / Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору.-Б.: 2004,)
157. Үкүева, Б.К. «Манас таануу» [Текст] / Б.Үкүева Ош: 2013.
158. Үкүева, Б.К. «Манас» таануу [Текст] / Б.К. Үкүева// Бишкек: Полиграфбумресурсы ЖЧК басмаканасы 2017. 106-122-б.
159. Үкүева, Б.К. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору [Текст] / Б.Үкүева // Бишкек, Полираффбумресурсы Б-243-243
160. Этика боюнча сөздүк. [Текст] / Фрунзе. Кыргызстан 1983-ж. 53-бет